Европа Биримдиги тарабынан кошо каржыланат

YOUTH of OSH коомдук бирикмеси

юнисеф ар бир бала үчүн

# БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНӨ ЫҢГАЙЛАШУУДА КЫЙЫНЧЫЛЫК ТАРТКАН БАЛДАРДЫ ИНТЕГРАЦИЯЛОО/РЕИНТЕГРАЦИЯЛОО БОЮНЧА КОЛДОНМО



2025

# *Билим берүү чөйрөсүнө ыңгайлашууда кыйынчылык тарткан балдарды интеграциялоо/реинтеграциялоо боюнча колдонмо*

***Түзүүчүлөр:***

**Дунганова Джамиля Эрнстовна,** логопед, атайын педагог, билим берүүнүн жана психологиянын магистри, И.Арабаев атындагы КМУнун атайын педагогика жана психокоррекция кафедрасынын ага окутуучусу.

**Джороев Ташболот Абдыхайымович,** педагогика илимдеринин кандидаты, ОшМУнун Педагогдордун квалификациясын жогорулатуу институтунун директору.

**Шаршембиева Дамира Нурджановна**, Кыргыз билим берүү академиясынын Көп тилдүү жана инклюзивдүү билим берүү секторунун башчысы.

**Касмалиева Ажара Манасовна,** педагог, андрагогика (чоңдорду окутуу) боюнча тренер, бейформалдуу жана формалдуу окутуу чөйрөсүндөгү адис.

***Рецензенттер:***

**Чжен Ирина Николаевна,** педагогика илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Орус славян университетинин психология кафедрасынын доценти.

**Артыкбаева Гульмира Эрматовна,** КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы РПККЖКДИнин Инновациялык технологиялар борборунун башчысы.

***Психологиялык экспертиза:***

**Асылбаева Перизат,** клиникалык психолог, билим берүүнүн психологиясынын магистри, Европалык транзакттык аналитиктер ассоциациясынын (ЕАТА) мүчөсү, КУУнун докторанты.

**Гендердик экспертиза:**

**Султанова Римма,** гендердик эксперт.

«Билим берүү чөйрөсүнө ыңгайлашууда кыйынчылык тарткан балдарды интеграциялоо/реинтеграциялоо боюнча колдонмосун» иштеп чыгуу жана жарыялоо Европа Биримдигинин (ЕБ) колдоосу менен жана ЮНИСЕФтин ички каражаттары аркылуу ишке ашты. Жарыяланган материалдын мазмунуна «Youth of Osh» коомдук бирикмеси жооп берет, ал ЮНИСЕФ жана ЕБнин көз карашын чагылдырбайт.

**Бишкек 2025**

## МАЗМУНУ

Глоссарий……………………………………………………………………………..…………..…….3

Кириш сөз……………...………………………………………………………………………..……5

Колдонмонун максаты……………………...……………………………………….……..………..……6

Билим берүү чөйрөсүнө ыңгайлашууда кыйынчылык тарткан балдар...………..……….…..……7

Мектептеги инклюзивдүү жана коопсуз чөйрө…..……………………....……….……………….…15

Балдарды билим берүү процессине ийгиликтүү интеграциялоодо педагогдун ролу….....……..24

Буллингге каршы чаралар.....………………………………………………………………………..…35

Билиминде олуттуу боштуктар бар балдарды окуткан мугалимдер үчүн сунуштамалар...…44

Окутууда жекече мамиле. Жекече окутуу программалары (ЖОП)…..………..………..……47

Ата-энелерди маалымдоо жана колдоо……………………..………......………….………55

Жергиликтүү уюмдар менен өнөктөштүк. Мектептин социалдык өнөктөштүгү......…………..56

Корутунду…………………………………….……………………………………………61

Колдонулган адабият……………………......……………………………………………..……..63

**Тиркеме 1.** Э.М. Александровскаянын методикасы боюнча мектепте мигрант баланын социалдык-психологиялык адаптациясын изилдөө схемасы (мугалимдин эксперттик баалоосу)..........................................................................................................................................65

**Тиркеме 2.** «Ата-энелердин эксперттик баалоосу» методикасы боюнча баланын мектепке социалдык-психологиялык адаптациясын изилдөө схемасы......................................................................68

**Тиркеме 3.** Жекече окутуу программасынын үлгүсү (ЖОП) №1...........................................70

ЖОПтун №2 үлгүсү ...........................................................................................................74

ЖОПтун №3 үлгүсү ...........................................................................................................84

**Тиркеме 4.** Социалдык педагог үчүн үйгө барган кезде балдарды текшерүү тизмеси ...............94

## Глоссарий

**Ыңгайлашуу** – бул жүрүм-турум үлгүлөрүн, социалдык ченемдерди жана баалуулуктарды, билимди, көндүмдөрдү өздөштүрүү процесси, булардын баары коомдо (жамаатта) жашоого жана ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берет.

**Коопсуз билим берүү чөйрөсү** – тобокелдиктерди мүмкүн болушунча азайтууга жана билим берүү процессинин катышуучуларынын психологиялык, маалыматтык, физикалык, экологиялык жана башка коопсуздугун камсыз кылууга багытталган чөйрө.

**Гендер** – ар башка жыныстагы адамдардын ээ болгон, социалдык жактан бекитилген жүрүм-туруму; эркектер менен аялдардын ортосундагы мамилелердин социалдык өңүтү, ал жашоонун бардык чөйрөлөрүндө, анын ичинде саясатта, экономикада, укукта, идеологияда жана маданиятта, билим берүүдө жана илимде билинет.

**Гендердик мүнөздөмөлөр** – бул эркектер менен аялдардын жүрүм-турумунан күтүлгөндөргө байланышкан мүнөздөмөлөр. Бул мүнөздөмөлөр тукум куубайт же биологиялык жактан шартталган эмес. Алар тарыхый, көбүрөөк даражада учурдагы саясий жана экономикалык кырдаалга жараша болот, эмгекти бөлүштүрүүгө жана салттуу көрсөтмөлөргө байланыштуу коомдо кабыл алынган социалдык ролдордун натыйжасында пайда болот.

**Гендердик теңчилик** аялдар жана эркектер өз укуктарын жана дараметин толук ишке ашыруу үчүн бирдей шарттарга ээ болгонун, улуттук, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүгө өз салымын кошуп, анын жыйынтыктарынан бирдей пайдалана алаарын билдирет. Азыркы учурда “теңчилик” түшүнүгү тең (бирдей) жыйынтыктарга жетүү үчүн аялдарга жана эркектерге ар кандай мамиле жасоо зарыл экендигин таанышт.

**Гендердик стереотиптер** – белгилүү бир мезгилде ошол коом үчүн эркектер менен аялдардын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө туруктуу сиңип калган түшүнүктөр.

Гендердик стереотиптер аялдар менен эркектер ээ болгон же ээ болууга тийиш касиеттери жана мүнөздөмөлөрү жөнүндө, ошондой эле алар кандай ролдорду аткарып жатканы же аткарышы керектиги тууралуу кеңири жайылган ишеним же бир жактуу пикир. Гендердик стереотиптер эркектер менен аялдардын өз жөндөмдөрүн өркүндөтүүсүн, кесиптик өсүшкө умтулуусун, жашоодо жасаган тандоосун жана пландарды түзүү мүмкүнчүлүгүн чектегенде зыяндуу болот.

**Жекече окутуу программасы (ЖОП)** – билимдеги боштуктарды толтуруу же мектептеги жеке жетишкендиктерди жана ийгиликти колдоо үчүн зарыл болгон академиялык окутуу, колдоо жана кызмат көрсөтүү программасы (багыты) баяндалган документ.

**Жекече окуу планы** – конкреттүү окуучунун өзгөчөлүктөрүн жана билим алуудагы муктаждыктарын эске алуу менен анын мазмунун жекелештирүүнүн негизинде билим берүү программасын өздөштүрүүнү камсыз кылган окуу планы.

**Инклюзия** – англис тилинен которгондо “кошуу” дегенди билдирет.

**Инклюзивдүү билим берүү** – билим алуудагы муктаждыктардын көп түрдүүлүгүн жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен бардык окуучулар үчүн билим алууга бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

**Инклюзивдүү билим берүү чөйрөсү** – билим алууда ар кандай муктаждыктары бар бардык окуучулар өздөрүн ыңгайлуу сезип, билим берүү процессине толук катышкан окуу чөйрөсү.

**Интеграция** – бул жарандын же жарандыгы жок адамдын аны кабыл алган коомдун социалдык, укуктук жана маданий мамилелер системасына толук жана туруктуу мүчөсү катары кошулуу процесси.

**Билим алууда өзгөчө муктаждыктар** – окуучунун муктаждыктары, аларды канааттандырууда атайын шарттарды жана чөйрөнү түзүп, окуп жаткан адамдын мүмкүн болушунча өнүгүүсү жана

билим алуусу үчүн атайын билим берүү кызматтарын көрсөтүү менен атайын билим берүү технологияларын колдонуу талап кылынат.

**Жыныс** – адамдын биологиялык мүнөздөмөсү.

**Реинтеграция** – латын тилинен чыккан сөз, мында “re-” аффикси кайталоо дегенди билдирет. Ал эми “integratio” калыбына келтирүүнү, кайра жаңылоону билдирет.

**Рефлексия** – педагогикалык рефлексия татаал психологиялык кубулушту түшүндүрөт, ал мугалимдин өзүнүн ишине жана анын субъектиси катары өзүнө карата жигердүү изилдөө позициясына кирүү жөндөмү менен билинет, мында мугалим окуучунун инсандыгын өнүктүрүү максатында сынчыл талдоо жасайт, баамдайт жана натыйжалуулукту баалайт.

**Социалдык өнөктөштүк** – макулдашылган социалдык-экономикалык саясатты, эмгек мамилелери жагындагы саясатты аныктоодо жана турмушка ашырууда мамлекеттик органдардын, иш берүүчүлөр бирикмелеринин жана кесиптик бирликтердин эриш-аркак иштешүүсү, ошондой эле иш берүүчүлөр менен кесиптик бирликтердин ортосундагы эки тараптуу мамилелер, мында мамлекет тараптардын өз ара байланышынын параметрлерин аныктайт.

**Мектепке ыңгайлашуу** – бул баланын мектептин шарттарына, анын эрежелерине жана талаптарына көнүү процесси.

**Колдонулган кыскартуулар**

**СЖО** – сергек жашоо образы

**ЖИИ** – жашы жете электердин иштери боюнча инспекция

**КБА** – Кыргыз билим берүү академиясы

**КР** – Кыргыз Республикасы

**КР БИМ** – Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

**КР ЭСКММ** – Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги

**КР ССМ** – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги

**ЧУА** – ченемдик укуктук актылар

**ЖМК** – жалпыга маалымдоо каражаттары

# Кириш сөз

*“Кокусунан төрөлүп калган балдар болбойт... Ар бир бала – жер бетиндеги бир көрүнүш. Ал төрөлүшү керек болгон үчүн бул жарык дүйнөгө келди... Алар дүйнөгө керек болгон үчүн төрөлүштү”.*

Шалва Александрович Амонашвили
“Чамдагыла, балдар, учканды үйрөнөбүз” аттуу китептен үзүндү

***Урматтуу педагогдор!***

*Сиздин классыңызда теңтуштарынан жүрүм-туруму менен айырмаланып турган балдар барбы? Алар башка нерселерге көп алаксыйт, ызы-чуу салып, тапшырмаларды убагында аткарышпайт, колун көтөрүп, суроо бербейт, балдар менен чогуу ойногондон качышат же окууда кыйналышат. Мындай жүрүм-турумга билимдеги айырмачылыктар, интеллектуалдык, сүйлөө же эмоционалдык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү себеп болушу мүмкүн. Бул факторлор жамаатка ыңгайлашууну татаалдаштырышы мүмкүн, бирок ар бир бала ийгиликтүү интеграция болушу үчүн дараметке ээ. Педагогдун милдети – кыйынчылыктарды өз убагында байкап, керектүү колдоо жана жардам көрсөтүү. Балдардын көнүшүп, интеграция болушунда үй-бүлө жана мектеп негизги ролду ойнойт, аларга маданий ченемдерди жана жүрүм-турум эрежелерин үйрөнүүгө жардам берет. Ошол эле маалда педагогдор кыйналган балдарды Кыргыз Республикасынын билим берүү системасына ийгиликтүү интеграциялоо же реинтеграциялоо үчүн алар менен иштөөнүн заманбап усулдарын өздөштүрүүгө тийиш.*

*Бул колдонмо баланын эң маанилүү кызыкчылыктарын камсыз кылуу принцибине негизделген, бул болсо эл аралык жана улуттук укуктук актыларда негизги укуктар болуп саналат. Бардык чечимдердин жана иш-аракеттердин чордонунда бир маанилүү милдет турат: мүмкүнчүлүктөрүнө жана турмуштук шарттарына карабастан ар бир бала өзүнүн дараметин мүмкүн болушунча көрсөтө алган шарттарды түзүп берүү зарыл. Билим берүү процессине интеграциялоо – бул билим алуу укугу гана эмес, бул ошондой эле баланын өнүгүүсүнө, социалдык ыңгайлашуусуна жана психологиялык бакубатчылыгына көмөктөшкөн чөйрөнү түзүү мүмкүнчүлүгү.*

*Бул колдонмо педагогдорго пайдалуу болот деп ишенебиз. Ар бир баланын эң негизги кызыкчылыктарын камсыз кылуу жолунда, бул маанилүү жана ардактуу ишиңизде ийгиликтерди каалайбыз!*

## Колдонмонун максаты

**Бул методикалык колдонмо педагогдорго ар кандай факторлордон улам ыңгайлашууда балдардын кыйынчылыктарын аныктоого жана аларды жеңүүгө көмөк көрсөтүү максатында иштелип чыкты. Колдонмо мындай кыйынчылыктардын белгилерин таанып-билүүгө, ошондой эле окуучуларга өз убагында колдоо көрсөтүү боюнча чараларды даярдап, ишке ашырууга жардам берет.**

**Колдонмодо билим берүү чөйрөсүнө ыңгайлашууда кыйналган балдарды интеграциялоо жана коомго аралаштыруу көйгөйлөрүн чагылдырган материалдар бар. Колдонмодо окуучуларды ийгиликтүү ыңгайлаштырууга багытталган билим берүү процессин уюштуруунун оң тажрыйбасы каралат, ошондой эле балдардын билим берүү мейкиндигине интеграцияланышына көмөктөшүүчү натыйжалуу усулдар, формалар жана технологиялар сунушталат. Мында педагогдор, социалдык педагогдор жана билим берүү уюмдарынын администрациясы үчүн сунуштарга өзгөчө көңүл бурулган.**

**Колдонмо билим берүү чөйрөсүнө ыңгайлашууда кыйынчылык тарткан балдарды интеграциялоонун жана реинтеграциялоонун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган иш-чаралардын комплексин ишке ашырууда педагогдордун кесипкөй компетенцияларын жогорулатууга багытталган.**

Билим берүү чөйрөсүнө ыңгайлашууда кыйынчылык тарткан балдарды, анын ичинде мигрант балдарды, майыптыгы бар жана/же билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар балдарды, ошондой эле куралдуу чыр-чатактар орун алган аймактардан кайтып келген балдарды интеграциялоого жана реинтеграциялоого көмөктөшүүнүн артыкчылыктуу милдеттери Кыргыз Республикасынын негизги ченемдик-укуктук актылары менен жөнгө салынат:

◆ **Кыргыз Республикасынын Конституциясы** жарандарга мекенине тоскоолдуксуз кайтып келүү укугун кепилдейт (51-берене). Бул укук чектелбөөгө тийиш, себеби Баш мыйзам адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу, азайтуучу же чектөөчү ченемдик укуктук актыларды кабыл алууга тыюу салат (20-берене).

◆ **“Тышкы миграция жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы** ар бир жаран Кыргыз Республикасынан чыгууга жана ага кирүүгө укуктуу экендигин, эч ким бул укуктардан ажыратылбашы керектигин белгилейт (39-берене).

◆ **Баланын укуктары жөнүндө конвенцияда** баланын жана анын ата-энесинин эркин жүрүү укугу, муну менен катар каалаган өлкөдөн, анын ичинде өз өлкөсүнөн чыгып кетүү жана ага кайтып келүү укугу каралган, бул үй-бүлөнүн чогуу болуу укугун коргоого көмөктөшөт.

◆ **Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси** турмуштук оор кырдаалда турган балдар деп ата-энесинин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды, мыйзам менен чатагы бар, зомбулуктун курмандыгы болуп саналган балдарды, ошондой эле аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдө жашаган балдарды, чыр-чатактар жана өзгөчө кырдаалдар чөлкөмдөрүндөгү балдарды аныктайт (5-берене).

◆ **Инклюзивдүү билим берүү “Билим берүү жөнүндө мыйзамда”** бекитилген (2023-жылдын 11-августундагы №179), ага ылайык, билим берүү муктаждыктарынын ар түрдүүлүгүн жана жеке мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен бардык билим алуучулар үчүн билим алууга бирдей жеткиликтүүлүк камсыз кылынат.

◆ 2019-жылы кабыл алынган **БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө Конвенциясын ратификациялоо тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамы** мамлекеттик органдарды жана окуу жайларын, анын ичинде билим берүү мекемелеринде инклюзивдүү чөйрө үчүн шарттарды түзүүгө милдеттендирет.

## Билим берүү чөйрөсүнө ыңгайлашууда кыйынчылык тарткан балдар

Балдардын жамааттарында аярлуу абалда турган балдар болушу мүмкүн жана биздин милдет – аларга теңдик, кадыр-барк жана сый-урмат принциптерине негизделген шарттарды камсыз кылуу. Ушул категорияларга кирген балдар таш боор мамилеге, зомбулукка же эксплуатациялоого кабылышы мүмкүн.

**Кайсы балдар аярлуу топко кирет?**

- ✓ майыптыгы бар/билим алууда өзгөчө керектөөлөрү бар балдар;
- ✓ мигрант балдар;
- ✓ эмгек мигранттарынын балдары;
- ✓ мыйзам менен тил табыша албаган балдар;
- ✓ башынан оор күндөрдү өткөргөн, анын ичинде согуш жүрүп жаткан аймактардан кайтып келген балдар;
- ✓ аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдө чоңоюп жаткан балдар;
- ✓ ата-энесинин камкордугусуз калган балдар;
- ✓ катаал мамилеге (зомбулукка) дуушар болгон балдар;
- ✓ балдар эмгегинин эң оор түрлөрүнө тартылган балдар.

Жогоруда саналган топторго кирген айрым балдар мектеп чөйрөсүнө ыңгайлашууда кыйынчылыктарды тартышы ыктымал, себеби жаңы чөйрөгө жана жаңы жамаатка аралашуу алардан олуттуу күч-аракетти талап кылат. Жаңы социалдык шарттар ыңгайлашуу талаптарын коёт, мындай жагдай бала үчүн оңой эмес маселе болуп калышы мүмкүн. Тааныш чөйрөнүн өзгөрүшү адатта санаага батуу жана толкундануу менен коштолот, бул болсо интеграциялоо процессин татаалдаштырышы ыктымал. Жаңы жана көнүмүш эмес шарттарга туш болгон балада коркуу сезими, чөгүү жана психикалык чыңалуу болушу мүмкүн, бул айрым бир учурларда эмоционалдык стресске алып келет.

Төмөндө **жаңы шарттарда балдардын өнүгүүсүнө жана ыңгайлашуусуна таасир этиши мүмкүн факторлор келтирилди:**



**Чөйрө** – бул бала жарык дүйнөгө келгенден баштап аны курчап тургандын баары: ата-энеси, бир туугандары, чоң энеси-чоң атасы, үйдөгү жагдай – башкача айтканда, баланын өнүгүүсү ишке ашкан реалдуу чындык.

Балдардын бакубат өнүгүүсү үчүн анын айланасында жагымдуу шарттарды түзүү маанилүү. Бала өскөн чөйрө өнүгүүнү жайлатышы да, ошол эле кезде анын активдешүүсүнө көмөкчү болушу да ыктымал. Бирок кандай болгон күндө да, чөйрө баланын өнүгүү процессине олуттуу таасирин тийгизет.




Сунушталган пирамида балдардын өнүгүүсү **ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖАНА ФИЗИКАЛЫК КООПСУЗДУК** сыяктуу негизги (биринчи) факторлорго таянарын ачык көрсөтүп турат.

**Баланын коопсуздугу** – бул анын ийгиликтүү психикалык өнүгүүсү камсыз кылынган абал. Бул баланын психикалык да, физикалык да саламаттыгын колдоонун негизги шарттарынын бири.

Балдар мээрим көргөн жана өзүн коопсуз сезген шарттарда тез эле көп нерсени үйрөнүшөт, айрыкча үй-бүлө мүчөлөрү жана башка жакын адамдар менен байланыш түзүп, чогуу ойногон учурларда билимди тез өздөштүрүшөт.

**Балдарда психологиялык коопсуздуктун бузулушу** психоэмоционалдык чыңалууну же стрессти пайда кылышы мүмкүн.

**Стресс (англ. stress – оорчулук, басым, чыңалуу)**. Г. Сельенин баамында, стресс (жалпы ыңгайлашуу синдрому) – бул ар кандай терс таасирлерге жооп катары организмдин адаттан тыш реакциясы. Башкача айтканда, бул коркунуч болгон учурда организмде орун алган өзгөрүүлөрдүн комплекси деп айтууга болот: кандагы адреналиндин деңгээли кескин көтөрүлөт, кан басымы жогорулайт, тамырдын кагышы тездейт, кан тамырлар кеңейт, мээнин жана булчуң аппаратынын активдүүлүгүнүн интенсивдүүлүгү күчөйт, ачкачылык сезими басылат жана 1400гө жакын башка психофизиологиялык өзгөрүүлөр болот. Бул маанисинен алып караганда, стресс жашап кетүү үчүн аппарат катары иштейт. Күчүнө жараша, стресс иш-аракетке оң да, терс да таасирин тийгизиши мүмкүн (ал толугу менен жок болуп кеткенге чейин).[1]

[1] Кутбиддинова, Р. А. Психология стресса (виды стрессовых состояний, диагностика, методы саморегуляции): учебно-методическое пособие / Р. А. Кутбиддинова. – Южно-Сахалинск : СахГУ, 2019. – 124 с.

Балдар кичинекей болгону үчүн алар стресске кабылбайт деп айтылып жүрөт. Чындыгында, балдар стресске кабылышат, бул алардын өнүгүүсүнүн кадыресе жүрүшүн бузушу мүмкүн. Балдардагы жана өспүрүмдөрдөгү стресс жана терс турмуштук окуялар алардын физикалык жана психикалык абалынын начарлашына, өзүн начар сезүүсүнө алып келип, алардын өзүн-өзү башкара билүү жөндөмүн төмөндөтөт.



Балдарда жана өспүрүмдөрдө стресстин белгилерин байкоо оңой эмес, анткен менен аларда стресстин негизги белгилерин бөлүп кароого болот:[2]

| **Баланын жаш курагы** | **Белгилер** |
|---|---|
| **Мектепке бара элек балдар (3-5 жаштагылар)** | - Көп ыйлайт же чыргоо болуп калат<br>- Жүрүм-турумдагы регрессия (бармагын соро баштайт, түнкүсүн төшөккө сиет ж.б.)<br>- Уйкунун бузулушу (уктай албай кыйналат, жаман түш көрөт)<br>- Табиттин өзгөрүшү (тамакты көп же аз жей баштайт)<br>- Бала ата-энесинен алыстабай, таштап кетет деп корко берет<br>- Физикалык белгилер (ашказаны, башы ооруйт) |
| **Кенже мектеп курагындагы балдар (6-10 жаштагылар)** | - Окуусу начарлайт, көңүлүн бир жерге топтой албай кыйналат<br>- Башкалардан обочолонуп, достор менен байланышуудан качат<br>- Маанайы тез өзгөрүп турат, кыжырдануу, ачуулануу пайда болот<br>- Уйкусу бузулат (тынчы жок уктайт, жаман түш көрөт)<br>- Физикалык белгилер (ашказаны, башы ооруйт, көп чарчайт)<br>- Тынчсыздануу жана коркуу сезими жогорулайт |
| **Өспүрүм курак (11-18 жаштагылар)** | - Башкалардан обочолонуп, үй-бүлөсү жана достор менен байланышуудан качат<br>- Жүрүм-турумда өзгөрүүлөр пайда болот: агрессивдүү, ачуулуу болуп, чыр-чатакка жакын боло баштайт<br>- Окуусу начарлайт, окууга болгон кызыгуу жоголот<br>- Табити жана салмагы өзгөрөт (салмак кошот же абдан арыктайт)<br>- Уйкусу бузулат (уктай албай кыйналат же көп уктайт)<br>- Өзүн-өзү баалоодо көйгөйлөр пайда болот (өзүнө ишенбөөчүлүк, депрессиялык маанай)<br>- Тобокелдүү жүрүм-турумга ыктайт (спирт ичимдиктерин ичүү, тамеки тартуу, кооптуу аракеттерге катышуу)<br>- Физикалык белгилер (башы, ичи ооруйт, булчуңдары чыңалат) |

Бул таблица балдардын жаш курагына карап, стресстин белгилерин тезирээк аныктоо үчүн адистер жана ата-энелер үчүн ыңгайлуу багыт көрсөткүч болуп бере алат.

[2] Акарачкова Е.С., Блинов Д.В., Котова О.В., Кадырова Л.Р., Лебедева Д.И., Мельникова И.М. ж.б. Балдардагы стресс: балада адаптациялык резервдерди кантип активдештирүүгө болот. РМЖ. 2018;6(9):45–51. Шилтеме: https://www. rmj.ru/articles/pediatriya/Stress_udetey_kak_aktivirovaty_adaptacionnye_ rezervy_urebenka.

**Балада стресстин пайда болушунун ыктымалдуу себептери[3]:**

- медициналык кийлигишүүлөр, катуу оору, операциялар
- узакка созулган оорулар, олуттуу физикалык жаракаттар
- үй-бүлөдөгү физикалык зомбулук, зомбулуктун күбөсү болушу
- баланын жоголушу, уурдалышы
- тууганынын, досунун катуу оорусу же өлүмү
- баланын жашоосунан жакын адамынын капыстан жок болуп кетиши
- башка жакка көчүү, жаңы мектепке которулуу, тез-тез көчүп-конуу
- баланы асырап алуу
- кырсык
- табият кырсыктары
- согуш: бомбалоо, ок атуулар, эвакуация
- үй-бүлөдө же жамаатта эмоционалдык зомбулуктун шарттарында узак убакыт болуу (кысым, басынтуу, кемсинтүү, четке кагуу)
- агрессивдүү компьютердик оюндарга кызыгуу
- маанилүү витаминдердин жана микроэлементтердин жетишсиздиги (бир катар анализдердин негизинде дарыгер гана аныктай алат)
- башка аймактарга мажбурлап көчүрүү

## Стресстин деңгээлдери

**Позитивдүү стресс** – стресстин бул түрү балдарды (жана чоңдорду) алдыга умтулууга, жогорку жыйынтыктарга жетүүгө түрткү берет. Мектептеги спектаклде ролду аткарууга даярданып жатканда толкунданып, санаага батып, жеңил стресске кабылган балдарды элестетип көрсөңүз, спектакль аяктагандан кийин аларда канааттануу жана сыймыктануу сезими пайда болот.

**Чыдоого болоорлук стресс** – бул олуттуу болушу ыктымал стресс, бирок ошол эле кезде балага колдоо көрсөтүлүп, аны калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгү бар. Жакын адамын жоготуп алуу, катуу оору, жүрөктү жаралаган окуялар, ата-эненин ажырашуусу же табигый кырсыктар чыдоого боолорлук стресстин булагы болушу мүмкүн. Мисалы, ажырашууга бет алган ата-эненин ортосундагы мамилени, алардын чыр-чатагын бала көрүп турат, бирок ата-энеси аны колдоп, кырдаалды түшүндүрүп берип, чыр-чатак азыраак болсо, бул балага эмоционалдык жактан калыбына келүүгө убакыт берет. Чыдоого боло турган стресстин дагы бир мисалы: теңтуштары баланы шылдыңдап, кемсинткени менен, мындай көрүнүш туруктуу болбосо жана бала камкор чоңдордун колдоосуна ээ болсо, мындай стресстин кесепети оор эмес. Эгерде балага туруктуу колдоо көрсөтүлүп турса, үй-бүлөдөгү жоготуу да чыдоого боло турган стресстин мисалы болуп берет. Мындай кырдаалда балдар көңүлүн бир жерде топтой албай, эмоцияларын башкаруу кыйын болушу ыктымал, бирок алар тийиштүү колдоо тапса, ушул абалдан чыгып кетишет.

**Уулуу стресс** – бул чоңдордон, адатта, ата-энесинен колдоо таппаган учурда оор жана узак мөөнөткө созулган стресс. Уулуу стресс бала дайыма физикалык же эмоционалдык жазага, зордук-зомбулукка кабылса, мээрим көрбөсө же таш боор мамилеге туш болгондо, өтө жакыр шартта чоңойсо же депрессия сыяктуу психикалык бузулуулар бар, аракечтердин же баңгилердин үй-бүлөсүндө өссө пайда болушу мүмкүн. Балдарда уулуу стресс мээнин өнүгүшүнө терс таасирин тийгизип, узак мөөнөттүү кесепеттерге алып келиши мүмкүн, анын ичинде окууда кыйналып, коомго көп жакшы аралаша албай, жүрүм-турумуна, дене-бойлук жана психикалык саламаттыгына да терс таасирин тийгизет.[4]

[3] https://www.who.int//news-room/fact-sheets/detail/adolescent-mental-health/?gad_source=1&gclid=CjwKCAjw3624BhBAEiwAkxgTOj9jLoxYPNe53cqiysc5-BoIstV-TDO58lE5xS929DuwIuNgaSzPZBoCnSAQAvD_BwE

[4] http://www.albertafamilywellness.org/brain-development-addiction/positive-tolerable-toxic-stress

Төмөндөгү таблица баланын мектеп чөйрөсүнө ыңгайлашуу процессин баалоодо таянууга боло турган негизги критерийлерди бөлүп кароого мүмкүндүк берет.

| Мектепке ийгиликтүү ыңгайлашуунун белгилери | Мектепке ыңгайлаша албоонун белгилери |
|---|---|
| **Социалдык өз ара аракеттенүүсү:** бала классташтар менен жакшы мамиледе, мектеп жашоосуна жана сабактан тышкаркы иш-чараларга жигердүү катышат. | **Социалдык өз ара аракеттенүүсү:** класс-таштар менен байланыш түзүүдө кыйналат, обочолонот, байланыштан качат. |
| **Эмоционалдык абалы:** эмоционалдык абалы туруктуу, мектепке позитивдүү мамиле жасайт, ашыкча тынчсызданбайт. | **Эмоционалдык абалы:** тынчсыздана берет, стресс абалында жүрөт, мектептен коркот, кыжырданат. |
| **Окууга болгон мотивациясы:** окууга кызыгуусу бар, жаңы нерселерди үйрөнгүсү келет, тапшырмаларды аткарат. | **Окууга болгон мотивациясы:** мектепке баргысы келбейт, үй тапшырмасын аткаруудан качат, окуудагы көрсөткүчтөрү начар. |
| **Жүрүм-туруму:** мектеп эрежелерин сактайт, мугалимдин эскертүүлөрүнө адекваттуу жооп кайтарат, тартиптүү. | **Жүрүм-туруму:** агрессивдүү, түнт, мектеп эрежелерин бузат, мугалимдер же классташтар менен көп чырдашат. |
| **Академиялык жетишкендиктер:** жаш куракка белгиленген ченемдерге шайкеш келет, окууда жакшы жетишкендиктери бар. | **Академиялык жетишкендиктер:** окуудагы көрсөткүчтөр начар, окуу материалдарын өздөштүрүүдө кыйналат, программадан артта калат. |
| **Физикалык абалы:** өзүн жакшы сезет, спорттук иш-чараларга жигердүү катышат, ден соолугу жакшы. | **Физикалык абалы:** тез-тез ооруйт, оорусунун айынан сабактарды көп калтырат, көп кыймылдуу эмес. |
| **Өзүн-өзү уюштуруусу:** өз убактысын туура пландаштыра билет, үй тапшырмасын аткарат. | **Өзүн-өзү уюштуруусу:** унутчаак, ырааттаманы сактоодо жана тапшырмаларды өз убагында аткарууда кыйналат. |
| **Мугалимдер менен болгон мамилеси:** бала мугалимдерге ишенет жана сый мамиле жасайт, мугалимдердин талаптарын аткарат. | **Мугалимдер менен болгон мамилеси:** мугалимдер менен тез-тез чатакташа берет, алардын сын-пикирлерин терс кабыл алат**.** |

## Ыңгайлашуудагы социалдык тоскоолдуктар: стереотиптер, бир жактуулук жана басмырлоо

Балдардын билим берүү чөйрөсүнө ыңгайлашуусу – бул татаал жана көп факторлуу процесс, ал ар кандай тоскоолдуктардан улам олуттуу татаалдашышы мүмкүн. Алардын ичинен окуучулардын эмоционалдык жана социалдык бакубатчылыгына терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон стереотиптерге, жаңылыш көз караштарга жана басмырлоого өзгөчө көңүл буруу зарыл.

**Стереотиптер** (байыркы грек тилинен алынган, мында “стереос” деген сөз “көлөмдүү”, ал эми “типос” деген сөз “из, так” дегенди билдирет) – штамп, клише, ар кандай адамдар жана топтор жөнүндө эч жүйөсүз божомолдорго негизделген ой-пикир. Адатта, стереотиптер адамдардын тышкы келбетине, жынысына, расасына жана этностук таандыктыгына байланыштуу болот. Алар көп терең түшүнбөгөндүн натыйжасында келип чыгат. Адатта, стереотиптештирүүгө биз түшүнбөгөн, алар тууралуу бизде жетиштүү билим болбогон же бизден айырмаланган адамдар же топтор дуушар болушат. Стереотиптерди колдонуу кооптуу, себеби коомдун мүчөлөрүнө өзүнүн чыныгы ыктымалдуу мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүүсүнө жолтоо болуп, аларга өз таланттарын ачып, коомго пайда алып келүүсүнө жол бербей турган тоскоолдуктарды жаратат.

**Кээ бир стереотиптерди талдоонун жана деконструкциялоонун (бузуунун) мисалдары:**

1. ***“Аялдар үчүн башка адамдарга кам көрүү жеңилирээк”***. Бул стереотип салттуу гендердик ролдорго негизделген, ага ылайык кам көрүү жана тарбиялоо аялдардын табигый милдеттери деп эсептелип калган. Чындыгында, башкаларга кам көрүү жөндөмү жыныска карабайт, ал адамдын жеке сапаттарына жана көндүмдөрүнө жараша болот. Эркектер ата жана камкорчулар катары камкор жана ийгиликтүү боло алышат.

2. ***“Эркек балдар жана эркектер көбүрөөк агрессивдүү болушат”***. Бул стереотип агрессия – бул эркектердин тубаса сапаты деп болжолдойт. Анткен менен, агрессивдүү жүрүм-турум көбүнчө биологиялык эмес, социалдык жана маданий факторлор менен шартталат. Эркек балдар да, кыздар да тарбиясына жана чөйрөсүнө жараша ар кандай жүрүм-турумдарды көрсөтө алышат.

3. ***“Кыздар менен аялдар эркектерге баш ийиши керек”***. Бул стереотиптин тамыры патриархалдык коомдорго кетет, анда аялдар эркектерге көз каранды деп эсептелген. Азыркы дүйнөдө мындай ынанымдар эскирип, теңчилик жана адам укуктары принциптерине каршы келет. Бул ынаным аялдардын жеке жана кесипкөй эркиндигин чектейт.

4. ***“Жумушсуздар ичкиликке жакын болот”***. Ичкиликке байланыштуу көйгөйлөр ар кандай факторлордон улам келип чыгышы мүмкүн, анын ичинде – стресс, депрессия же колдоонун жоктугу, бул жумушсуз адамдар менен эле чектелип калбайт. Жумушсуздукка да, ичкиликке да көмөк болчу көптөгөн факторлор бар, бирок бул жумушсуз адамдардын баары ичкиликке жакын же ичкендердин баары жумушсуз дегенди билдирбейт.

5. ***“Жакырлар жалкоо жана сабатсыз болот”***. Кирешенин аздыгынан билимге жана ресурстарга жеткиликтүүлүк чектелүү болгону менен, азыраак акча тапкан адамдар тырышчаак же акылдуу боло албайт дегенди билдирбейт. Көптөгөн адамдар тырышчаактыгынан улам жана өзүнүн акыл-эси менен кыйынчылыктарды жеңип, ийгиликке жетип жатышат.

6. ***“Кыздар сөзсүз турмушка чыгып, бала төрөшү керек”***. Бул стереотип аялдардын чыныгы каалоолорун жана максаттарын көз жаздымында калтырып, аларга жашоодогу белгилүү бир максаттарды таңуулайт. Аялдар коомдун кысымына кабылбастан, жашоодо өз жолун, анын ичинде кесибин, билимин жана жеке мамилелерин өз алдынча тандоого укуктуу.

7. ***“Эркек балдар ыйлабашы керек”***. Ый – бул кайгы, кубаныч, көңүл калуу, коркуу же ачуулануу сыяктуу күчтүү эмоцияларга карата адамдын кадыресе реакциясы. Эркек балдар да кыздар сыяктуу эле бул эмоциялардын баарын сезе алышат, мындан улам ыйлай алышат. Ый ошондой эле эмоционалдык өнүгүү процессинин бир бөлүгү болуп саналат. Балдар сезимдерин баамдап, аларды башкарганды үйрөнө баштаганда ыйлашы мүмкүн.

8. ***“Майыптыгы бар балдар баңгилерден, аракечтерден төрөлөт”***. Майыптыкка ар кандай факторлор, анын ичинде генетикалык, медициналык жана экологиялык факторлор себеп болушу ыктымал.

Ошентип, жогорудагы мисалдарда келтирилген стереотиптерди талдоо жана деконструкциялоо адамдардын жүрүм-турумуна жана шарттарына таасирин тийгизген чыныгы факторлор жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу коомдук пикирди өзгөртүүгө жана колдоочу чөйрөнү түзүүгө жардам берерин көрсөттү. Стереотиптерди бузуу – адилеттүү, инклюзивдүү жана түшүнүктүү коомду түзүү үчүн маанилүү кадам. Адамдын тажрыйбасынын татаалдыгын түшүнүү жана ар бир адам кайталангыс болгонун таануу бир жактуулукту токтотуп, ар бир адам үчүн шарттарды жакшыртуунун үстүнөн иштөөгө мүмкүндүк берет.

**Бейкалыс (бир жактуу) пикир** адамдардын тобуна жана анын мүчөлөрүнө карата аң-сезимдүү же аң-сезимсиз терс (жана кээде оң) ынанымды билдирет. Мындай ынанымдар фактыларга же логикалык жүйөлөргө байланбаган көз караштарга негизделет. Стереотиптер жалпыланган идеяларга, ал эми бейкалыс пикирлер ошол идеяларга негизделген эмоционалдык баалоо. Бир жактуулук адатта стереотиптердин жыйынтыгы болуп, басмырлоо жана теңсиздик сыяктуу социалдык көйгөйлөргө жетелеши ыктымал.

**Басмырлоо** аракеттеги бейкалыс пикир болуп саналат. Басмырлоо ар кандай формада билиниши мүмкүн, анын ичинде трайбализм (жердешчилик), расизм (расаны айырмалоо принциби боюнча кысымга алуу), ***сексизм*** (англ. sexism, латынча sexus – жыныс, синоними – гендердик басмырлоо) – бул бир жактуу мамиле, адамды жынысы же гендердик иденттүүлүгү боюнча басмырлоо, коомго сексизм стереотиптердин системасы, расмий бекитилген жоболор же ал тургай идеология түрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн. Сексизмдин негизинде бир жыныс экинчисинен жогору турат деген ынаным, гетеросексизм (эркек менен аялдын ортосунда гана мамилени кабыл алууга негизделген ынанымдар системасы), эйблизм (жөндөмдүүлүктүн негизинде басмырлоо), эйджизм (жаш курагына жараша басмырлоо – адамдар же өтө жаш же өтө кары деп эсептелет) ж.б.

**Эзүү** – бул системалуу басмырлоо.

**Социалдык стигма (“ярлык”, “стигма”, бөлүп коюу)** – адамды же адамдардын тобун коомдун башка мүчөлөрүнөн айырмалап турган мүнөздөмөлөрдүн негизинде кабыл албоо.

**Стигматизациялоо** – бул адамдын баркын кетирип, бош стереотиптерди түзүү процесси. Стигманы адамдар жана коом өзү пайда кылат.

Төмөн жактагы пирамидада адамдардын белгилүү бир тобуна карата коомдо кеңири тараган стереотиптер ачык сабырсыздыкка жана басмырлоого айланып, андан ары геноциддин (жалпы элдерди жана өлкөлөрдү жок кылуу) масштабына өтүп кетиши мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн.




Билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар балдар жана алардын үй-бүлөлөрү менен ийгиликтүү иш алып баруу үчүн өзүбүздө болгон жаңылыш көз караштарыбызды билип алышыбыз керек. Мындай көз караштар биздин кесиптик ишибиздин натыйжалуулугун төмөндөтүшү ыктымал. Биздин айткан сөздөрүбүз эбегейсиз күчкө ээ. Сөздөр адамды шыктандырышы мүмкүн, бирок ошол эле кезде алар кыйратуучу касиетке да ээ. Биз балдар жана алардын үй-бүлөлөрү менен иштөөдө колдонгон сөздөрдү талдап, өзүбүзгө суроо узатышыбыз керек: “Менин сөздөрүм үмүттү, балдардын өз дараметине ишенимди жаратып, алардын урмат-сыйга жана колдоого болгон укугун таанып жатабы?”

Стереотиптер жана жаңылыш көз караштар менен күрөшүү, ошондой эле инклюзияга негизделген мамилелерди куруу үчүн стереотиптерди жана бейкалыс пикирлерди жок кылуу (*деконструкциялоо*) сунушталат.

Мындан тышкары, коом ар кандай социалдык топторго кирген адамдарды кабыл алышы үчүн ар бирибиз өзүбүздө толеранттуулук сезимин өрчүтүшүбүз керек.

“...**Толеранттуулук** – бул биздин дүйнөдөгү маданияттардын бай көп түрдүүлүгүн, өзүн башкаларга таанытуунун формаларын жана адамдын индивидуалдуулугун көрсөтүү жолдорун урматтоо, кабыл алуу жана туура түшүнүү. Толеранттуулук – бул адам укуктарынын, ... демократиянын жана укук тар-

тибинин бекитилишине көмөктөшүү милдети...” (Толеранттуулуктун принциптеринин декларациясы, ЮНЕСКОнун Башкы жыйынынын 1995-жылдын 16-ноябрындагы 5.61-резолюциясы менен бекитилген).

Толеранттуулукка өбөлгө түзгөн факторлор: билим, ачыктык, баарлашуу жана оюн айтуу эркиндиги, абийирдин, ынанымдардын эркиндиги.

**Толеранттуулук – бул көп түрдүүлүктөгү гармония.**
**Толеранттуулук – тынчтыкка жана ынтымакка карай жол.**



## ТОЛЕРАНТТУУЛУКТУ КӨРСӨТҮҮ ЧӨЙРӨЛӨРҮ

**ЭТНОСТУК**

башка этностук жамааттардын мүчөлөрүнүн жашоо калыбына, алардын жүрүм-турумуна, улуттук каада-салттарына, идеяларына, ишенимдерине сабырдуу мамиле жасай билүү

**ДИНИЙ**

башка диндердин жолдоочуларынын же динге ишенбегендердин кандайдыр бир диндерге жана жеке адамдардын диний тандоосуна сабырдуу мамиле жасай билүүсү

**САЯСИЙ**

башка саясий көз караштагы адамдарга сабырдуу мамиле жасай билүү

**СОЦИАЛДЫК ТОЛЕРАНТТУУЛУК**

инсандын коомдун ар кандай социалдык топтору менен өз ара өнөктөштүгү, ал коомдогу тең салмактуулукка, ар кандай социалдык топтордун курамында инсандын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого багытталган.

**ПЕДАГОГИКАЛЫК**

өз балдарына, окуучуларына педагогикалык толеранттуулук, алардын кемчиликтерин түшүнүү жана кечире билүү

**Толеранттуулук** – социалдык, таптык, диний, этностук жана башка өзгөчөлүктөрдү айырмалабастан бардык адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин таануу, урматтоо жана сактоо.

**Дал ушул толеранттуулук бизди инклюзивдүү коомго алып барат.**

## Мектептеги инклюзивдүү жана коопсуз чөйрө




**Мектептеги чөйрө кандай болууга тийиш?**

Макул болсоңуз, билим берүү чөйрөсү коопсуздук сезимин камсыз кылууга тийиш, өз алдынча болуу үчүн да, ошону менен бирге жигердүү топтук иш үчүн да мейкиндикти жана убакытты берип, окуучулардын баарлашуусуна көмөктөшүп, дүйнө таанымын кеңейтип, мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген негизги компетенттүүлүктү калыптандырышы керек. Мындай чөйрөнү түзүү үчүн билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл. Ошондуктан, чөйрөнүн баалуулуктарын жана максаттарын калыптандырууда ар бир кыз жана ар бир эркек бала кабыл алынып, сый мамиле көргөн, коопсуз жана инклюзивдүү билим берүү чөйрөсүн түзүү милдети турат. Инклюзия – бул бардык балдарга, анын ичинде билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар балдарга билим алуу мүмкүнчүлүгүн берүү гана эмес, бул ошондой эле ар бир окуучу өзүн мектептин жамаатынын бир бөлүгү катары сезе тургандай шарттарды түзүү. Коопсуз инклюзивдүү чөйрөнүн маанилүүлүгү – ал бардык балдарга басмырлоодон же обочолонуп калуудан коркпостон өз дараметин ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

Азыркы дүйнөгө ыңгайлашууда кыйынчылык тарткан же билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар балдар үчүн эң жагымдуу окуу чөйрөсү бул

***ИНКЛЮЗИВДҮҮ БИЛИМ БЕРҮҮ***

**Инклюзия** – бул ар бир окуучуну билим берүү процессине жана жалпысынан жамааттын/коомдун жашоо чөйрөсүнө кошуу, билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар балдарды социалдык-маданий турмуштан четтетүүгө жол бербөө.

Өзгөчө муктаждыктары бар адамдар үчүн билим берүү чөйрөсүндөгү принциптер, саясат жана практикалык иш-аракеттер жөнүндө Саламанка декларациясында (Саламанка, Испания, 1994, ЮНЕСКО, Билим берүүдө өзгөчө муктаждыктар боюнча эл аралык конференцияда (Special Needs Education) 92 өлкөнүн өкмөттөрү жана 25 эл аралык уюм кабыл алган) ар бир баланын ден соолугунун абалына, жынысына, расасына, социалдык абалына, академиялык билим деңгээлине ж.б. карабастан теңтуштары менен бирдей даражада билим алуу укугу бекитилген.

**Инклюзивдүү чөйрө** – бул билим алууда ар кандай муктаждыктары бар бардык окуучулар өздөрүн ыңгайлуу сезип, билим берүү процессине толук катышкан окуу чөйрөсү.

## *Инклюзивдүү билим берүүнүн негизги принциптери*

! бул үй-бүлөдө толук кандуу жашоого жана ар тараптан өнүгүүгө мүмкүнчүлүк!

! жашаган жерине жакын билим берүү уюмунда КУРДАШТАРЫ жана башка балдар менен чогуу окуу! (Өзгөчө муктаждыктары бар адамдар үчүн билим берүү чөйрөсүндөгү принциптер, саясат жана практикалык иш-аракеттер жөнүндө Саламанка декларациясы (Саламанка, Испания, 1994, ЮНЕСКО).


! бардык балдар ар түрдүү болот!

! бардык балдар окуй алышат!

! ар кандай жөндөмдөр, ар кандай этностук топтор бар, бою, жашы, теги, жынысы ар кандай адамдар болот!

! билим берүү системасы окуучунун өзгөчө муктаждыктарына ыңгайлашат!





**Ар бир баланы инклюзивдүү билим берүү чөйрөсүнө кошуу үчүн БАЛДАР эмес, СИСТЕМА өзгөрүшү керек!**

**Эмесе, инклюзивдүү билим берүү чөйрөсүнүн негизги өңүттөрүн карап чыгалы.**




**1. Окууга бирдей жеткиликтүүлүк.** Бардык балдар жөндөмүнө, ден соолугунун өзгөчөлүктөрүнө же социалдык абалына карабастан, окуу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек. Бул окуу программаларын ыңгайлаштырууну, билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар окуучуларга окуу материалын теңтуштары менен бирдей өздөштүрүүгө жардам берүүчү адистештирилген методикаларды жана жабдууларды колдонууну камтыйт.

**2. Физикалык жеткиликтүүлүк.** Инклюзивдүү чөйрө балдардын физикалык муктаждыктарын эске алууга тийиш. Мисалы, мектеп майыптар коляскасы үчүн пандустар, лифттер, атайын парталар, эшиктер жана дааратканалар менен жабдылышы керек. Бул кыймыл-аракети чектелген балдарда коопсуздук жана эркиндик сезимин жаратат. Кыргыз Республикасынын мектептеринде коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү жөнүндө кененирээк маалыматты төмөнкү сайттан алууга болот: https://safe.edu.kg/


**3. Эмоционалдык колдоо.** Инклюзивдүү чөйрө эмоционалдык колдоочу маанай түзүлөт дегенди билдирет. Балдар мугалимден, мектеп администрациясынан же классташтарынан жардам жана колдоо таба аларын сезип-билгени маанилүү. Бул балада өзүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө болгон ишенимди калыптандырууга жардам берет.

Инклюзивдүү билим берүүнүн максаты – бири-биринен айырмалануу укугун камсыз кылуу, бул алардын көрүнүшүн жана кабыл алынышын болжолдойт, мында башкаларга карата өзгөрүү тандоого жана жигердүү катышууга негизделет. Мындай учурда билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын ортосундагы позитивдүү мамилелер да, ар бир окуучунун өзүнүн иденттүүлүгүн сактап калуу жана өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү да көңүл чордонунда болот.

Убакытты, ресурстарды, кызматкерлерди окутууну, ошондой эле учурдагы чөйрөнүн жана анын субъекттеринин – мугалимдердин, окуучулардын, администрациянын – маданиятын жана баалуулуктарын өзгөртүүнү талап кылган инклюзивдүү мамилени киргизүү татаал болгонуна карабастан, мектептер балдардын билим алууга бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуунун үстүнөн иштөөгө милдеттүү.

Инклюзивдүү мамилени ишке ашыруу үчүн төмөнкү аспаптарды киргизүү зарыл: инклюзивдүү мамилени талап кылган балдарды интеграциялоо боюнча педагогикалык кеңешти, жекече окутуу программасын (ЖОП), насаатчылык программасын, мектепте өз алдынча башкарууга тартууну жана мектептин тышкы чөйрөдөгү социалдык өнөктөштөрүнүн ресурстарын пайдаланууну.

Шульгина Л.А. жана Садыкова З. иштеп чыккан Моделге таянып, мектеп чөйрөсүн 3 негизги элементке бөлүүнү сунуштайбыз:




[5]

**1. Сабакты, сабактан тышкаркы окууну жана тарбиялык иштерди уюштурууну жөнгө салган ички ченемдик чөйрө.**


Тактап айтканда, өнүгүүнүн бузулушу же майыптыгы менен байланышкан, билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар балдарды окутууну уюштуруу үчүн жекече окутуу планы иштелип чыгат, ал эми билиминде ар кандай себептерден улам олуттуу боштуктары болгон окуучулар менен иштөөдө жекече окутуу планы/программасы колдонулат. Ушул тапта, тилекке каршы, жекече окутуу планын милдеттүү документ катары колдонууну жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар жок, бирок ар бир мектеп аярлуу топтордогу балдар үчүн жекече окутуу технологиясын колдонууну өз Уставына киргизип, “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын “Инклюзивдүү билим берүү” деп аталган 11-главасын ченемдик негиз катары кабыл алса болот.

[5] Орто мектепте жарандык билим берүүнүн модели. Уюмдун алкагында окуучулардын жарандык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: 2019. – 116 бет.




**2. Окуучулардын жана мугалимдердин кызыкчылыктарына жана муктаждыктарына негизделген мектептин социалдык багыттагы ички чөйрөсү.**

Ар бир мектепте көп жылдар бою түптөлүп калган ички чөйрөсү бар жана мындай сегменттер сабак маалында жана сабактан тышкаркы сегменттерге бөлүнсө болот. Мисалы: предметтер боюнча сабактагы программалар, ар кандай мамлекеттик программаларды ишке ашыруу боюнча пландар. Сабактан тышкаркы чөйрөдө: мектептеги өз алдынча башкаруу, кызыкчылыктар боюнча клубдук-долбоордук иш-аракеттер, ийримдеги иштер, ыктыярчылык иштери, пресс-борбор ж.б. Бул сегменттердин баары мектептерде инклюзивдүү мамилени киргизүү үчүн маанилүү ролду ойнойт. Эми программаларды кененирээк карап чыгалы.





**3. Мектептин субъекттеринин жана анын өнөктөштөрүнүн кызыкчылыктарына негизделген мектептин натыйжалуу өнөктөш тышкы чөйрөсү.**

Билим берүү процессине инновацияларды ийгиликтүү киргизүү үчүн социалдык өнөктөштүктү жигердүү колдонуп, мектептин уникалдуу тышкы чөйрөсүн калыптандыруу маанилүү. Каржылоо тартыш болгон шартта жана билим берүү мекемелеринде окуучулардын саны адаттан тыш көп болгон учурда ар кандай кыйынчылыктар, анын ичинде окутуунун инклюзивдүү форматына өтүүдө тоскоолдуктар пайда болот. Кызматташуу стратегияларын жана жагымдуу чөйрөнү колдонуу бул көйгөйлөрдү азайтууга жана инклюзивдүү практиканы натыйжалуу киргизүүгө жардам берет.

Мектептин натыйжалуу жана өнөктөш тышкы чөйрөсүнүн негизги сегменттерине төмөнкү түзүмдөрдү киргизсе болот:

- Мамлекеттик органдар (ЭСКММ жана анын аймактык бөлүмдөрү)
- Мектептин ата-энелер комитети
- Мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн жамааттары

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары
- Укук коргоо органдары, атап айтканда жашы жете электердин иши боюнча инспекция
- Коомдук уюмдар
- Билим берүү мекемелери (башка мектептер, кесиптик лицейлер, ЖОЖдор ж.б.)
- Маданий мекемелер, китепканалар
- Жалпыга маалымдоо каражаттары
- Активисттер, жамааттын лидерлери ж.б.




**Мектеп чөйрөсүнүн негизги элементтерине негизделген инклюзивдүү мамилени интеграциялоо үчүн билим берүү чөйрөсүнүн механизмдери.**

## Мугалимдердин атайын кеңешмелери

Мектеп чөйрөсүнүн алгачкы эки элементин ишке ашыруунун алкагында мектепте инклюзивдүү мамилени киргизүү жана билим берүү чөйрөсүнө ыңгайлашууда окуу материалын өздөштүрүүгө байланыштуу кыйынчылык тарткан балдарды реинтеграциялоо боюнча педагогикалык кеңештин атайын жыйынын өткөрүү сунушталат. Интеграциялоонун жыйынтыктарына өз убагында көз салып туруу үчүн окуу жылынын ичинде 3төн кем эмес жыйын өткөрүү сунушталат. Алгачкы жыйында балдардын өзгөчө билим алууга муктаждыктарына жалпы талдоо жасалып, даректүү колдоого муктаж болгон балдар аныкталып, мындай ар бир окуучуну жекече коштоонун жалпы стратегиясын иштеп чыкса болот. Мугалимдердин кеңешмесинде талкуулоо үчүн класс жетекчилер социалдык педагог менен биргеликте окуучулардын тизмесин даярдашат.

Мугалимдердин кеңешмелерине төмөнкүлөр катышат:
– социалдык педагог жана психолог (эгерде штатта бар болсо);
– класс жетекчиси;
– предметтик мугалимдер;
– окуу-тарбия иштери боюнча окуу башчысы.

Педагогикалык кеңешке даярдануунун алкагында предметтик мугалимдер окуучулардын предметтик жана метапредметтик компетенцияларынын калыптануу деңгээлине кыскача талдоо жасап чыгышат. Класс жетекчиси жана социалдык педагог баланын үй-бүлөлүк абалы жана өнүгүү таржымалы жөнүндө жалпы маалыматтарды чогултуп чыгып, анын классташтары жана мугалимдер менен болгон мамилесин талдап, кыйынчылыктар пайда болгон коммуникативдик кырдаалдарды бөлүп карашат.

Мугалимдердин кеңешинин жүрүшүндө ар бир окуучунун билим алуудагы муктаждыгы талкууланат. Мугалимдердин кеңешинин жыйынтыгы боюнча жекече коштоого муктаж болгон балдардын тизмеси түзүлөт жана тиешелүү план иштелип чыгат.

**Экинчи кеңешти** декабрдын этегинде өткөргөн максатка ылайыктуу болот. Бул кеңешме бал-

дардын тилдик жана социалдык-маданий ыңгайлашуусу боюнча жасалып жаткан иштерди талдоо, жекече окутуу программасын ишке ашыруунун динамикасын баалоо максатында өткөрүлөт.

**Үчүнчү педагогикалык кеңешме** окуу жылынын аягында өткөрүлөт жана жасалган иштерди талдоону жана анын натыйжалуулугун, жекече окутуу программасынын жетишкендиктерин баалоону камтыйт.

Мугалимдердин экинчи жана үчүнчү кеңешмелерине даярдык балдардын билим алуудагы көрсөткүчтөрүнө жана социалдык-маданий ыңгайлашуусуна мониторингди болжойт, ал мониторинг билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар балдардын канааттануусун баалоону камтыйт.

**Натыйжалуу интеграциялоо үчүн** предметтер боюнча жетишкендиктердеги ажырымды жойгондон тышкары, окуучуну сабактан тышкаркы иш-чараларга, мисалы, долбоордук жана класстан тышкаркы иштерге, иш-чараларды уюштурууга, ыктыярчылыкка жана мектептеги өз алдынча башкарууга кошуу да маанилүү. Айрым балдар тигил же бул кол өнөрчүлүктү жакшы билишет, кыргыз жана орус тилдеринен башка чет тилдерди жакшы билишет, кээ бирлери жакшы бийлейт же сүрөт тартат, ал эми айрымдары мыкты уюштуруучулук жөндөмгө ээ. Бул өнүттөрдүн бардыгы окуучуну адаптациялоо үчүн колдонулса болот жана муну жасаш керек, анын уникалдуу ресурстарын жана өзгөчөлүктөрүн айланасындагыларга көрсөтүү маанилүү. Назардын баарын күчтүү жактарга буруу окуучуга жана башкаларга мектептин жамаатына аралашуу процессин жеңилдетүүгө жардам берет. Бул жагынан алып караганда башка окуучулардын, мугалимдердин жана окуу башчысынын ресурстарын тартуу маанилүү болот.

## Менторлук программасы

Ментор (насаатчы) – бул тажрыйбалуу кесипкөй адис, ар кандай чөйрөдөгү билимдин жана жооптордун булагы. Ал шыктандырат, камкордукка алган адамдын – ментинин жеке жана кесиптик жашоосунда өнүгүүгө жардам берет.

Мисалы, мектептин өз алдынча башкаруусуна кошулган окуучулар менторлук программасын ишке ашыра алышат, бул окуусу ар кандай деңгээлдеги балдарды уюштурууну жеңилдетет, себеби мындай балдар билим деңгээли боюнча өз теңтуштарынан артта калышат жана аларды бир класс ылдый окуган балдарга кошуп коюу тобокелдиктери бар, бул болсо инклюзиянын принциптерине каршы келет.

Мектепте “теңден теңге” принциби боюнча мектептин ичиндеги менторлукту уюштурууда төмөндөгү сүрөттө көрсөтүлгөн иш-аракеттердин жана этаптардын ырааттуулугун сактоо пайдалуу болот:



Насаатчылык программасын уюштурууда администрациянын же мугалимдердин арасынан жооптуу адисти аныктап алуу маанилүү. Эгерде насаатчылык программасы мектептин деңгээлинде уюштурулса, анда мындай адис социалдык педагог боло алат. Эгерде программа класстын деңгээлинде гана колдонула турган болсо, анда координациялоо ролун класс жетекчиге жүктөсө туура болот.

## Мугалимдерди жана окуучуларды инклюзивдүү билим берүүнүн принциптерине жана көп түрдүүлүктүн баалуулуктарына үзгүлтүксүз окутуу

Инклюзивдүү практикаларды окутуу жана ишке ашыруу мектептин жалпы билим берүү стратегиясынын бир бөлүгү болуп, бардык деңгээлдерде колдоого алынганы маанилүү. Бул механизмди натыйжалуу ишке ашыруу үчүн мектеп администрациясы системалуу мамиле жасап, төмөнкү этаптарды түзүп койгону маанилүү:

| **Этаптар** | **Сүрөттөлүшү** |
|---|---|
| **Мектептеги учурдагы кырдаалды баалоо** | - Инклюзивдүү билим берүү жана көп түрдүүлүк боюнча мугалимдердин жана окуучулардын учурдагы билимине жана көндүмдөрүнө баалоо жүргүзүп чыгыңыз.<br>- Мугалимдердин темаларга көңүл бурууну талап кылган көйгөйлөргө болгон муктаждыктарын аныктаңыз. Мисалы, жамааттын бир бөлүгү каршы чыгып, тоскоолдуктарды жаратышы мүмкүн. |
| **Окутуу программасын иштеп чыгуу** | Инклюзивдүү билим берүүнүн теориялык жана практикалык өңүттөрүн, турмуштук оор кырдаалда турган балдар менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын камтыган программаны чогуу жазып чыгыңыз. |
| **Адистерди чакыруу** | Тренингдерди жана семинарларды өткөрө ала турган тышкы эксперттерди же консультанттарды чакырыңыз, бул үчүн мамлекеттик, билим берүү, коомдук уюмдардын ресурстарын колдонууга болот. |
| **Мугалимдерди окутуу** | Семинарлардын планына инклюзия, иштен чарчоо, көп түрдүүлүк темаларына квалификацияны жогорулатууну киргизиңиз.<br>Мугалимдерге методикалык материалдарды, өз алдынча таанышып чыгуу үчүн онлайн курстарды бериңиз. |
| **Окуучуларды окутуу** | Окуу процессине толеранттуулуктун көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана көп түрдүүлүктү урматтоого багытталган иш-чараларды киргизиңиз.<br>Адам жана коом, адабият, тарых, география предметтеринин алкагындагы темаларды көп түрдүүлүк маселелери менен байланыштырыңыз.<br>Инклюзивдүү билим берүү жана көп түрдүүлүк темаларына ийримдерди, клубдарды же тандалма сабактарды уюштуруңуз. Бул үчүн өз жамаатыңыздагы пикири маанилүү лидерлерди чакыра аласыз. |

| | |
|---|---|
| **Инклюзивдүү чөйрөнү түзүү боюнча мугалимдердин жана окуучулардын демилгелерин колдоо** | Инклюзия, көп түрдүүлүктү колдоо боюнча мыкты долбоорлорго класстар арасында конкурс жарыялаңыз.<br>Бул бардык окуучулардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн мектептин физикалык мейкиндигин ыңгайлаштыруу болушу мүмкүн.<br>Инклюзияны жана айырмачылыктарды урматтоону колдогон саясатты жана практиканы иштеп чыгуу жана киргизүү.<br>Мектепте инклюзивдүү маданиятты бекемдөөгө көмөктөшүүчү иш-чаралар.<br>Көп түрдүүлүккө арналган жолугушууларды, иш-чараларды жана майрамдарды уюштуруңуз. |
| **Жыйынтыктарга мониторинг жана баалоо жүргүзүү** | Окуучулардын иш-чараларынын жана киргизилген практикалардын натыйжалуулугун туруктуу түрдө баалап туруңуз.<br>Программаны жакшыртуу үчүн мугалимдерден, окуучулардан жана ата-энелерден кайтарым байланыштарды чогултуп туруңуз. |

Инклюзивдүү билим берүү чөйрөсү мектеп маданиятын түзгөн чаралардын, жол-жоболордун, программалардын, эрежелердин жана иш-аракеттердин жыйындысы катары түшүнүлөт, мында адамдын муктаждыктары жана баалуулуктары көп түрдүүлүккө тоскоол болбойт, ал ийгиликке көмөктөшүп, норма катары кабыл алынат. Инклюзивдүү билим берүү – билим берүү чөйрөсүнө ыңгайлашууда кыйынчылык тарткан балдар бир тектүү чөйрөгө түшөт жана бул чөйрө аларды кабыл алышы үчүн алар да, чөйрө да бири-бирине карай өзгөрүшү керек. Бул үчүн биз мектептеги болгон чөйрөнү биринчи кезекте баалуулук деңгээлинде өзгөрткөнүбүз маанилүү, ошондо билим алуудагы өзгөчө муктаждыктардын көп түрдүүлүгүн жана мүмкүнчүлүктөрүн урматтоо, ошондой эле кабыл алуу окуудагы жетишкендиктердин жыйынтыктары менен бирдей деңгээлде болот.

## Балдарды билим берүү процессине ийгиликтүү интеграциялоодо педагогдун ролу

Урматтуу кесиптеш, сөздү Бириккен Улуттур Уюмунун (БУУ) максатынан баштагым келип турат. Анда: "Эл аралык тынчтыкты, коопсуздукту колдоо жана бекемдөө, мамлекеттер аралык тынчтык кызматташтыгын өнүктүрүү максатында суверендүү мамлекеттердин ыктыярдуу бири-гүүсүнүн негизинде түзүлгөн эл аралык уюм", – деп белгиленген. Жалпы мамлекеттерге тиешелүү бул максат ар бир үйгө, ар бир үй-бүлө мүчөлөрүнө да таандыктай, себеби, жарык дүйнөгө келген ар бир адам тынчтыкта, коопсуздукта, дайыма өнүгүүнүн үстүндө болуп, бактылуу өмүр сүрүштү каалайт, туурабы? Бул ой мамлекетибиздин билим берүү мыйзамында, жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында да эске алынган.

Ал эми, биз жетекчиликке ала турган "Өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү таанып-билүү жана жеке өнүгүү" курсунун максаты да жогорку максатка үндөшөт: "Окуучунун өзүн-өзү таанып-билип, өзүн инсан катары өнүктүрүп, көз караштарын, дүйнө таанымын, жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга көмөктөшүү. Муундардын ортосундагы мамилелерди жакшыртып, коомдогу туруктуулукту камсыз кылууга багыттоо" болуп саналат. Жогоркудай документтердин талаптарына карабай, адамзат адамгерчиликке, жакшы мамилеге муктаж болуп келет.

Албетте, класстагы окуучулардын жашоо деңгээли ар түрдүү. "Толук кандуу үй-бүлөнүн балдарына татыктуу билим, тарбия берсе болот. Менин классымдагы окуучулар ар түрдүү категорияда: жакын адамынан ажыраган, алкоголдук ичимдиктерди же башка психоактивдүү заттарды колдонот, психикалык саламаттыгы начар, чыр-чатактуу үй-бүлөдө, турмуштук оор кырдаалда жашайт, материалдык абалы жакшы эмес, ата-энеси авторитардык стилде тарбиялайт, ашыкча көзөмөл жүргүзөт, баланын жашына жана мүмкүнчүлүктөрүнө туура келбеген талаптарды коёт ж.б." деген да пикирлер болушу мүмкүн. "Өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү таанып-билүү жана жеке өнүгүү" курсунун методикасы жогоркудай өзгөчөлүктөрү бар балдарга дал келерин практика көрсөттү. Аларды жогорку максаттарга жеткирүүгө болот.

Кесиптеш, баланы кандай категорияга кошпоңуз, ал биз үчүн – **БАЛА**. Жогоркудай өзгөчөлүктөрдү чоңдор жаратканын моюнга алуу туура болот го, кандай дейсиз?

"Өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү таанып-билүү жана жеке өнүгүү" курсунун методологиясы Песталоццинин[6] методикасына негизделип, адамзаттагы жогоркудай өзгөчөлүктөрдү эске алган документ ЮНЕСКО[7] бекиткен үзгүлтүксүз билим алуунун төрт баскычына дал келет [2006]. Бул төрт баскычтын маанисин түшүнүп, педагогикалык тажрыйбада колдонуу билим берүүнүн сапатына, ийгиликтүү жашоого алып келери бышык. Алар:

1) **адам болууга үйрөнүү** – өспүрүмдүн өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн, мыкты сапаттарын ачып, өзүн-өзү таанып-билип, өз дараметин өнүктүрүп туруусу;

2) **жасаганды үйрөнүү** – окуучу көндүмдөргө ээ болуп, социалдык, маданий, саясий, диний жана тилдик тоскоолдуктарды жеңип, адамдар менен мамиле түзгөндү үйрөнүүсү;

3) **билүүгө үйрөнүү** – өзүнүн иш-аракетине ой жүгүртүү, анализдөө аркылуу кызматташуу жана баарлашуу тууралуу билимдерге ээ болуп, көндүмдөрүнүн калыптануусу;

4) **чогуу жашаганды үйрөнүү** – муундардын диалогу, тагыраак айтканда, окуучу менен ата-эненин бири-бирин түшүнүп, биргеликте аракеттенүүгө, кызматташууга өтүүсү.

Бул методика окуучунун башкалар менен мамиле түзүп, пайда болгон маселелерди чыр-чатакка жеткирбей чечүүгө жардам берет. Башкалар менен эркин жана жакшы мамиле түзүү үчүн окуучу

[6] Иоганн Генрих Песталоцци (нем., 1746-ж., 12-янв., Цюрих - 1827-ж. 17-фев., Брюг) - швейцариялык педагог, 18-к. аягында, 19-к. башында жашаган ири гуманисттик агартуучулардын бири, анын өнүгүшүнө зор салым кошкон. Ал иштеп чыккан башталгыч табиятка ылайыктуу билим берүү жана окутуу теориясы актуалдуу бойдон калууда. Ал биринчилерден болуп инсандын бардык ыктарын - интеллектуалдык, физикалык, адеп-ахлактык жактан параллелдүү жана гармониялуу өнүктүрүү зарылчылыгы жөнүндөгү идеяны билдирген.

[7] ЮНЕСКО – Билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча Бириккен Улуттар Уюму, Өкмөттөр аралык уюм, БУУнун адистештирилген мекемеси. 1946-жылы негизделген. ЮНЕСКОнун максаттары: билим берүү, илим жана маданият тармактарындагы эл аралык кызматташтыкты колдоо аркылуу тынчтык жана коопсуздук ишине салым кошуу; 2005-жылы 188 мамлекет ЮНЕСКОнун мүчөсү болушкан. Кыргыз Республикасы ЮНЕСКОнун курамына 1992-жылдын 2-июнунда кирген.

өзүнө ишениши керек деген идея жатат. Өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн, артыкчылыктарын жана алсыз жактарын баамдап, түшүнүп, оңдоого аракеттенген окуучу гана башкаларды да түшүнөт. Өзгөлөрдүн көз карашын, баалуулуктарын сыйлап, кабыл алып, мамиле түзө алат. Бул үчүн ар бир окуучу өзүнүн ички дүйнөсүнө тереңдеп кирип, өзүн таанып-билип, ошол эле мезгилде башка адамдардын да ички дүйнөсү, көз карашы, пикири бар экендигине көңүл буруусу керек. Эгер адам өзүн таанып-биле албаса, өз жөндөмдүүлүктөрүн, дараметин ача албаса, анда коомдо анын ийгиликтүү жашоосу кыйын.

Ийгиликтүү жашоо биринчиден, **“мен”** – өзүн таанып-билүүдөн, экинчиден, **“сен”** – айлана-чөйрөсүн таанып-билүүдөн, үчүнчүдөн, **“биз”** – башкалар менен чогуу кызматташуудан турары эчак айкындалган. Сабактар да 3 баскычка негизделген:

| **I баскыч:** **“мен”** – өзүн таанып-билүү | **II баскыч:** **“сен”** – айлана-чөйрөсүн таанып-билүү | **III баскыч:** **“биз”** – чогуу кызматташуу |
|---|---|---|
| “Мен жана менин сапаттарым”. Бул баскыч окуучуда өзүнө болгон ишенимди пайда кылуу максатын көздөйт. Милдети: инсандын өзүнүн жан дүйнөсүн таанып билип, өзүнүн иш-аракетин, жүрүм-турумун талдап, баа берүүгө; өзүнүн көз карашын, баалуулуктарын аныктап, башкалардын көз карашын, баалуулуктарын сыйлоого, эске алууга; мамилелешүү, баарлашуу чөйрөсүндө тартынбай жигердүү болууга үйрөтөт. Бул окуучунун өзүн курчаган чөйрөсүнө: ата-энеси, бир туугандары, улуу муундар, классташтары менен мамилесин туура багытта түзүүгө жардам берет. | “Сен: мага жана башкаларга ар түрдүүлүк жагат”. Максаты: инсан башкалар менен мамиле түзгөндү үйрөнөт. Бул баскыч биринчи баскычтын логикалык уландысы болуп саналат. Класстагы окуучулар бири-бири менен эркин баарлашып, биргеликте өз көйгөйлөрүн изилдеп-үйрөнүүгө жана талкуулоого, кайсы бир маселенин үстүнөн өзүнүн сынчыл көз карашын билдирип, талкуу жүргүзүүгө багытталат. Окуучу классташын, досун, курбусун башка өңүттөн, анын баалуулуктарын, жашоо образын башкача, тагыраак айтканда, терең көз караш менен карай алат. | “Биз: биз жана бизди курчаган дүйнө”. Максаты: окуучуларды өз ара биргеликте кызматташуу аркылуу көйгөйлөрдү чыр-чатаксыз чечүүгө, жагымдуу баарлашууга, максаттарды туура коюп, аларды ишке ашырууну пландоого, келечегин аныктоого багыттоо. Окуучулар өзүн курчаган айлана-чөйрө менен мамиле түзүүгө, коомдогу процесстерге жигердүү катышууга багыт алат. Бардык баскычтар кыргыз элинин этнопедагогикасына негизделип, уюткулуу тарбиялык насааттары эске алынышы зарыл. |

Өзүн-өзү таанып-билүү инсандын ички дүйнөсүн тынчтандырат. Психологиялык жактан туруктуу калыптануусуна өбөлгө түзөт. Окуучунун өзүндөгү артыкчылыктарын аңдап-билүүнү үйрөтүп, башка жөндөмдүүлүктөрүн ачууга жардамдашат. Турмушунда кездешкен көйгөйлөрдү өзү чечүүсүнө түрткү берет. Өзүн аңдап, өнүктүрүп, иш-аракетин, жүрүм-турумун талдай алат. Сынчыл көз карашы өнүгүп, келечегине туура максат коюуга багыт алат.

Кесиптеш, сунушталган сабактар салттуу сабактардан айырмаланат. Анда тексттер менен алектенбестен, иш-аракеттерди ролдук көнүгүүлөрдүн жардамы менен башынан өткөрүшүп, жон тери менен сезишип, мазмунду өзү аңдап түшүнгөн соң талкууга чыгышат. Көнүгүүлөрдүн максатына жараша окуучулардын иш-аракети дайыма өзгөрүп турат. Көбүнчө окуучулар айлана формасында

отуруп, бири-бири менен пикир алышат. Мындай отуруу парталардын классикалык жайгашуусундагы тоскоолдуктарды жоёт. Окуучулар бири-бирин оңой көрө алышат, класстын ортосуна чыгып сүйлөө да оңой, сени баары көрүп-угуп турган жерден жооп берүү да жеңил болот. Мындай шартта алардын ортосунда эч кандай тоскоолдуктар болбойт, ачык сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк бар. Эң негизгиси, билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар окуучулар бардык окуучулар менен тең абалда болушат.

Мугалимдин да балдар менен бир катарда турганы биримдиктин жана теңдиктин таасирин күчөтөт. Ага аудиторияны башкаруу оңой болот. Сабактар дайымкы класста эле эмес, сабактын максатына, өзгөчөлүгүнө жараша кээде мектеп аянтында, спорттук залда, коридордо, мектеп багында ж.б. ыңгайлуу жерлерде өткөрүлөт. Сабактарда окуучуларга баа коюлбайт. Алар өзүнүн жана башкалардын сапаттарын өздөштүрүшөт, ой жүгүртүү деңгээлдерин, кандай өзгөчөлүктөргө ээ болгонун байкашат, башкалардын арасында өзүнүн ордун билишет. Күн сайын өзгөрүп, өсүп жаткан коомго ыңгайлашат. Ката кетиришет, бирок аларды өз алдынча оңдошот. Катачылыктарды башкалар байкабаган кырдаал түзүлөт. Балдар терең ойлонулган чечим чыгарышат. Келечек пландарын өз мүмкүнчүлүктөрүнө карай түзүүгө багыт алышат.

Сабакта окуучу өзүн таанып-билип, өзүнүн ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүү аркылуу жыйынтык чыгарат. Ар бир окуучуга карата позитивдүү мамилени көрсөтүү мугалим үчүн маанилүү. Ошондуктан мугалимдин инсандыгы жана анын компетенттүүлүгү биринчи орунда турат. Аткарылган тапшырмалар мугалим менен окуучунун, окуучулардын өз ара мамилесин чыңдоого жана алардын ортосундагы ишенимди жогорулатууга багытталууга тийиш. Берилген тапшырмалардын мүнөзүн эске алуу менен мугалим окуучулардын ички абалын, алардын жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрүн таанып-билип, ар бир окуучунун үй-бүлөлүк кырдаалын да тереңдеп түшүнөт. Бул мугалимдин ата-энелер менен бир максатты көздөп, баланы биргеликте өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн жаратат.

Кесиптеш, педагогикалык ишмердүүлүгүбүздө сабактын **бышыктоо (кайтарым байланыш, рефлексия)** этабында өздөштүрүлгөн мазмунду тереңдетүү үчүн көнүгүүлөрдү, тапшырмаларды аткартып, тесттик ж.б. жумуштарды жүргүзүп жатканыбызды тана албайбыз, туурабы? Билимдерди бекемдөө үчүн бул – зарыл этап. Бирок, инсан катары окуучу сабактан өзү жыйынтык чыгардыбы, өз алдынча чечим кабыл алдыбы, турмуштук тажрыйбасына көндүмдөр кошулуп, ийгиликтүү жашоо үчүн кадам таштай алдыбы, мурунку көз караштары менен учурдагы оюн салыштыра алдыбы, адамгерчиликтүү өнүгүүгө түшүп жатабы? деген негизги максатты дал ушул этапта анча ишке ашыра албай жаткандыгыбызды моюнга алсак керек. Кандай дейсиз? Андыктан:

***Адамгерчиликтүү, бат өзгөрүлүп жаткан коомго ылайыктуу, атаандаштыкка жөндөмдүү, билгенин практикада колдоно алчу, маданияттуу окуучулар рефлексия этабында байкаларын эстен чыгарбаңыз. Рефлексияда ар бир окуучу өз пикирин, көз карашын билдирсин. Башкалардын оюн ичтен талдоо менен кабыл алсын. Жыйынтыктарды чыгарсын. Мазмунду өз алдынча, үй-бүлөдө, коомчулукта кандайча пайдаланарын айтсын. Ийгиликтүү жактары менен катар тескери жактарын да белгилесин. Процессти баштан кечиргенден кийин, аны талдап, чечим чыгара билсин. Негизги максатыбыз ушул эмеспи?***

Рефлексия мугалимди кесиптик ишмердүүлүгүндөгү жаңы милдеттерге жетелейт. Сабактын канчалык жемиштүү болгонун айгинелейт.

Урматтуу кесиптеш, окуучуларыңыз, алардын арасында билим алууда өзгөчө муктаждыгы бар балдардын ийгиликтерге ээ болуусу үчүн төмөнкү сунуштар да СИЗГЕ пайдалуу болот деген ойдобуз:

- ✓ Окуучуңуздун коопсуздугу дайыма биринчи планда турсун. Окуучулар курактык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу көп учурда өзүнө ишенбей, уялчаак, тартынчаак болуп, тынчсызданууже кыжырдануу сезимдерин туюшу мүмкүн. Сабакта мындай кырдаал жаралбашы үчүн колдонмодогу нускамаларды көңүл коюп окуңуз;
- ✓ Ар бир инсан ар кандай өзгөчөлүктөрүнө карабастан – мыкты. Мындай түшүнүктү жаратуу окуучуларда ой-пикирлерди шылдыңдабастан, кысым кылбастан жана сын-пикир айтпастан кабыл алуу көндүмдөрүн жаратат. Көбүнчө мындай эреже окуучуларга жагат жана алар аны сакташат. Ар бир сабакта буга көңүл буруңуз;
- ✓ Эгерде кээ бир окуучулар көнүгүүгө катышууга даяр болбосо, ачык айтуу көндүмүн калыптоо зарыл. Мында аларда психологиялык коопсуздугун коргоо, окуу процессинде өзүн ыңгайлуу сезүү көндүмдөрү калыптанат. Мында мугалимдин ролу чоң. Уялчаак же тынчсызданган окуучулар өздөрүн коопсуздукта сезгенден кийин аларды бара-бара сабакка тарта баштайт;
- ✓ Колдонмодогу бардык көнүгүүлөр атаандаштык, мелдешүү, жеңиш жана жеңилүү элементтерин минималдаштыруу максатында түзүлгөнүн эске алыңыз. Сабак учурунда ар биринин баалуулугу, уникалдуулугу жана башкалардан айырмасы баса белгиленет. Бул идея көнүгүүлөрдү тандоонун критерийлеринин бири катары кызмат кылган;
- ✓ Окуучулар сабактардан ырахат алышы үчүн бардык көнүгүүлөр жагымдуу маанайда өтүшү керектигин эстен чыгарбаңыз.

Мугалим ар бир баланын билим берүү муктаждыктарына түздөн-түз ылайыкташтырылган моралдык жана материалдык чөйрөнү түзүүдө маанилүү ролду ойнойт. Бул ата-энелер, башка педагогдор, социалдык педагог, билим берүү уюмунун жетекчилиги ж.б. менен тыгыз кызматташтыкта, б.а. билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын бирдиктүү командалык өз ара аракеттенүүсүндө гана ишке ашат.

Мында айлана-чөйрөнү инклюзивдүүлүккө карай өзгөртүү мүмкүн эмес. Ошондой эле процесстин ар бир катышуучусу өзүн-өзү өзгөрткөнү да маанилүү. Бул өзгөчө деңгээлде балдардын ушул категориясы менен тикелей иш алып барган мугалимдерге да тиешелүү.

***“Өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү таанып-билүү жана жеке өнүгүү сабактары”*** окуу китебине (Педагогдор үчүн окуу китеби. Экинчи толукталган басылышы. - Б.: 2022. -172 бет) шилтемени сунуштайбыз. Бул китепти мектепке чейинки, башталгыч, орто жана жогорку деңгээлиндеги билим алып жаткан балдар менен иштөө үчүн колдоно аласыз. Бул материалдарды мектептерде жана башка билим берүү мекемелеринде колдонуу үчүн КБА (Кыргыз билим берүү академиясынын) Окумуштуулар кеңеши жактырган. Бул сабактар балдарга өз дараметин ачып берүүгө, класстагы атмосфераны жана өз ара түшүнүшүүнү жакшыртууга, ошондой эле мугалимдер менен окуучулардын ортосунда ишенимдүү мамилелерди түзүүгө жардам берет.

**Өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү таануу жана инсандык өнүгүүсү боюнча сунушталган сабактар**

| Окуучулардын жашы/класстары | Методикалык колдонмого шилтеме | Методикалык колдонмо үчүн QR-коду |
|---|---|---|
| **Мектепке чейинки балдар үчүн сабактар** | **https://docs.google.com/document/d/1yMKgogfLnmsfBpp-__R9Ep6bUJbbuYlJ/edit** | |
| **1-4-класстын окуучулары үчүн сабактар** | **https://docs.google.com/document/d/1SCC2eAa20Iv0vqAD8NNAqMHharkn9R25/edit** | |

| | | |
|---|---|---|
| **5-7-класстын окуучулары үчүн сабактар** | **https://docs.google.com/document/d/1LyMUb3DnmRcubS9yXQrDR4i2O0Zqlowh/edit** | |
| **8-11-класстын окуучулары үчүн сабактар** | **https://docs.google.com/document/d/1MfwOhHcPEU3QbLhcaDCuIFeXGZRszkZD/edit#heading=h.gjdgxs** | |

Педагогикалык кадрларды даярдоо инклюзивдүү билим берүүдө сапаттуу окутууну уюштуруунун актуалдуу көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат.

Ушул тапта Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен “Педагогика” (бакалавриат) багыты боюнча Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты (2021) педагогдордун өзгөчө билимге муктаждыгы бар балдар менен иштөөгө даярдыгына жаңы талаптарды коёт.

Кесиптик компетенциялар бөлүмүндө (КК) б) пункту – инклюзивдүү билим берүүнүн шарттарында ийгиликтүү иш алып баруу үчүн педагогдорго зарыл болгон төмөнкү негизги көндүмдөр көрсөтүлгөн:

• кесиптик милдеттерди аткаруу үчүн психологиялык-педагогикалык компетенцияларды колдонууга даяр жана кесиптик ишинде педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын пайдаланууга жөндөмдүү (ПК-1);

• методикалык көйгөйлөрдү (окутуунун моделдерин, усулдарын, технологияларын жана ыкмаларын) чечүүгө жөндөмдүү жана окутуунун сапатын баалоо технологияларын (ПК-2) колдоно алат;

• туруктуу өнүгүү үчүн инсанга багыт алган билим берүү принциптерине ылайык билим берүү процессинин оптималдуу педагогикалык шарттарын түзүүгө жөндөмдүү (сергек жашоо образы, жаратылышты коргоо жана табиятты сарамжалдуу пайдалануу, энергонатыйжалуулук, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж.б.) (ПК-3);

• окуп жаткандарды коомго аралаштыруунун усулдарын жана ыкмаларын билет жана алардын жеке өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарттарды түзө алат (ПК-4);

• билим берүү программаларын өз алдынча тандай алат, аларга дидактикалык материалдарды тандайт жана педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессине ыңгайлашкандан кийин аларды колдоно алат (ПК-5);

Инклюзивдүү билим берүү үчүн педагогдордун кесипкөй даярдыгы, биринчи кезекте, билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар балдар менен иштөөгө кесипкөй-жеке даярдыгын эске алышы керек, ал төмөнкүдөй сапаттарды камтыйт:

***• Жардам берүүгө даярдык***

***• Эмпатия***

***• Толеранттуулук***

***• Педагогикалык оптимизм***

***• Сылыктык жана адептүүлүк (деонтологиялык менталитет)***

***Эмпатия*** – бул өзүн башкалардын ордуна коюу жөндөмү, адамдын башка адамдардын сезимдерине эмоционалдык жооп кайтара билүү жөндөмү.

***Эмпатия*** – бул эмоционалдык абалды түшүнүү (таанып-билүү), башка адамдын сезимдерин баамдап, сезе билүү процесси.

***Эмпатия*** – бул ар кандай себептерден улам ыңгайлашууда кыйынчылык тарткан балдар менен иштеген педагогдордун маанилүү кесиптик сапаты. Бул сапат баланы түшүнүүгө, ага боор тартууга, кырдаалды алардын көзү менен көрө билүүгө, алардын көз карашын кабыл алууга жардам берет.

Эмпатия кабыл алуу феномени менен тыгыз байланышта, бул башкалардын жекече өзгөчөлүктөрү бар балдарга карата жылуу эмоционалдык мамилесин билдирет.

***Эмпатиясы бар педагог*** – бул балага мээримин чындап көрсөтүүгө, жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө жана кабыл алууга жана ошого жараша анын абалын баамдоого жөндөмдүү мугалим. Бул түшүнүккө биз педагогдордун кесиптик жактан маанилүү максаттарды коюп, түзөтүүлөрдү киргизип, баарлашуу боюнча өнөктөштөрдүн ишмердигинин мотивдерин аңдап билип, өз ишинин стратеги болуп, пландарды жана иш-аракеттерди өз алдынча куруп, алардын натыйжалуулугун баалоо жөндөмүн камтыйбыз.

***Мугалимдердин эмпатиясы кантип билинет:***

*1. Балага АТЫН АТАП кайрылат, себеби энчилүү ат байланыш түзүүгө күчтүү түрткү болуп саналат.*

*2. Сезимдерди вербалдаштырат, б.а. сезимдерди сөздөрдө жана сөз айкаштарында билдирет.*

*3. Баланын эмоцияларына "кошулат" (боор тартат).*

*4. Анын абалын эмоционалдык жактан чагылдырат, мында милдеттүү компонент – "кунт коюп уга билүү".*

*5. Психологиялык жактан колдойт: "сен жакшысың".*

***Эмпатия төмөнкү деңгээлдерде билиниши мүмкүн:***





***Толеранттуулук*** – сабырдуулук, стресске, белгисиздикке, чыр-чатактарга, жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрүнө, агрессивдүү жүрүм-турумга, ченемдердин жана чектердин бузулушуна туруктуулук. Педагогдор кесиптик ишинде адатта тарбиялануучулардын адаттан тыш сырткы келбетине, алардын талаптарга туура келбеген жүрүм-турумуна, тапшырмаларды өтө жай аткарышына, так сүйлөй албашына же айтылган сөздү көп жакшы түшүнө албаганына сабырдуу, токтоо-жылуу мамиле жасашы керек. Ошондуктан, мындай мугалимдер үчүн толеранттуулуктун жогорку деңгээли алардын ишинин натыйжалуулугун камсыз кылган факторлордун бири болуп саналат.




**ПЕДАГОГДУН БАЛАГА БАА БЕРБЕСТЕН, КАНДАЙ БОЛСО, ОШОНДОЙ КАБЫЛ АЛУУСУ**


***Билим берүү чөйрөсүндөгү толеранттуулуктун негизги принциптери***




***Педагогикалык толеранттуулук*** – бул өзүнүн каалоосуна карабастан, башка адамдарга карата жактырбаганын көрсөтпөө жөндөмү. Ал чыдамдуулук, боорукердик, кабыл алуу, ишеним артуу, урматтоо, жакшы мамиле жасоо, токтоолук, көңүл буруу жана сылыктык мамиле менен билинет. Педагогикалык толеранттуулук мугалимден адамды кандай болсо, ошондой кабыл алууну гана эмес, айыптабастан кабыл алууга даярдыгын да талап кылат.

Кесиптик сапат башка адамды кабыл алуу, аны түшүнүү, ага боор тартуу жөндөмүн билдирет, ал окуучулар жана кесиптештер менен ачык жана ишенимдүү баарлашууда көрүнөт.

## Педагогикалык толеранттуулуктун төмөнкүдөй деңгээлдери бар:




Билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар балдарга карата ***педагогикалык оптимизм*** мындай баланын өнүгүүсүнө, анын өз дараметине болгон ишенимин болжолдойт. Муну менен катар, балага ашыкча талаптарды коюудан, ал жөндөмдүү болгондон да жогорку жыйынтыктарды күтүүдөн этият болуу керек.

Инклюзия жана инклюзивдүү билим берүү принциптерин ийгиликтүү ишке ашыруунун, аларды педагогикалык практикага киргизүүнүн башкы субъектилери болуп **ПЕДАГОГДОР** саналат!

Билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар баланы окутуунун жана тарбиялоонун тандалып алынган максаттары, милдеттери, окутуунун мазмуну, ыкмалары үчүн жоопкерчилик педагогдо, себеби башында мындай балдар ушундай муктаждыктары болбогон теңтуштарына караганда педагогикалык жардамга көбүрөөк көз каранды.

**Кызматташтык педагогикасынын принциптери (гуманисттик педагогика)**

! педагогдор менен окуучулардын, педагог менен педагогдун, педагогдор менен администрациянын конструктивдүү өз ара байланышы;

! түшүнүү, урматтоо, кабыл алуунун негизинде мамиле курган педагогдордун жеке мисалы – балдарда толеранттуулукту түзүүнүн мыкты ыкмаларынын бири;

! бала – каражат же объект катары эмес, тактап айтканда, негизги баалуулук.

**Балага карата гумандуу мамиленин төмөнкүдөй белгилери бар:**

- ✓ баланын тагдырына кызыгуу,
- ✓ балага ишенүү,
- ✓ аны менен баарлашуу чеберчилиги,
- ✓ мажбурлабоо,
- ✓ позитивдүү шыктандыруу,
- ✓ кемчиликтерге жана каталарга сабырдуу мамиле кылуу.

***Толеранттуулук педагогикасында педагогдун инсан катары негизги сапаттары:***

- адам өзүнөн-өзү баалуу дегендей мамиле кылуу,
- өзүнө карата баалуу болгондой мамиле кылуу, б.а. өзүн-өзү кабыл алуу, өзүн-өзү сыйлоо, өз мүмкүнчүлүктөрүнө ишенүү, өзүн-өзү өзгөртүүгө муктаждык жана жөндөмдүүлүк,

- кесипке карата кыялды ишке ашыруунун ыкмасы катары мамиле кылуу.

***Инсанды Инсан гана тарбиялай алат!***

Башталгыч класстардын мугалимдерине, предметтик мугалимдерге, класс жетекчилерине социалдык педагог менен тыгыз байланышта билим берүү чөйрөсүндө ыңгайлашуу процессинде колдоо оңой болот.

**Социалдык педагог** төмөнкүдөй кызматтык милдеттерди аткарат: турмуштук оор кырдаалда турган балдарды аныктоого көмөктөшөт, алар:

- ата-энесинин камкордугунан ажыраган балдар;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар (ДМЧ);
- мыйзам менен чатагы бар балдар;
- тобокел топко кирген/зомбулукка кабылган балдар;
- иштеген балдар жана мектепке барбаган балдар;
- тобокелдик тобуна кирген балдар, анын ичинде аярлуу жана кооптуу абалда турган балдар.

Жалпы билим берүү уюмунун социалдык педагогунун ишинин чөйрөсүнө балдар, өспүрүмдөр, алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), класс жетекчилери, мугалимдер, мектеп администрациясы, балдар иштери боюнча комиссия, социалдык коргоо системасынын мамлекеттик уюмдарынын өкүлдөрү менен иштөө, психологиялык-медициналык-педагогикалык консультация (мындан ары – ПМПК) ж.б. кирет.

Социалдык педагог турмуштук оор кырдаалда турган (ТОКБ) балдарды коргоо жана өнүктүрүү пландарын иштеп чыгууга көмөктөшөт. Ал турмуштук оор кырдаалда турган балдарды коомго ийгиликтүү аралаштыруу жана ыңгайлаштыруу үчүн иш-чараларга киргизүү боюнча ишти уюштурат.

Социалдык педагог үчүн мектептеги балдарды мектепке даярдоо класстарындагы турмуштук оор кырдаалда турган балдар менен өспүрүмдөр жөнүндө бардык маалыматтарды чагылдырган мектептин социалдык паспортун өз убагында тариздөө маанилүү.

**Социалдык педагог мугалимдер жана мектеп администрациясы менен биргеликте төмөнкүлөргө көмөктөшөт:**

- окуучулардын укуктары менен эркиндиктерин ишке ашырат;
- өмүрдү жана ден соолукту коргоону камсыз кылуучу ыңгайлуу жана коопсуз шарттарды түзөт;
- социалдык чөйрөдө гумандуу, адеп-ахлактык жактан сергек мамилелерди орнотуу балдардын көйгөйлөрүн чечүү үчүн ата-энелерди (мыйзамдуу өкүлдөрдү) жана коомчулукту тартат.

Аярлуу топторго кирген балдарды коштоо үчүн социалдык педагогдорго жардам берүү максатында иштелип чыккан колдонмону окуп чыгууга болот. (Мектепке барбаган балдар менен иштөөдө социалдык педагогдун иш-аракеттеринин протоколу. Б.2019. – 62 бет. Иштеп чыгуучулар: Дуйшенова Ж.Д., Асекова Ж.Д. (Окуу-методикалык материалдарды ЮНИСЕФтин жана Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен КР Билим берүү жана илим министрлигинин буйрутмасы боюнча "Өлкөнүн келечеги" Коомдук фонду даярдады) https://ffc.org.kg/images/soc_edu/protokols.pdf

**Педагогдун эмоционалдык чарчоосу**

Педагог кесиби өтө чоң социалдык мааниге ээ, себеби мугалимдерге балдарды окутуу, өнүктүрүү, тарбиялоо үчүн гана эмес, алардын психикалык саламаттыгы жана ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгү үчүн да чоң жоопкерчилик жүктөлөт. Балдардын эмоционалдык бакубатчылыгы көп учурда педагогдун эмоционалдык абалынан көз каранды болот.

Педагогдун кесиби "субъект – субъект" тибиндеги кесиптердин классына кирет, бул кесиптин

ээлери эмоционалдык жактан көбүрөөк чарчашат. Педагогдун кесиби күч-кубатты көп талап кылган кесиптердин бири болгону жалпыга маалым. Аны ишке ашыруу үчүн эбегейсиз интеллектуалдык, эмоционалдык жана психикалык чыгымдар талап кылынат. Акыркы жылдары педагогдордун психикалык саламаттыгын сактоо маселеси өзгөчө актуалдуу болуп калды. Окуудагы оорчулук гана көбөйбөстөн (мисалы, ашыкча толуп кеткен класстар, документтердин чоң көлөмү ж.б.), аны менен бирге инсандын эмоционалдык-психологиялык чыңалуусу да көбөйүп, ашыкча чарчап-чалыгууда. Мындай кырдаал тез эле педагогдордун эмоционалдык чарчоосуна алып келет, ал "иштен чарчоо синдрому" деп аталат.

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (ДСУ) 2022-жылдын 1-январынан тарта иштен чарчоону 11-Оорулардын эл аралык классификациясына (ОЭК-11) расмий түрдө киргизген. Сөз иш жеринде өнөкөт стресс кырдаалында пайда болгон клиникалык маанилүү синдром жөнүндө болууда.

**Эмоционалдык жактан чарчоо (burnout)** – бул жумушта же жашоонун башка чөйрөсүндө узакка созулган стресстин натыйжасында пайда болгон физикалык, эмоционалдык же мотивациялык чарчоо абалы (ДСУнун аныктамасы).

Үч өңүт менен мүнөздөлөт: 1) Күч-кубаты калбай бараткандай сезим; 2) оюу менен жумушунан алыстоо аракети, жумушка байланыштуу терс сезимдер же цинизм; жана 3) натыйжалар жана жетишкендиктер жок болгондой сезим"[8].

## Педагог эмоционалдык жактан чарчаганын көрсөткөн белгилер:



! чарчоо сезими же күч-кубат калбай бараткандай сезим;
! организмдин жалпы абалынын начарлашы;
! жумушка жана жашоого болгон кызыгуунун азайышы же такыр эле жоголушу;
! кесиптештер, ошондой эле окуучулар менен байланыштын кескин азайышы;
! башкаларга кайдыгер мамиле;
! жумуштун сапатынын начарлашы, ишинде кетирилип жаткан каталарды көрө албоо жана көңүл бурбоо;
! өзүнө ишенбестик жана кесипкөй компетентсиздик сезими;
! иштеги милдеттерине жана жыйынтыктарына канааттанбоо;
! демилгенин жоктугу.

Эгерде сизде чарчоо белгилери байкалса, анда кесипкөй адистерден (психологдордон, психотерапевттерден) жардам сурап кайрылыш керек. Эстен чыгарбаш керек болгон маанилүү нерсе бар: чарчоо – бул олуттуу абал, ал эми колдоо таба билүү бул абалдан чыгууга жардам берет.

**Педагогдор эмоционалдык жана кесиптик жактан чарчоонун алдын алуу үчүн үзгүлтүксүз колдоо көрсөтүүчү иш-чараларга (семинарларга, тренингдерге) муктаж**

Ар бир кызматкер өзүнүн аң-сезимине жараша, иштен катуу чарчоо синдромунун алдын алуу үчүн бир катар чараларды көрө алат:

1. **Жумуш менен жеке жашоонун ортосундагы тең салмактуулук.** Физикалык жана психикалык саламаттыкты сактоо үчүн организм туруктуу түрдө эс алып, жумушка байланышпаган ышкысы болууга тийиш.

[8] https://icd.who.int/browse/2024-01/mms/en#129180281

2. **Туруктуу негизде физикалык активдүүлүк.** Спорттук машыгуулар жана көнүгүүлөр терс эмоциялар жана топтолгон стресс менен күрөшүүгө жардам берет.

3. **Уйку режимин сактоо.** Уйкуну жөнгө салуучу мелатонин гормону жарыктан көз каранды. Мисалы, смартфондун экранындагы жарык мелатониндин иштелип чыгышын бузуп, уйкусуздукка алып келет.

4. **Жумуш процессин уюштуруу.** Жумуш бир калыпта бөлүштүрүлүшү үчүн графикти туура пландаштыруу маанилүү.

5. **Иште көп түрдүүлүк.** Бир түрдүү жана күнүмдүк тапшырмалар психоэмоционалдык абалга терс таасирин тийгизиши мүмкүн, андыктан иш милдеттерин көп түрдүү кылып алган маанилүү.

6. **Убагында жардам сурап кайрылыңыз.** Көйгөйдү моюнга алуу жана чарчоонун алгачкы белгилери пайда болгондо адиске кайрылуу организмди калыбына келтирүү үчүн маанилүү кадам болуп саналат. Комплекстүү дарылоо психолог же психотерапевт менен иштөөнү камтышы мүмкүн.

**Эмоционалдык чарчоону алдын алуу үчүн**
**"М.БЕРКЛИ-АЛЕНДЕН ОН КЕҢЕШ"**



1. Өзүңүзгө чакан белек жасаңыз (гүлдесте, театрга же спорттук мелдешке билет алыңыз, ресторанда тамактаныңыз).

2. Өзүңүзгө канча бир убакыт жалгыздыкта болууга уруксат бериңиз.

3. Жакшы көргөн ишиңиз менен алектенүүгө убакыт бөлүңүз.

4. Жарым күндү "эч нерсе жасабай" өткөрүңүз.

5. Көптөн бери жасагыңыз келген, бирок такыр эле убакыт таппай жүргөн иш менен алек болуңуз.

6. Дем алыш күндөрү адаттан тыш көбүрөөк уктап, уйкуңузду кандырыңыз.

7. Жетишкендиктериңизди досуңузга же туугандарыңызга айтып, мактаныңыз.

8. Чогултуп жүргөн акчадан чакан сумманы бөлүп алып, өзүңүзгө каалаган нерсени сатып алыңыз.

9. Күн сайын кечинде душка түшүп, бул күнү болгон окуяларды "жууп салыңыз".

10. Эгерде уйкуңуз бузулса, түнкүсүн прозаны эмес, ырларды окуңуз. Себеби ырлар адамдын организминин ритмине жакыныраак жана тынчтандыруучу таасир тийгизе алат.

11. Уйкуңузду кандырыңыз. Жакшы уйку 5-6 саатка созулат. Жатар алдында бөлмөнү желдетип алыңыз. Бул тынч уктоого шарт түзөт.

12. Көбүрөөк сейилдеңиз. Кечинде сейилдөө өзгөчө пайдалуу болот.

# Буллингге каршы чаралар



Өнүгүүсүндө өзгөчөлүктөрү бар, башынан оор нерселерди өткөргөн, зомбулукка кабылган же окуудан артта калгандар балдар (кыздар жана эркек балдар) – бул мектептеги эң аярлуу абалдагы окуучулар жана башкаларга караганда буллингге көбүрөөк кабылышат.

**Буллинг** – кеңири жайылган социалдык көрүнүш. Бул көрүнүш дээрлик бардык маданияттарда жана ар кайсы өлкөлөрдүн мектептеринде кездешет.

Мектептеги буллингди толугу менен жок кылуу өтө татаал маселе, себеби буллинг, же кодулоо адамдар өз ара байланышта болгон ар кандай социалдык топтордо орун алышы ыктымал. Бирок, комплекстүү мамиле жасап, натыйжалуу иштин жардамы менен анын көрүнүштөрүн ийгиликтүү түрдө азайтып жаткан мектептер бар. Кээде буллинг ар бир өлкөнүн маданиятына жараша кандайдыр бир белгилүү формаларга ээ болушу мүмкүн, бирок анын жыйынтыгы бардык эле жерде окшош. Буллингдин болушу балдардын жана өспүрүмдөрдүн өнүгүүсүнө, алардын жашоо сапатына жана билим алуу жолуна терс таасирин тийгизет. Ольвеус Дэн – бул көрүнүшкө көңүл бурган биринчи изилдөөчү болгон. Анын изилдөөлөрүнүн негизинде 1980-жылдардан кийин буллинг менен иштөө жана анын алдын алуу боюнча ар кандай программалар иштелип чыга баштаган.

Буллинг – адам же адамдардын тобу башка адамга атайылап зыян келтирген, аны кайра-кайра кемсинткен жүрүм-турум, мында зыян келтирген адам/топ менен жабырлануучунун ортосунда күч дисбалансы болот. Башкача айтканда, жабырлануучу дайыма аны кордогондордон алсыз жана азчылыкта болот.



Буллингди жаңжалдан айырмалоо маанилүү. Төмөндөгү таблицада эки көрүнүштүн белгилерин жана айырмачылыктарын салыштырып көрөлү:

| **Буллинг** | **Жаңжал** |
|---|---|
| Эч кандай себеп (объект) жок, адам жөн эле жакпаган үчүн агрессивдүү мамилеге кабылат. Башкача айтканда, адам өзү кодулоонун объектиси болуп калат. | Тараптардын ортосунда жаңжалдын предмети, конкреттүү себеби бар. |

| | |
|---|---|
| Бир эле жолу болбойт, курмандык системалуу түрдө куугунтукка кабылат.<br><br>Эгерде бала кырдаалды сүрөттөп жатканда “күн сайын, ар дайым, көп учурда, ар бир жолу, дайыма ж.б.” деген сөздөрдү колдонсо, мугалимдер буллинг болуп жатканын аныктай алышат. | Күтүлбөгөн жерден пайда болот, кырдаал начарлашы же тескерисинче “өчүп калышы” мүмкүн. Адатта, жаңжал көпкө созулбайт, мында бирөөнү атайын басынтуу максаты болбойт. |
| Бул зыян келтирүү ниети менен жасалган жүрүм-турум. | Кокустан же ачууланууну натыйжасында пайда болот (мисалы, агрессивдүү жүрүм-турум, эгерде балдар утулуп калса, начар баа алышса ачуулануу ж.б. агрессивдүү жүрүм-турум). |
| Адатта, окуучулардын тобу жабырлануучуга – бир адамга каршы чыгышат. | Тирешкендердин саны болжол менен бирдей болот: бир-экөө башка бир-эки адамга каршы турушат ж.б. |
| Бул ар дайым күчтөрдүн тең салмаксыздыгы менен байланыштуу:<br><br>• атайылап жарадар кылган, кемсинткен, жабырлануучуга үстөмдүк кылган адам же топ;<br><br>• агрессивдүү жүрүм-турумун көрсөткөн адам бул кырдаалдан ырахат алат же маанайы көтөрүлөт, ал эми анын курмандыгы кордук көрөт. | Күчтөр аздыр-көптүр бирдей болот. Ар бир адам кырдаалга таасир этип, андан чыга алат.<br><br>Тирешкен эки тарап тең ыңгайсыздыкты сезишет. |

Буллинг процессинде дайыма үч тарап болот:

**Агрессор** – аны буллер, кодулоонун демилгечиси деп да коюшат. Ошондой эле бул тизмеге жолдоочуларын да киргизсе болот – алар “лидеринин” идеясын колдоп, сүрөп тургандар.

**Курмандык** – буллердин курмандыктарынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жок, ар бир адам курмандыкка айланышы мүмкүн.

**Байкоочу** – кийлигишпегендер, алар болгону кемсинтүү көрүнүшүнө сырттан гана карап турушат.

Бул позицияларда дайыма эле окуучулар өздөрү катыша бербейт, окуучулардын буллингине мугалим же тескерисинче, мугалимдин өзү агрессор болушу мүмкүн. Буллингдин багытталышы деген түшүнүк бар: окуучу – окуучу, мугалим – окуучу, окуучу – мугалим, мугалим – мугалим. Адатта, буллинг peer-abuse контекстинде, башкача айтканда, тең өз ара мамилелерде болот, мисалы, окуучу – окуучу же мугалим – мугалим. Мында буллингдин эсебинен агрессор жабырлануучунун эсебинен “көтөрүлөт”. Бирок буллинг мугалим – окуучу ортосунда болуп жаткан учурда, агрессордун ролун чоң адам аткарып жатса, анда бойго жеткен адам толук административдик жана кылмыш жоопкерчилигине тартыларын унутпаш керек.

Мектеп балдар убактысынын көп бөлүгүн өткөрө турган жер жана ал коркунучтуу жер эмес, ар бир окуучу үчүн коопсуз чөйрө болууга милдеттүү. Бул үчүн ар бир мектепте буллингге каршы системаны иштеп чыгып, киргизүү маанилүү, бул система өзүнө кодулоону алдын алуу, аныктоо жана ага каршы туруу чараларынын комплексин камтыйт.

Буллингге каршы натыйжалуу система бир нече негизги принциптерге таянат: ишеним чөйрөсүн түзүү, мектеп процессинин бардык катышуучуларынын (окуучулардын, мугалимдердин, ата-энелердин) жигердүү катышуусу, өз убагында кийлигишүү жана жабыр тарткандарга колдоо көрсөтүү. Төмөндө мектептин практикасына киргизүүгө боло турган буллингди алдын алуунун конкреттүү иш ыкмаларын жана мисалдарын карап көрөлү.

**1-этап – буллингди болтурбоо үчүн алдын алуу чаралары**

Буллингге каршы системанын негизги милдеттеринин бири – бул буллинг болгонго чейин эле анын алдын алуу. Бул үчүн мектеп балдардын баарлашуу көндүмдөрүн, толеранттуулукту жана чыр-чатактарды тынчтык жолу менен чече билүү жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган программаны киргизиши керек.

Буллингдин алдын алуу үчүн сиз колдоно ала турган бир нече стратегияны сунуштайбыз.

**Мисалы, “Эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү” ыкмасы**

Эмоционалдык интеллект балдарга эмоцияларын жакшыраак түшүнүүгө жана көзөмөлдөөгө, ошондой эле айланасындагы адамдардын сезимдерин урматтоого жардам берет. Мындай программанын алкагында мугалимдер төмөнкү көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган сабактарды өткөрө алышат:

- **Эмоцияларды ажырата билүү жөндөмү:** Окуучуларга көнүгүүлөр сунушталат, анда алар эмоцияны адамдын жүзүнөн же үнүнүн тонунан айырмалаганды үйрөнүшөт. Мисалы, мектепке чейинки курактагы балдар жана башталгыч класстын окуучулары үчүн ар кандай мимикалары бар сүрөттөрдү көрсөтүп, кандай эмоциялар чагылдырылып жатканын сүрөттөп берүүнү сунуштай аласыз. Жогорку класстын окуучулары үчүн даяр кейстерди же кырдаалдар сүрөттөлгөн карталарды колдонсо болот, ошондо окуучулар төмөндөгү сүрөттөгүдөй болуп буллингди ажырата билип, буллингдин белгилерин тизмектеп бере алышат.



- **Эмоцияларды башкара билүү:** Агрессияны көрсөтпөстөн ачуулануу, таарынуу же тынчсыздануу сезимдери менен күрөшүүнүн жолдору талкууланат. Мисалы, дем алуу көнүгүүлөрү же медитация практикасы балдарга стресстик кырдаалда тынчтанууга жардам берет.



**Дем алуу техникасынын** жөнөкөй мисалдары:
- Отурсаңыз да, туруп турсаңыз да ыңгайлуу абалды табыңыз.
- Бир колуңузду ичиңизге, кабыргаңыздын астына, экинчи колуңузду көкүрөгүңүзгө коюңуз.
- Колуңуз менен ичиңизди басып, терең дем алыңыз.
- Шамды үйлөгөндөй болуп эринди кысып демиңизди чыгарыңыз.
- Ичиңизде болгон абаны колуңуз менен түртүп чыгарыңыз.
- 3-10 жолу кайталаңыз.

*Кеңеш: туура диафрагмалык дем алганда ийиндер кыймылсыз бойдон калат, кыймыл курсагыңыздын айланасында – ичинде же сыртында болот.*

**“Гүл жана шам” дем алуусу**

*Жөнөкөй тапшырма – балдардан гүлдү жыттап жаткандай дем алууну жана туулган күнү торттун үстүндөгү шамдарды өчүрүп жаткандай дем чыгаруусун өтүнүңүз. Муну кантип жасаш керектигин көрсөтүп бериңиз.*

Диафрагмалык дем алуу менен жасалган терең жана жай дем алуу **көңүлдү бир жерге топтоого жана стрессти азайтууга** жардам берери илимий жактан далилденген.

**“4-7-8” техникасы**

Төрткө чейин санап, демибизди ичибизге алабыз.
Демибизди жетиге чейин санап бүткөнчө чыгарбайбыз.
Сегизге чейин санап, демибизди чыгарабыз.

**“6-3-9” техникасы**

Алтыга чейин санап, демибизди ичибизге алабыз.
Демибизди үчкө чейин санап бүткөнчө чыгарбайбыз.
Тогузга чейин санап, демибизди чыгарабыз.

- **Эмпатия жана колдоо:** Окуучулар өзүн жаман сезгендерге кам көргөндү үйрөнүшөт. Ролдук оюндарды уюштурууга болот, анда балдар колдоо көрсөтүүнү талап кылган кырдаалдарда роль аткарышат. Ошондой эле ар бир адам адамдардын ар кандай топторунун алсыздыгын жана мүмкүнчүлүгүн сезиши үчүн ролдор улам өзгөртүлүп турган оюндар да бар. Эмпатияны калыптандырып, эмоцияны таанып-билүү үчүн ушул колдонмодо сунушталган өзүн-өзү таануу сабактарынын пландарын колдонсоңуз болот. Өспүрүмдөр үчүн видео көрсөтүп, аны талкуулоону уюштурса болот, мисалы, австралиялык жазуучу, меценат, дем берүүчү оратор Ник Вуйичтин катышуусу менен тартылган “Баттерфляй цирки” тасмасын көрсөтө аласыз (https://www.youtube.com/watch?v=ejsy2cOR7FU).

**“Мектептеги досторум” ыкмасы**

Айрым мектептерде насаатчылык системасы киргизилүүдө, мында айрым окуучулар башкаларга жаңы чөйрөгө көнүшүп кетүүгө жардам беришет. Муну төмөнкү кадамдар аркылуу ишке ашырууга болот:

- Мектептеги ар бир жаңы окуучу жогорку класстардан же өзүнүн эле классынан “насаатчыны” алат, ал ага окуунун алгачкы айларында мектеп чөйрөсүнө аралашууга жардам берет. Мугалим үчүн насаатчыны жаш курагына, окуудагы жетишкендиктерине карап гана эмес, окуучулардын, бейформал лидерлердин арасында да кадыр-баркын эске алуу менен тандап алууга тийиш.
- Жогорку класстын окуучулары кичүүлөргө мектепте экскурсияларды өткөрүп, мектептеги жүрүм-турум эрежелери жана салттары менен тааныштыра алышат.
- Ошондой эле жогорку класстын окуучулары өзүнөн кичүү балдардын ортосундагы чыр-чатактарда “медиатор” ролун аткарып, талаш-тартыштарды агрессия көрсөтпөстөн чечүүгө жардам бере алышат.

**Бул маанилүү! Ушул ыкманы киргизүү үчүн алдын ала ойлонулган даярдык иштерин жасап чыгыш керек. Тактап айтканда:**

- ✓ насаатчы ролу үчүн тандалган окуучулар менен кылдат даярдык иш-чараларын уюштуруңуз;
- ✓ стереотиптер, басмырлоо, буллинг, эмпатия темаларына тренинг өткөрүңүз.
- ✓ насаатчылык процессин кантип уюштуруу керектигин түшүндүрүп бериңиз, насаатчылар үчүн ар бир кадамы көрсөтүлгөн нускаманы/эстеткичти даярдаңыз;
- ✓ жоопкерчилик алкактарын кошуу менен насаатчылардын конкреттүү милдеттерин жана функцияларын иштеп чыгыңыз;

- ✓ класс жетекчилерге, социалдык педагогдорго насаатчылык процессине туруктуу мониторинг жүргүзүп, жыйынтыктарын көзөмөлдөп турууну тапшырыңыз;
- ✓ жалпысынан билим берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн коопсуз чөйрөнүн корпоративдик маданиятын киргизиңиз.

**Даярдыгы жок өспүрүмдөргө мындай функцияларды өткөрүп берүү чыр-чатактардын күчөшүнө жана улуулардын кенже курактагы окуучуларга басым жасоого, рэкетчилик ж.б. аспап катары колдонууга алып келиши мүмкүн экенин эстен чыгарбоо керек.**

### Пикас иштеп чыккан "Чечимди чогуу издейбиз" ыкмасы

Бул ыкма өспүрүмдөр менен иштөөдө абдан натыйжалуу деп эсептелет. Бул ыкма агрессивдүү жүрүм-туруму бар окуучуларды күнөөлөбөйт жана аларга көңүл бурдурбайт, тескерисинче, буллингдин объектиси болгон окуучуга карата топтун колдоо деңгээлин жогорулатууга багытталган. Максаты – балдардын арасында эмпатия деңгээлин жогорулатуу жана аларга буллингдин объектиси болгон окуучуну колдоо үчүн чечимдерди табууга үйрөтүү. Бул ыкманы мугалимдер кантип колдонушу керектиги жөнүндө толук маалыматты мугалимдер үчүн даярдалган ***"Антибуллинг – мугалимдер үчүн программа"*** *деп аталган колдонмодон таба аласыз (Сорина Петрикэ. "Terre des hommes – Lausanne" аттуу швейцариялык фонддун Молдова Республикасындагы Өкүлчүлүгү – 2021).*

### 2-этап. Буллинг болгондо аны аныктоонун жана кийлигишүүнүн ыкмалары

Буллингдин бардык фактыларын алдын алуу мүмкүн эмес жана эгерде кодулоо фактысы бар болсо, анда анын белгилерин өз убагында аныктап, кырдаалга ошол замат кийлигишип, жабыркагандарга жана агрессорлор менен иштегендерге жардам берүү маанилүү.

### Ыкма – Анкеталар жана анонимдүү сурамжылоолор

Көп учурда буллинг фактылары көпкө чейин белгисиз бойдон кала берет, себеби изилдөөлөргө ылайык, **буллингди башынан өткөргөн 10 өспүрүмдүн ичинен бешөө өздөрүн кемсинген жана басынган абалда калгандай сезип, азап чегип, достору менен гана бул тууралуу сүйлөшө алышат, ал эми 10 өспүрүмдүн ичинен үчөө эч кимге эч нерсе айтпай, ичинен эле азап чегип, эч ким менен сүйлөшпөөнү артык көрүшөт. Ал эми буллингге күбө болгон балдардын көбү кийлигишпейт жана үн катпайт же күлүп, агрессорду колдошот.**[9]

Ошондуктан, окуучулар арасында анонимдүү сурамжылоолорду үзгүлтүксүз жүргүзүп туруу мугалимдерге же ата-энелерге белгисиз болушу ыктымал буллинг учурларын аныктоого жардам берет. Төмөндө көрсөтүлгөндөй, жөнөкөй суроолор менен баштаса болот:

- "Мектепте өзүңүздү коопсуз сезесизби?"
- "Сиз кимдир бирөөнү башкалар таарынткан же кемсинткен жагдайларга туш болдуңуз беле?"
- "Класста көп шылдыңга кабылган балдар барбы?"

Мындай сурамжылоолор кварталына бир жолу жүргүзүлсө болот жана алардын жыйынтыктары мектеп администрациясына жана мугалимдерге оор кырдаалга туш болгон балдарды колдоо боюнча өз убагында чара көрүүгө жардам берет.

### Ыкма: Класс менен иштөө – класстык сааттарда буллингди талкуулоо

Буллинг көйгөйү жөнүндө класс менен туруктуу негизде сүйлөшүп туруу балдардын кодулоо тууралуу түшүнүгүн кеңейтип, аны кантип таанып-билсе болоору жана анын кесепеттери жөнүндө маалымдуулугун жогорулатууга жардам берет. Класстык сааттты төмөнкү планга ылайык түзүүгө болот:

- Буллингдин агрессор үчүн да, жабырлануучу үчүн да кесепеттери жөнүндө **кыскача тасма же видео көрүп,** андан кийин талкуу өткөрсө болот.

[9] Smith, P. K., Morita, Y., Junger-Tas, J., Olweus, D., Catalano, R., and Slee, P. (eds.) (1999). The nature of school bullying: A cross-national perspective London: Routledge.

- **Ролдук оюндар,** анда окуучулар ар кандай чыр-чатактуу кырдаалдарда ролдорду аткарып, аларды агрессиясыз чечүү жолдорун сунушташат.
- **Топтук иш,** анда балдар буллингдин курмандыгы болгон классташтарына кантип жардам берсе болорун жана кырдаал кайталанбашы үчүн алардын ар бири эмнелерди жасай аларын талкуулашат.

**3-этап. Жабыр тарткандарды колдоо жана агрессорлор менен иштөө**



Буллинг болгондон кийин жаңжалдын эки тарабына тең – анын курмандыгына да, агрессорго да колдоо көрсөтүү маанилүү. Ыкмалар жекече болушу керек жана бул үчүн мектеп психологдор менен кызматташып, сөзсүз түрдө социалдык педагогду тартууга тийиш.

Буллингден жапа чеккен окуучу менен баарлашуу дыкаат жана эмпатиялык мамилени талап кылат. Баарлашуу үчүн колдоочу жана коопсуз маанайды түзүүгө жардам бере турган сунуштарды окуп чыксаңыз:

**1. Туура убакытты жана жерди тандап алыңыз**

- Окуучу өзүн ыңгайлуу жана коопсуз сезиши үчүн баарлашууну тынч, коопсуз жана башка эч ким болбогон чөйрөдө өткөрүү маанилүү.
- Баланы шаштырбастан, сөзүн бөлбөстөн угуп чыгуу үчүн сизде убакыт кенен болууга тийиш.

**2. Ишенимди жана коопсуздукту орнотуу**

- Тынчсызданып жатканыңызды жана жардам берүү ниетиңиз бар болгонун айтыңыз: “Сен кыйынчылык тартып турганыңды байкадым, сени колдоюн деп азыр жаныңда отурам”.
- Сын такпастан, окуя үчүн айыптабастан угуп чыгып, сиз анын тарабында экениңизди көрсөтүңүз: “Мени менен бөлүшүп туура кылдың. Бул маселени кантип чече алаарыбызды ойлонуп көрүп, кабыл алган чечим жөнүндө сөзсүз маалымат беребиз”.

**3. Кунт коюп угуу**

- Окуучунун сөзүн бөлбөй, ичиндегисин айтып алуусуна мүмкүнчүлүк бериңиз. Башыңызды ийкеп же кыска сөздөр менен (“Сени түшүнүп жатам”, “Бул оңой болбосо керек”) колдоп туруңуз.
- Балага өзүнүн сезимдери жана эмоциялары жөнүндө ачык айта алышы үчүн ага колдоо көрсөтүңүз.

**4. Күнөөлүү болуу сезимин козгой турган суроолордон оолак болуңуз**

- Уяткарып же күнөөлүү боло тургандай сезимдерди жаратчу суроолорду бербеңиз. Мисалы, “Эмне үчүн эртерээк айткан жоксуң?” же “Ушундай жагдайдын түзүлүп калышы үчүн сен бир нерсе кылдыңбы?”

**5. Назарыңызды сезимдерге буруңуз**

- Фактыларды гана эмес, эмоционалдык абалды да талкуулоо маанилүү. Буллингдин натыйжасында бала өзүн кандай сезип жатканын сураңыз: “Ушул учурда сенде кандай сезимдер

болду?” же “Ушундан кийин сенде кандай ойлор пайда болду?”

**6. Колдоо көрсөтүү жана кийинки кадамдарды түшүндүрүү**

- Анын сезимдерин тастыктап, чечимди чогуу издей турганыңызды айтыңыз: “Муну сен жалгыз чечүүнүн кажети жок, биз муну чогуу өзгөртүүгө аракет кылабыз”.
- Буллинг бул туура эмес экенин жана бала коопсуз чөйрөгө укуктуу болгонун түшүндүрүңүз. Буллингди токтотуу үчүн кандай кадамдарды жасоону пландап жатканыңызды айтыңыз.

**7. Жеңип чыгуу стратегияларын талкуулоо**

- Келечекте буллинг менен күрөшүүнүн мүмкүн болгон жолдорун талкуулоону сунуштаңыз. Бул өзүн-өзү коргоо ыкмалары, мугалимдерден же курдаштардан колдоо сурап, колдоо топторуна катышуу болушу мүмкүн.
- Окуучунун өзүнө болгон ишенимин жана өзүн-өзү сыйлоосун калыбына келтирүүгө колдоо көрсөтүңүз.

**8. Туруктуу негизде колдоо көрсөтүңүз**

- Кырдаалга мониторинг жүргүзүү үчүн үзгүлтүксүз жолугушууларды сунуштап, баарлашууну жыйынтыктаңыз: “Эгер сүйлөшкүң келсе же кыйынчылыктар болсо, мага ар дайым кайрыла аласың”.

**9. Адистерге кайрылыңыз**

- Кырдаал канчалык деңгээлде олуттуу болгонуна жараша мектеп психологун же башка кызматтарды эмоциялар жана травма менен тереңирээк иштөө үчүн тартуу пайдалуу болушу мүмкүн.

**Баарлашуу үчүн суроолордун мисалы:**

- “Колдоо сурап кайрыла турган досторуң бар деп ойлойсуңбу?”
- “Ушундай кырдаалдар болгондо сен кандай реакция жасайсың?”
- “Мектеп чөйрөсүндө эмнелерди өзгөрткүң келет?”

**Маанилүү учурлар:**

- Психоэмоционалдык колдоо – негизги элемент.
- Окуучу анын пикири жана сезимдери маанилүү экенин сезиши керек.

Кысым көрсөтүүдөн жана катаал максаттарды коюудан алыс болуу керек.

Мындай мамиле көйгөйлөрдү аныктоого гана эмес, ошону менен бирге терс буллинг тажрыйбасынан кийин окуучуну калыбына келтирүү процессин баштоого жардам берет.

------------------------------------------------------------------------------------------------------------

Буллинг кылган студент менен сүйлөшүү агрессивдүү жүрүм-турумду токтотуу максатында гана эмес, ошону менен бирге окуучуга өзүнүн иш-аракеттерин, алардын кесепеттерин жана өзгөрүү жолдорун билүүгө жардам берүү үчүн кесипкөй мамилени талап кылат. Мына ушундай сүйлөшүү үчүн бир нече сунуштамалар бар:

**1. Баарлашууга даярдануу**

- **Фактыларды чогултуп чыгыңыз:** Окуучулардын, мугалимдердин же кырдаалдын башка катышуучуларынын көрсөтмөлөрүнө таянып, буллинг учурлары жөнүндө маалыматты даярдаңыз. Окуучу өзүнүн катыштыгын четке кагышы мүмкүн экенине даяр болуңуз.
- **Ылайыктуу убакытты жана жерди тандап алыңыз:** Сүйлөшүү жеке жагдайда, башка окуучулардын катышуусуз өтүшү керек. Окуучу өзүн кысымга алынгандай сезбеши үчүн сүйлөшүүгө жетиштүү убакыт бөлүңүз.

**2. Коопсуз жана ачык атмосфераны түзүү**

- Сүйлөшүүнү жайбаракат баштаңыз, айыптоочу тондон алыс болуңуз: “Мен сени менен бизди тынчсыздандырган жагдайды талкуулагым келип турат”.
- Сүйлөшүүнүн максаты жазалоо эмес, жардам жана колдоо көрсөтүү болгонун ачык айтыңыз: “Мен бул жерде түзүлгөн кырдаалды түшүнүүгө сага жардам берүү үчүн отурам”.

**3. Суроолорду баамдап чыга ала тургандай бериңиз**

- Окуучу өз иш-аракеттеринин кесепеттерин баамдай баштаганы маанилүү. Анын жүрүм-туруму башкаларга кандай таасирин тийгизип жатканын түшүнүүгө жардам бере турган суроолорду узатыңыз. Суроолорду ырааттуу бериңиз (бир суроо – тыным – жооп):
    - “Сен муну жасагандан кийин окуучу өзүн кандай сезип жатат деп ойлойсуң?”
    - “Эмне үчүн мындай болду деп ойлойсуң?”
    - “Эгерде сен ошол адамдын ордунда болсоң өзүңүздү кандай сезет элең?”

**4. Айыптоодон жана сын тагуудан алыс болуңуз**

- “Буллер” же “агрессор” сыяктуу айыптарды койбоңуз. Адамга эмес, жүрүм-турумга көңүл буруңуз: “Сен жаман адамсың” дегендин ордуна “Сенин кылганың туура эмес болду”.
- Ар бир адам жүрүм-турумунун кесепеттерин баамдап турса, аны өзгөртө алаарын баса белгилеңиз.

**5. Жүрүм-турумдун себептерин талдоо**

- Окуучуну буллинг жасоого түрткөн себептерди аныктоого аракет кылыңыз:
    - “Бул окуя болгондо ачууландыңбы же көңүл калгандай сезим пайда болдубу?”
    - “Мындай жүрүм-турумга эмне себеп болушу мүмкүн деп ойлойсуң?”
- Бул окуучу туш болгон эмоционалдык же социалдык көйгөйлөрдү аныктоого жана аны керектүү колдоо табууга багыттоого жардам берет.

**6. Альтернативалык жүрүм-турумду сунуштоо**

- Окуучуга кырдаалды башкача жол менен кантип чечсе болору жөнүндө ойлонууну сунуштаңыз: “Чыр-чатакты чечүү үчүн сен эмнелерди башкача жасай аласың?”
- Эмоцияңызды кантип башкача билдирүүгө болорун талкуулаңыз, мисалы, мугалим же мектеп психологу менен сүйлөшүүгө болот.

**7. Кесепеттери жана жоопкерчилиги**

- Буллинг кабыл алынгыс болгонун жана кесепеттерге алып келерин так түшүндүрүңүз. Бирок муну коркутуп-үркүтпөстөн, жүрүм-туруму үчүн жоопкерчилик бар болгонуна көңүл буруңуз: “Мындай иш-аракеттер көз жаздымында калбайт жана биз мындай жагдайлар кайталанбашынын үстүнөн иштей турганыбызды түшүнгөнүң маанилүү”.

**8. Өзгөрүүлөрдү колдоо**

- Окуучунун жүрүм-турумун өзгөртүүдө аны колдоого даяр экениңизди көрсөтүңүз: “Мындай кырдаалды башкача жол менен чечкенди үйрөнүшүң үчүн биз чогуу иш алып бара алабыз”.
- Зарылчылык болсо, окуучуга психолог, насаатчы менен иштеп көрүү мүмкүнчүлүгүн сунуштаңыз.

**9. Узак мөөнөттүү жумуш**

- Кырдаалды андан ары байкап туруңуз. Балким, окуучу кошумча колдоого же баарлашуу жана чыр-чатактарды чечүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган программаларга, тренингдерге катышууга муктаж болушу мүмкүн.

**Баарлашуу үчүн суроолордун мисалы:**

- “Эмне үчүн мындай болду деп ойлойсуң?”
- “Ушундай кырдаалдан кийин өзүңдү кандай сезип турасың?”
- “Мындай кырдаал кайрадан кайталанбашы үчүн сен эмнелерди жасай аласың?”

**Маанилүү учурлар:**

- Окуучунун өзгөрүүсүнө колдоо көрсөтүү убакытты жана чыдамкайлыкты талап кылат.
- Агрессивдүү же айыптоочу ыкмалардан оолак болуу маанилүү – алар окуучунун каршылыгын күчөтүшү мүмкүн.
- Окуучу өзгөрүүгө мүмкүнчүлүк бар экендигин жана чоңдор ага жардам берүүгө даяр болгонун түшүнүшү керек.

Мындай баарлашуу буллингдин мындан аркы учурларын болтурбай, окуучуга өз иш-аракеттерин баамдоого жардам берүү үчүн жаза берүүгө эмес, жүрүм-турумду өзгөртүүгө колдоо көрсөтүүгө жана рефлексияга багытталышы керек.

**Ыкма – Тартылган психолог менен (эгерде бар болсо мектеп психологу менен) жекече консультациялар**

Мектептин психологу буллингдин курмандыктары менен да, агрессорлор менен да жеке сессияларды өткөрө алат. Курмандыктар үчүн сезимдерин билдирип, эмоционалдык колдоо ала турган коопсуз мейкиндикти түзүү маанилүү. Агрессорлор менен иштөө алардын агрессивдүү жүрүм-турумунун себептерин аныктоого жана башкалар менен эриш-аркак иштешүүнүн конструктивдүү ыкмаларын үйрөтүүгө негизделсе болот.

**Ыкма – Колдоо топтору**

Буллингден жабыр тарткан балдар үчүн өз ара жардам топторун түзүү натыйжалуу колдоо ыкмасы болуп бере алат. Мындай топтордо балдар өз тажрыйбалары менен бөлүшүп, кодулоону кантип жеңгенин талкуулашат жана теңтуштарынын колдоосуна ээ болушат. Социалдык педагог мындай топтордун ишин жетектеп, талкуунун нугун көзөмөлдөп, өзүнө өзү жардам берүү ыкмаларын сунушташы керек.

Мектептеги буллингге каршы система алдын алуу чараларын, буллингди эрте мөөнөтүндө аныктоону, чыр-чатак болгон учурларда кийлигишүүнү жана эки тарап менен иштөөнү камтыган комплекстүү мамилени талап кылат. Жогоруда сүрөттөлгөн ыкмалардын мисалдары мектепте ар бир окуучу өзүн корголгондой сезе ала тургандай коопсуздук жана урматтоо маанайын кантип түзүүгө болорун көрсөтөт. Мектептин жашоосунун бардык катышуучулары – окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер бул ишке жигердүү катышып, бири-бирин колдоп, позитивдүү өз ара аракеттенүү үчүн шарттарды түзгөнү маанилүү.

Мектептеги буллинг жана иштин конкреттүү ыкмалары жөнүндө кененирээк маалымат алуу үчүн Молдова Республикасында 2021-жылы чыккан “Антибуллинг – мугалимдер үчүн программа” деп аталган мугалимдер үчүн колдонмону окуя аласыз.

Ошондой эле төмөнкү шилтеме боюнча “ТРАВЛИ NET” деп аталган онлайн ресурсту колдонууга болот: https://xn--80aejlonqph.xn--p1ai/

**Төмөндө мугалимдерге “Антибуллинг – мугалимдер үчүн программа” колдонмосунан айрым сунуштарды окусаңыз болот:**

✓ Диалогго үндөгөн байланыш мейкиндигин түзүңүз. Бул жагынан алып караганда, эмпатияга негизделген баарлашуу стратегиялары абдан пайдалуу болот. Өспүрүмдөр эмне болуп жатканды-гы жөнүндө канчалык көп айтып беришсе, ошончолук эмнелерди кылуу керектигин жана аларды кантип колдош керектигин жакшыраак билип каласыз. Буллингди токтотуу үчүн сүйлөшүү керек.

✓ Буллинг кырдаалына кызыгууңузду көрсөтүп караңыз, кайсы бир учурга эмне жөнүндө сөз болуп жатканын билип калган эксперт экениңизди унутуңуз. Эксперттин мамилеси өтө зыяндуу, себеби ал жаңы нерсени билүүгө мүмкүнчүлүк бербейт.

✓ Башкаларга атайылап зыян келтирген адам болсун, же жабыр тарткан адам болобу – ким экенине карабастан, өзүңүздү ошонун ордуна коюңуз. Эгерде сиз алардын ордунда болсоңуз, жардам үчүн сизге эмнелер керек болмок деп өзүңүздөн сураңыз. Бул көз карашты өзгөртүү боюнча жөнөкөй көнүгүү буллинг болгон учурда эмнелерди кылыш керектигин аныктоого жардам берет.

✓ Окуучулар макулдашылган чечимдерди канчалык деңгээлде биргелешип ишке ашырып жатканын түшүнүү үчүн эмне болуп жатканына бир нече жума бою байкоо жүргүзүп туруңуз.

✓ Куугунтукталып жаткан окуучу менен бетме-бет жолугушууларды уюштуруп, анын окуудагы жетишкендиктерине көз салыңыз.

✓ Буллинг феноменин талкуулап, окуучулардын маалымдуулугун жогорулатуу үчүн топтук жолугушууларды уюштуруңуз. Бул темага арналган тасмаларды көрүп, андан кийин талкуу өт-

көрүүнү демилгелесе болот.

✓ Окуучулар менен буллингге бут тоскон жүрүм-турумду симуляциялоо боюнча ролдук оюндарды уюштуруңуз.

✓ Буллинг жүрүм-турумунун бардык окуучуларга тийгизген терс таасири, ошондой эле айланабызда болуп жаткан бардык нерселер үчүн жалпы жоопкерчиликтерибиз жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу үчүн иш-чараларды пландаштырыңыз.

✓ Өспүрүмдөр менен жасай турган иштердин бардыгын камтыган так планды түзүп чыгыңыз, бул планда коопсуздукта болуп, буллинг кырдаалын туура билүү үчүн дагы эмнелерди жасай турганы көрсөтүлүүгө тийиш.

✓ Өспүрүмдөргө буллинг феноменин, ошондой эле анын бардык окуучуларга тийгизген таасирин түшүнүүгө жардам берүү үчүн тасмаларды, пьесаларды, аңгемелерди же башка адабий чыгармаларды, жашоодон алынган окуяларды колдонуңуз.

✓ "Коркутуп-үркүтүүнүн алдында алсыз болушу ыктымал окуучуларга, айрыкча класска жаңы келгендер же ыңгайлашуу процессинен өтүп жаткан окуялар сыяктуу социалдык интеграциялоодо кыйынчылык тарткан окуучуларга көңүл буруңуз. Кандайдыр бир себептерден улам социалдык байланыштарды жөнгө салууда же эмоционалдык жана физикалык жактан кыйынчылыктарга туш болгондорго колдоо керек болушу мүмкүн".

✓ Агрессивдүү жүрүм-турумду көрсөткөн окуучуларга ар кандай долбоорлорду сунуштаңыз, алар аркылуу мындай окуучулар өздөрүн маанилүү сезе алышат, бул болсо агрессивдүү жүрүм-турумдун жардамы менен урмат-сый жана ыраазычылык издөө зарылдыгын азайтат.

**Буллингдин алдын алууда ата-энелер менен иштөө**

Мектептеги буллингди натыйжалуу алдын алуу ата-энелердин жигердүү катышуусу болмоюнча ишке ашпайт. Мектеп менен үй-бүлөнүн эриш-аркак иштешүүсү агрессивдүү жүрүм-турумдун пайда болуу ыктымалдыгын азайтып гана койбостон, ошону менен бирге балдарда урмат-сый менен баарлашуу жана чыр-чатактарды чече билүү жөндөмүн калыптандырат. Ата-энелер менен иштөөнүн бир нече негизги ыкмалары жана сунуштамалары бар:

1. **Буллинг көйгөйү жөнүндө ата-энелерге маалымат берүү.** Мектеп ата-энелерге буллингдин ар кандай түрлөрү – физикалык, оозеки, психологиялык жана кибербуллинг – жана алардын белгилери (ата-энелер чогулуштарында, ата-энелер үчүн тренингдерде) жөнүндө маалымат берүүгө тийиш.
2. **Туруктуу баарлашуу жана эриш-аркак иштешүү.** Айрыкча баланын жүрүм-турумунда буллингге байланышы бар болушу ыктымал өзгөрүүлөр болсо, ата-энелер менен туруктуу өз ара байланышты түзүү маанилүү.
3. **Диалогго ачыктык:** Ата-энелер мектепке буллинг ыктымалдыгына байланыштуу суроолор же кооптонуулар менен кайрыла аларын жана мектеп диалогго ачык болгонун сезиши керек.
4. **Ата-энелерге баарлашуу жана жооп кайтаруу көндүмдөрүн үйрөтүү.** Эгерде баласы буллингдин курмандыгы болсо, ата-эне канткенде туура реакция жасап, мындай кырдаалда баланы кантип колдош керектигин түшүнүшү керек. Маселени чечүүдө агрессивдүү мамиледен алыс болуп, балага өзүн туура коргогонду үйрөнүүгө жардам берүү маанилүү.
5. **Жүрүм-турумдун бирдиктүү линиясын түзүү.** Ата-энелер жана мектеп биргелешип иш алып барып, балдардын жүрүм-турумуна карата бирдей талаптарды карманышы керек. Эгерде бала мектепте жана үйдө буллингге бирдей реакция жасалып, жүрүм-турумдун белгилүү бир нормалары сакталганын көрсө, бул анда башкаларга карата жоопкерчилик жана урматтоо сезимин өрчүтөт.
6. **Буллинг кылган балдардын ата-энелери менен иштөө.** Алар баланын жүрүм-турумун көзөмөлдөп, багыт көрсөтүп, агрессивдүү иш-аракеттердин кесепеттерин билүүгө жардам берип, оң альтернативаларды сунушташы керек.

**Билиминде кыйла боштуктар бар балдарды окутууда мугалимдер үчүн сунуштамалар**

Узак убакыт бою мектепке барбаган балдар көп учурда билиминде олуттуу боштуктар болгон-

дон тышкары, башка көйгөйлөргө да туш болушат. Мындай балдар үчүн мектептин жашоосуна аралашып, күнүмдүк тапшырмаларды аткара баштаганы маанилүү жана бул жерде мугалим менен мектеп чоң ролду ойношот. Узак убакыт бою мектепке барбаган балдарда төмөнкүдөй кыйынчылыктар болот:

1. Билиминде олуттуу боштуктар пайда болот, эс тутуму, элестетүүсү, логикасы начарлайт;
2. Классташтар, мугалимдер менен өз ара байланышта кыйынчылыктар болот, себеби мындай балдар теңтуштарынан предметтик билимдерде артта калышы мүмкүн;
3. Байланыш түзүүдө кыйналат, себеби мындай балдар китеп окууда, сүйлөөдө жана жазууда кыйынчылык тартышат;
4. Окуу көндүмдөрүнүн жоктугу: өзүн-өзү уюштура албайт, билимди системалаштырып, тапшырмаларды аткара албайт;
5. Окууга болгон мотивациясы төмөн болгондуктан өзүнө ишенбестик сезими жаралып, ката кетирип алгандан коркот, мунун натыйжасында мектепте активдүүлүгү төмөндөйт.


Мындай балдар менен натыйжалуу иштөөнүн негизги шарты – мугалимдер балдарды коштоп жүрүүгө жана аларга билим берүү программаларын өздөштүрүүгө көмөк көрсөтүүгө даяр болушу керек. Бул кыйынчылыктарды жеңүү үчүн Жекече мамилени, Дифференцияланган окутууну, Колдоо көрсөтүүчү окутууну, Эмоционалдык колдоону пайдалануу сунушталат.

**Дифференцияланган окутуу**

Дифференцияланган окутуу ар бир окуучунун мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырат, окуудагы жүктү туура бөлүштүрүүгө, кыйынчылыктардан алыс болууга, ошондой эле окуу процессин натыйжалуу кылууга жардам берет. Окуунун максаттарына жетүү окуучуларда оң эмоцияларды жаратып, окууга болгон мотивациясын жогорулатат. Дифференцияланган окутуу топтук да, өз алдынча иштерде да колдонулса болот.

Сабактын башында окуучулардын билимине диагностика жасалып, анын негизинде окуунун максаттары, мазмуну, усулдары жана жыйынтыктары ар кандай болот.

2-схема. Дифференцияланган окутуу




Мугалимдер “Көп деңгээлдүү тапшырмалар” стратегиясын колдоно алышат, мында окуучулар ар кандай татаалдыктагы тапшырмаларды аткарышат: репродуктивдүү (шаблон боюнча иштейт), жемиштүү (жаңы окуу кырдаалында колдонот), креативдүү (жаңы турмуштук кырдаалда көйгөйлөрдү чечүү үчүн колдонот).

Мазмун деңгээлинде мугалимдер ар кандай материалдарды бере алышат. Мисалы, сөздүк, окуу китеби, энциклопедия, кошумча адабияттар. Окуучулардын өз ара аракеттенүүсү бирөө менен жуп болуп “Ойлон-Талкуула–Класс менен бөлүш”, “Зигзаг” ыкмаларынын жардамы менен уюштурулса болот. Окуунун жыйынтыктары ар кандай ыкмалар менен берилиши мүмкүн: сүрөт, оозеки жооп, схема, жазуу тапшырмасы.

| |
|---|
| **“Ойлон-Талкуула–Класс менен бөлүш”** – бул окуучулардын каалаган саны болсо, каалаган предмет боюнча колдонула турган биргелешип иштөө ыкмасы. Мугалим суроо берет, окуучулар адегенде өз алдынча ОЙЛОНУШАТ, андан кийин алардын жанында отурган классташы менен ЖУП болуп талкуулашат. Акырында окуучулар өз ойлорун менен БӨЛҮШҮШӨТ. Бул усул окуучуларга сынчыл ой жүгүртүүгө, топтордо жалпы максаттын үстүнөн иштөөгө, өз түшүнүгүн жогорулатууга жана ката кетирүүдөн коркпоого убакыт берет. |
| |
| **“Зигзаг”** – бул интерактивдүү окутуу ыкмасы. Мугалим классты топтогу балдардын бирдей санына бөлөт, мисалы, 4 адамдан бөлүп чыгат. Бул “жумушчу” топ. Мугалим ошондой эле текстти 4 бөлүккө бөлөт. Ар бир окуучу тексттин үзүндүсүн окуп, кыскача конспект же схема түзөт. Белги берилээр замат окуучулар “эксперттик” топторго чогулушат, б.а., бир командада №1 үзүндүнү алгандар, экинчи командада №2 үзүндүнү алгандар болот. Окуучулар пикир алмашышат, тексттин өз бөлүгүн сунуштоо үчүн эң жакшы вариантты тандашат.<br>Ушундан кийин окуучулар өздөрүнүн “жумушчу” топторуна кайтып келишет, ар бири кезек менен тексттин өз бөлүгүн сунуштайт. Ошентип, ар бир окуучу текст боюнча бардык маалыматты алат.<br>“Зигзаг” бүт класстын жалпы иши менен аяктайт. Эксперттердин бири өз бөлүгүн сунуштайт, калгандары толуктап турат, б.а. материалды экинчи ирет угушат. Мындай иштин натыйжасы биргелешкен презентация болушу мүмкүн. |

### Колдоо көрсөтүүчү окутуу

**Колдоо көрсөтүүчү окутуу** – бул мугалимдер окуучуларга жаңы билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү процессинде убактылуу колдоо көрсөтүүчү ыкма. Окуучу өз алдынча боло баштаганда, колдоо акырындап азаят. Бул ыкма окуучуларга кыйынчылыктарды жеңүүгө жана өз алдынча аткара албаган тапшырмаларды биргелешип жасоого жардам берет. Колдоо көрсөтүүчү окутуунун мисалдары:

1. **Тажрыйбага таянуу** окуучунун билимин жаңылайт жана кийинки ишине түзөтүүлөрдү киргизет.
2. Текст менен иштөөдө **схемалар жана таблицалар** маалыматты түзүүгө, оозеки жооп даярдоого жардам берет.
3. **Окуу-тыным.** Видеолорду тыным алып көрүү жана талкуулоо менен, текстти түшүнгөнүн текшерүүгө жардам берет.
4. **Моделдөө:** Мугалимдер тапшырманы аткаруунун мисалын көрсөтүшөт, андан кийин окуучуларга анын ар бир кадамын кайталоого мүмкүнчүлүк берет.
5. **Топтук иш.** Жуптарда, топтордо өз ара үйрөнүү жана өз ара текшерүү.
6. **Тапшырмаларды акырындык менен татаалдаштыруу:** Мугалимдер адегенде жөнөкөй тапшырмаларды беришет, андан кийин окуучу материалды өздөштүргөндө, андан татаал элементтерди кошушат.

### Эмоционалдык колдоо

Дем берүүчү чөйрө жана эмоционалдык колдоо окутуунун маанилүү компоненттери болуп саналат:

– Мугалимдер формативдик баалоо ыкмаларын жигердүү колдонушат: “Светофор” (Мен өзүм жасай алам..., Менин колумдан келиши мүмкүн, бирок так айта албайм, Мага жардам керек), “Жазуу жүзүндөгү комментарийлер” – бул окуучулардын өзүнө болгон ишенимин жаратуучу “жакшы сөздөр” же мактоо сөздөрү, бул аларга ийгиликтүү окууга жардам берет, “Ийгиликтин тепкичи”, “Бута”, “Кол сигналдары”, “Анкета” (Мен сабакта ... жасадым,

Өзүмдүн ишим менен мен .., Бул сабак мага ... көрүндү", Сабактагы материал ... болду")
жана башкалар.

– Мугалимдин ачык жана так көрсөтмөлөрү окуучуларга тапшырмаларды түшүнүүгө жана класста өзүн жакшы сезүүгө мүмкүнчүлүк берет.
– Жамааттык окутуу – балдар сабактын максаттарын мугалим менен бирге коюшат, бири-бирине суроолорду беришет, өз тажрыйбаларына таянып талкуулашат.
– Окуучулардын муктаждыктарын эсепке алган тең салмактуу окуу жүктөмү окууга болгон кызыгууну арттырат, ийгиликтүү кырдаалды жаратат жана мазмунду өздөштүрүүгө жардам берет.

Эмоционалдык колдоо көрсөтүү окуучуларга материалды үйрөнүүгө, алардын күчтүү жана чабал жактарын билүүгө, ошондой эле окууга шыктандырууга жардам берет. Окуудан артта калган окуучу мугалим алардын ийгиликтерине кызыкдар болгонуна, кандай гана болбосун, чакан болсо да ийгиликтерин көрүп, аны менен бирге кубанып жатканына ишениши керек!

**Окутууда жекече мамиле**

Окутууда жекече мамиле – окутуунун мазмуну, ыкмалары жана ыргагы окуучунун жөндөмүнө жана кызыкчылыктарына шайкеш келген процесс. Окутууда жекече мамилени натыйжалуу киргизүү үчүн төмөнкүдөй стратегиялар колдонулат:

1. Өз окуусун баалоо: жетүүгө мүмкүн болгон максаттарды коюу, окуу планын түзүү жана ага жетүү.
2. Ийкемдүү ырааттама: кошумча убакыт, окутуунун ар кандай ыкмалары.
3. Окуучулардын керектөөлөрүнө шайкеш келген жекече баалоо.
4. Ыңгайлуулукту жогорулатуу үчүн окуй турган жерди тандоо мүмкүнчүлүгү.
5. Кайтарым байланыш: окуучуларды окуудагы жылыштарды жана бааларын талкуулоого тартуу.
6. Санариптик технологияларды колдонуу.
7. Жекече окутуу программасы.

Жекече окутуу программасы окуучулардын негизги предметтер боюнча билимин аныктоонун негизинде түзүлөт:

– башталгыч мектеп – окуу тили (китепти окуганы, сүйлөө, жазуу текшерилет), математика.
– жалпы жана орто билим берүү – окуу тили (китепти окуганы, сүйлөө, жазуу), математика.

Окутуу онлайн/аралыктан, гибриддик болуп уюштурулса болот, башкача айтканда окуучулар мектепте айрым предметтерге барышат же үйдө билим алышат. Жума ичинде кайсы сабактарга бараарын окуучулардын өзгөчөлүктөрүн, кабинеттердин жайгашуусун жана жеткиликтүүлүгүн эске алуу менен ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) тандашат. Мугалим сабакта тапшырмаларды аткаруу убактысын ар бир окуучуга карата жекече жөнгө салат.

Узак убакыт бою мектепке барбаган жана билиминде олуттуу боштуктар бар (турмуштук оор кырдаалда турган, ошондой эле согуш жүрүп жаткан жерлерден кайтып келген) балдар үчүн негизги предметтер боюнча интенсивдүү курстар уюштурулса болот (жайкы мектеп – июнь, чейректин аягында каникулда – 3 күн). Кошумча сабактар үчүн классташтарды, жогорку класстардын окуучуларын, педагогикалык ЖОЖдордун ыктыярчы студенттерин, пенсионер-мугалимдерди тартса болот. Мугалимдерге кошумча сабактар үчүн үстөк акыны жергиликтүү бюджеттеги каражаттардан бөлсө болот. Интенсивдүү даярдыктан өткөндөн кийин мындай балдар өз курагына жараша билим ала башташат же жекече окутуу программасы боюнча 1 класска гана төмөн окутулат.

## Жекече окутуу программасы/планы (ЖОП)

Инклюзивдүү билим берүү принциптерине ылайык, окуучулар теңтуштары менен бирге билим алышы керек. Бирок, ар кандай себептерден улам академиялык билимдин деңгээли классташтарына шайкеш келбеши мүмкүн жана балдар программалык материалды өздөштүрүүдө олуттуу кыйынчылыктарга туш болушат. Аярлуу топтордогу балдардын академиялык билимдериндеги ыктымалдуу боштуктарды толтуруу үчүн билим берүү муктаждыктарын баалоо сунушталат, аны адистер жүргүзүшөт, ал эми алынган жыйынтыктардын негизинде Жекече окутуу программасы (ЖОП) иштелип чыгат.

Жекече окутуу программасы – билимдеги боштуктарды толтуруу же мектептеги жеке жетишкендиктерди жана ийгиликти колдоо үчүн зарыл болгон академиялык окутуу, колдоо жана кызмат көрсөтүү программасы (багыты) баяндалган документ.

**ЖОПтун максаты** – билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар окуучуларда өзгөчөлүгүн эске алуу менен окутууда жекече мамиле жасоо.

<u>ЖОПту иштеп чыгуунун этаптары:</u>

1. Өнүгүүнүн төмөнкү тармактарында ыктымалдуу тобокелдиктерди аныктоо максатында баштапкы экспресс-диагностиканы жүргүзүү:
   - Когнитивдик (кабылдоо, көңүл буруу, эс тутум, ой жүгүртүү);
   - Сүйлөө (үн чыгаруу, фонематикалык кабылдоо, сөз байлыгы, грамматикалык түзүлүш, ырааттуу сүйлөө);
   - Кыймылдаткыч (мотордук) – майда жана ири моториканын абалы, кыймылдарды координациялоо;
   - Академиялык көндүмдөр (эсеп чыгаруу жана эсептөө операциялары, окуй алуу жана жазуу).
2. Баланын өнүгүү деңгээлин комплекстүү (терең) диагностиканы (логопед, атайын педагог, психиатр, психолог, сурдолог ж.б.) Психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациянын (ПМПК) адистери жүргүзөт.
3. ЖОПту иштеп чыгуу, функцияларды аныктоо жана жоопкерчиликти бөлүштүрүү боюнча команданы түзүү.
   - ✓ ЖОПту иштеп чыгуу.
   - ✓ ЖОПту ишке ашыруу.
4. Окуудагы жетишкендиктерге мониторинг жүргүзүү, ЖОПту кайра карап чыгуу жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүү, отчеттор (ЖОПту 3 айда 1 жолу кайра карап чыгуу сунушталат).
ЖОПтун үлгүсүн документтин аягындагы тиркемелерде таба аласыз.

Ийгиликке жетип, жөндөмдүүлүктөрү, өнүгүү деңгээли, кызыкчылыктары жана башка айырмачылыктары менен шартталган балдардын ар кандай муктаждыктарын канааттандыруу үчүн педагогдор окутуу усулдарын, окуу чөйрөсүн, материалдарды өзгөртүшү керек.

### Тапшырма берүүдө ыңгайлашуунун ыкмалары
### (Окуу материалы менен тааныштыруу ыкмасын ыңгайлаштыруу)

- Көп баскычтуу нускаманы алгоритм түрүндө кыска кадамдарга бөлүш керек.
- Түзүлгөн окуу көндүмү чакан кадамдарга бөлүнгөндө, тапшырмаларды дозаларга бөлүштүрүш керек.
- Түшүнүүгө кыйын болгон сөздөрдү же сөз айкаштарын схемалык түрдө эмне кылуу керектигин көрсөткөн пиктограммаларга (сүрөттөргө) алмаштыруу зарыл.

- Тапшырмага көрсөтмөнү жөнөкөй жана кыска жазыш керек.
- Тапшырманын татаалдык деңгээлин өзгөртүүгө болот (тапшырманы жөнөкөйлөтсө болот).

  **Мисалы:** бардык окуучулар окулган текстти кайра айтып беришет, ал эми окууда кыйынчылык тарткан бала ошол тексттен айрым баракчаларда басылган жөнөкөй сүйлөмдөрдү, тиешелүү сүрөттөрдү тандап алат.
- Калыптанып келаткан көндүмдөрдүн, үйрөнүлгөн темалардын ырааттуулугун өзгөртүш керек.
- Жазуу жүзүндөгү оозеки көрсөтмөлөрдү толуктап чыгыңыз.
- Алардын татаалдык деңгээлин сактап, ал эми тапшырмалардын көлөмүн кыскартуу зарыл (азыраак тапшырма сунуштаса болот):

  **Мисалы:** математика боюнча мисалдардын жаңы тиби менен таанышууда окуучу бүт класс сыяктуу 10 мисалды эмес, 5 гана мисалды аткара алат.

  **Мисалы:** кыргыз тили (орус тили/өзбек тили) боюнча ал 5 сүйлөмдүн ордуна 3 сүйлөмдү гана көчүрүп жазып, андагы синтаксистик талдоону класстын башка окуучулары менен бирдей жасай алат.
- Тапшырманы аткарууга кошумча убакыт бериңиз.
- Жооп берүүдө көрсөтмөлүү куралдарды колдонуңуз.

Ошентип, тапшырманы ыңгайлаштыруунун варианттары таптакыр башкача жана анын ар кандай өңүттөрүнө тиешелүү болушу мүмкүн: тапшырмага нускамалар, анын көлөмү, татаалдык деңгээли, мазмуну.

***Ыңгайлаштыруу ыкмасы*** маалыматты иштетүүнүн өзгөчөлүктөрүнө, баланын окуу көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлине жараша болот.

**Окуучунун өнүгүү картасы** (мисал)

Окуучунун аты-жөнү: ______________________________

Класс: 1___

| **Предмет** | **Күтүлүп жаткан жыйынтыктар** | **1-чей-рек** | **2-чей-рек** | **3-чей-рек** | **4-чей-рек** |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз тили | Буюмдун атын туура угуп, туура кайталап айтат. | | | | |
| | Үндүү тыбыштар, алардын кыска жана созулма, жоон, ичке болуп айтылышын айырмалайт, жазат. | | | | |
| | Үнсүз тыбыштар, алардын айырмасы, жумшак, уяң жана каткалаң болуу белгилерин айырмалайт, айтат, жазат. | | | | |
| | Йоттошкон тамгаларды окуйт, жазылыш өзгөчөлүктөрүн билет. | | | | |
| | Түгөйлүү тыбыштарды дал келтирет. | | | | |
| | Тыбыштардын тамгалар менен белгиленишин, баш тамга жана кичине тамга болуу белгилерин билет, жазат. | | | | |
| | Сөздү муунга бөлүп ажыратат, үндүүлөрдүн ролун билет. | | | | |
| | Бир маанини түшүндүргөн сөздөрдү аныктайт. | | | | |
| | Бир нече маанини түшүндүргөн сөздөрдү билет, колдонот. | | | | |
| | Каршы маанини түшүндүргөн сөздөрдү билет, мисал келтирет. | | | | |
| | Окшош маанилүү сөздөрдү табат, сөз айкашын түзөт. | | | | |
| | Сүйлөмдө ким? эмне? кандай? эмне кылып жатат? деген суроого берген сөздөрдү, алардын кептеги маанисин билет. | | | | |
| | Сылык учурашуу, таанышуу, буюмду сурап алууга, кечирим суроого үйрөнөт. | | | | |
| Окуу жана жазуу | Сүйлөмдү, текстти муундап жана шар окууга үйрөнөт. | | | | |
| | Сүйлөмдү, тексттин мазмунун өз сөзү менен айтып берет. | | | | |
| | Так, туура, өз оюн жеткиликтүү айтып берет. | | | | |
| | Өз оюн чакан текст түрүндө айта билет. | | | | |
| | Тамгаларды бирдей чоңдукта, аралыктары бирдей, ирettүү орунда жазат. | | | | |
| | Сүйлөмдүн башында баш тамганы жазат. | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Жыл аягында 40 сөздөн турган жазуу текстти угуп, жаза алат. | | | | |
| Математика | Буюмдардын берилген тобунан белгилүү касиетке (түскө, өлчөмгө, формага) ээ болгон бир же бир нече буюмдарды бөлүп алат. | | | | |
| | "Ар бирөө", "бирөөнөн башкасы", "калгандары" сыяктуу сөздөрдүн, терминдердин маанисин түшүнөт. | | | | |
| | Геометриялык жөнөкөй фигуралар: тегерек, үч бурчтук, квадрат, төрт бурчтук, беш бурчтук ж.б. билет. | | | | |
| | Буюмдардын мейкиндикте жайгашуусун аныктайт: ("жогору жагында", "төмөн жагында", "арасында", "оң жагында", "сол жагында"). | | | | |
| | Буюмдардын өлчөмдөрүн салыштырат: ("чоң", "кичине", "ошондой узундукта", "узунураак", "кыскараак", "ичкерээк", "жоонураак", "жазыраак", "тарыраак"). | | | | |
| | Буюмдардын топторун салыштырат; "канча болсо ошончо", "көп", "аз". | | | | |
| | 0дөн 20га чейинки сандардын атайт, жазат. Буюмдарды санайт. | | | | |
| | Сандарды салыштырат, "чоң", "кичине", "барабар" түшүнүктөрдү, >, <, = белгилерди колдонот. | | | | |
| | Чекит жана сызыкты чийет. | | | | |
| | Кесиндинин узундугун ченейт (сантиметр, дециметр). | | | | |
| | Аралыкты түшүнөт. | | | | |
| | Бирдиктер жана ондуктар менен санайт. | | | | |
| | Кошуу «+» белгисин, "кошулуучулар" жана "сумма" терминдерин колдонот, кошуунун касиеттерин билет. | | | | |
| | Кемитүү «–» белгисин, "кемүүчү", "кемитүүчү", "айырма" терминдерин колдонот, кемитүүнүн касиеттерин билет. | | | | |
| | Бир орундуу санга 0, 1, 2, 3, 4 сандарын кошот. | | | | |
| | Сандан 0, 1, 2, 3, 4 сандарын кемитет. Кошуунун (кемитүүнүн) жадыбалы түшүнүгү. 1ди, 2ни, 3тү, 4тү кошуунун (кемитүүнүн) жадыбалдарын билет. | | | | |
| | Берилген санды бир нече бирдикке чоңойтууну (кичирейтүүнү) түшүнөт. | | | | |
| | Бир амалдуу жөнөкөй маселелерди кошуу жана кемитүүнүн жардамы менен чыгарат. | | | | |

**Окуучунун өнүгүү картасы** (мисал)

Окуучунун аты-жөнү: ______________________________

Класс: 6___

| **Предмет** | **Күтүлүп жаткан жыйынтыктар** | **1-чей-рек** | **2-чей-рек** | **3-чей-рек** | **4-чей-рек** |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз тили | Тексттин темасын, негизги оюн аныктайт. | | | | |
| | Тексттин түзүлүшүн талдайт. | | | | |
| | Тексттин планын түзө алат. | | | | |
| | Ар түрдүү сөздүктөр менен иштей алат. | | | | |
| | Диалектилик, кесиптик, архаизм жана неологизм сөздөрдү ажырата алат. | | | | |
| | Фразеологизмдердин маанисин талдайт, текст түзүүдө колдонот. | | | | |
| | Сөз жасоочу мүчөлөрдүн түрлөрүн пайдаланат. | | | | |
| | Тексттеги абзацтын ролун талдайт. | | | | |
| | Татаал сөздүн түрлөрүн жазылышын талдайт: кош сөздөр, кошмок сөздөр, кыскартылган сөздөр. | | | | |
| | Сөз жасоонун жолдору боюнча талдайт. | | | | |
| | Сөздөрдү жана сөз мүчөлөрүн жазуунун эрежелерин билет, колдонот. | | | | |
| | Татаал сөздүн түрүн ажырата билет, өзгөчөлүктөрүн байкайт. | | | | |
| | Сөздүн орфографиялык эрежелердин негизинде туура жазууга үйрөнөт. | | | | |
| | Зат атоочтун жөндөмөлөрүн талдайт. | | | | |
| Математика | Натуралдык сандарды окуйт, жазат, амалдарды аткарат. | | | | |
| | Координаталык шооланы колдонот. | | | | |
| | Сандын квадратын жана кубун эсептейт. | | | | |
| | Бөлүүчү жана бөлүнүүчүнү аныктайт. | | | | |
| | Жуп жана так сандар 2ге, 5ке, 10го, 3кө, 9га бөлүнүүчүлүктүн белгилерин табат. | | | | |
| | Калдыктуу бөлүүнү аткарат. Жөнөкөй жана курама сандарды билет. | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Санды көбөйтүүчүлөргө ажыратат. | | | | |
| | Кадимки бөлчөктөрдү окуйт, жазат, салыштырат, амалдарды аткарат. | | | | |
| | Ондук бөлчөктөрдү окуйт, жазат, салыштырат, амалдарды аткарат. | | | | |
| | Кадимки бөлчөктү ондук бөлчөккө келтирет. | | | | |
| | Сандын жакындатылган маанисин табат. Сандарды тегеректейт. | | | | |
| | Оң жана терс сандар менен амалдарды аткарат. | | | | |
| | Бүтүн сандар. Рационалдык сандарды билет, аныктайт, амалдарды аткарат. | | | | |
| | Маселе чыгарууда пропорцияны колдонот. | | | | |
| | Процентке карата маселелерди эсептейт. | | | | |
| | Чоңдуктарды байланыштырган көз карандылыкты камтыган маселелерди чечет: ылдамдык, убакыт, аралык; баасы, саны, наркы. | | | | |
| | Өлчөө бирдиктерин колдонот: салмагы, көлөмү, баасы; аралык, убакыт, ылдамдык. | | | | |
| | Берилиштерди таблицалар, мамыча диаграммалары түрүндө көрсөтө алат. | | | | |
| | Тилке диаграммаларды окуйт жана курат. | | | | |
| | Тегерек диаграммаларын окуйт. | | | | |
| | Геометриялык фигураларды аныктайт: кесинди, түз сызык, тегиздик, шоола, бурч, квадрат, куб, тик бурчтуу параллелепипед. | | | | |
| | Перпендикулярдуу жана параллель түз сызыктарды түзө алат. | | | | |
| | Жандаш бурчтарды жана вертикалдык бурчтарды табат. Бурчтарды жана кесиндилерди ченейт. | | | | |
| | Тик бурчтуктун аянтын, көп бурчтуктардын аянттарын эсептей алат. | | | | |
| | Айлананын узундугун, тегеректин аянтын эсептей алат. | | | | |
| | Көптүктөрдүн биригишин, кесилишин, айырмасын билет, амалдарды аткарат. | | | | |
| | Статистикалык маанилер орто маанини, арифметикалык орто санды аныктайт. | | | | |
| | Мода, медиана, арифметикалык орто санды аныктайт, маселелерди чыгарат. | | | | |

Инклюзивдүү билим берүү үчүн төмөнкү принциптерге шайкеш келген Калыптандыруучу баалоону (Окутуу үчүн баалоону) колдонуу маанилүү:

1. Баалоо ийкемдүү болот. Мугалим жыйынтыктарды көрүү үчүн ар кандай формаларды жана тапшырмаларды колдонот – бул сүрөт тартуу, графикалык иш, ролдук оюн, ыр айтуу жана башкалар болушу мүмкүн. Ошондой эле тапшырманы аткарууга көбүрөөк убакыт бөлүнөт.

2. Жекече окутуу программасына ылайык окуучунун окуудагы жылыштары бааланат. Суммативдик баалоону Иш портфолиосунун негизинде жүргүзсө болот (текшерүүчү тесттин жардамы менен эмес).

3. Баалоо Блумдун таксономиясынын жардамы менен сүрөттөөгө боло турган критерийлерге негизделген билим алуудагы өзгөчө муктаждыктарга жараша дифференцияланган. Мисалы, окуучу:

1) түшүнүктөрдү, терминдерди аныктайт,

2) окугандарын түшүнөт, түшүнүктөрдү жана терминдерди түшүндүрүп берет,

3) окуу кырдаалында түшүнүктөрдү, терминдерди, эрежелерди колдонот.

4. Окуучулар өзүн-өзү баалаганды жана бири-бирин баалаганды колдонушат.


5. Окуудагы жетишкендиктерди баалоодо мугалим бир окуучуну башка классташтары менен эмес, ӨЗҮ МЕНЕН, башкача айтканда, анын буга чейинки жетишкендиктери жана ийгиликтери менен салыштырганы өтө маанилүү.

6. Жекече окутуу программасы боюнча баалоо максаттар жана жыйынтыктар окуучулар жана ата-энелер менен төмөнкүлөр үчүн талкууланат:

– окуу ишиндеги ийгиликтерин көрсөтүү,
– көп кайталанган каталарды көрсөтүү,
– окууга кызыгууга шыктандыруу,
– окуучунун ага коюлган баа менен макулдугун камсыз кылуу.

Жеке муктаждыктарын эске алуу менен, мугалим маалыматты жеткирүүнүн ар кандай жолдорун колдонот: визуалдаштыруу, аудио жана видео жазуулар, кыймыл көнүгүүлөрү. Маалымат менен иштөөдө мугалим окуучулардын өз ара аракеттенүүсүнүн ар кандай түрлөрүн пландаштырат: жуп болуп, топтордо болуп, жекече иштөө. Окуучулардын жыйынтыктарын көрсөтүү тандоого жараша көп түрдүү тапшырмалар аркылуу уюштурулса болот: сүрөт тартуу, оозеки сүйлөө, жазуу жүзүндөгү текст, видеоролик, сахналаштыруу ж.б.

“Конкреттүү-Графикалык-Абстракттуу” жаңы түшүнүктөрдү киргизүү стратегиясынын мисалын келтирели. Мисалы, 6-класста математика сабагында мугалим 6 адамдан турган топторду уюштурат. Мугалим теманы атабастан окуучуларга алманы көрсөтүп, аны экиге бөлүп, “Бул баарына жетеби?” деп сурайт. Эгерде алманы дагы эки-экиге бөлүп чыксак, канча адамга жетчүдөй? Топтун баарына жетиши үчүн канча бөлүккө бөлүү керек? Мугалим алманы 6 бөлүккө бөлүп, 1ден таратып берет. Андан соң “Алманы бөлгөн сайын эмнени байкадыңар?” деп сурайт (бөлүктөр улам азая берди). Мугалим тактага тегеректи тартат, аны 6 бөлүккө бөлөт, 1 бөлүгүн боёп чыгат. Аягында 1/6 бөлчөк деп жазып, сабактын темасын “Бөлчөктөр” деп атайт.



Окуучулардын билимин жаңылап, бекемдөөдө “5 суроо” техникасын колдонуу сунушталат. “Бөлчөктүн” мисалында карап көрөлү. Мугалим тактага кластерди тартат жана балдардан бөлчөк темасына суроолорду түзүп чыгууну өтүнөт. Үлгүлүү суроолор:

“6” деген сан эмнени билдирет?

Бөлчөктөр кайсы жерде колдонулат?

Бөлчөк туура деп качан айта алабыз?

Эгерде жогорку сан (алым) 6дан (бөлүүчү) чоңураак болсочу?

Бөлчөктөр эмне үчүн маанилүү?

**1-схема. “5 суроо” техникасы**




Жаңы түшүнүктөр, терминдер менен иштөөдө балдар менен чогуу сөздөрдү айтып, муундарды аныктоо үчүн кол чаап, кабылдоо (көрүү, угуу, сыйпалоо, сезүү) сезимдерин колдонуу маанилүү.

**Ата-энелерди маалымдоо жана колдоо**

**Үй-бүлө** ар бир адамдын жашоосунда абдан маанилүү ролду ойнойт. Инсан катары эми гана калыптанып келаткан бала үчүн үй-бүлөнүн ролун баамдоо өзгөчө маанилүү. Ал үчүн үй-бүлө – бул социалдык статусуна, ден соолугунун абалына жана жеке өзгөчөлүктөрүнө карабастан, аны кандай болсо, ошондой кабыл алган эң жакын адамдар. Бала үй-бүлөдө пайда болгон көйгөйлөрдү чечип, жардам таба алат, аны түшүнүп, боор тартышат.

Бирок, ошол эле маалда үй-бүлө балада терс сапаттардын пайда болушуна себепчи болушу мүмкүн, өзгөрүп жаткан жашоо шарттарына анын ыңгайлашуусуна тоскоол болот.

Ата-эне балдардын жашоосундагы эң маанилүү чоң адамдар, ошондуктан алардын өз балдарынын өнүгүү жана окуу процессине таасир этүү мүмкүнчүлүгү да көбүрөөк болот. Балдарда мектеп тууралуу туура түшүнүктүн калыптануусуна ата-эненин өздөрүнүн да мектепке карата мамилеси көп жагынан таасир этет.

<u>Балдардын мектептин жашоосун туура кабыл алуусуна тоскоолдуктар:</u>

1) Кээде ата-эне балага тарбиялык жактан таасир этүү максатында мектеп же мугалим менен коркуткан учурлар кездешет: (“Мектепте мугалим сенин көзүңдү карап, эркелетип отурбайт!”, “Мугалим сага 2 коёт” ж.б.);

2) Ата-энелер адатта өз баласын ашыкча сындап, муну менен балада өзүнө болгон ишенимди азайтып, ийгиликке жете албайсың дегендей сезимди пайда кылып, “аңкоо, акылсыз, тарбиясыз” өңдүү сөздөрдү колдонушат.

3) Ата-эненин балага ашыкча үмүт артуусу: Ата-эненин баласынын окуудагы ийгиликтеринен күткөндөрү баланын чыныгы мүмкүнчүлүктөрүнө дал келбеши мүмкүн. Бул бала үчүн кошумча стрессти жаратышы ыктымал, айрыкча, окуу жөнүндө сөз болгондо бааларга гана басым жасалса ушундай болот.

4) Окуунун оордугуна ашыкча басым жасоо: Чоңдор окуу – бул өтө оор эмгек деп, болгон көңүлдү ушуга гана бурса, баланын ойногонго убактысы болбосо, бул балада тынчсыздануунy пайда кылып, ал мектепке баргысы келбей калышы мүмкүн.

5) Реалдуулукка жакын эмес күтүүлөр: Чоңдор мектепте кыйынчылыктар болбойт деп ырастап, мектептеги жашоону өзгөчө сонун кылып сүрөттөшсө, бул балада чоң үмүттөрдү жаратып, кийинчерээк андай болбой калганына көңүлү чөгүп, нааразычылыкты жаратышы мүмкүн.

**Мектепке көнө албай кыйналган балдардын ата-энелери эмнелерди жасай алышат?**

Бала (кыз же эркек бала) каалаган убакта ата-энесинен колдоо жана жардам таба аларына ишениши керек!

Ата-энелер балдарына төмөнкүлөрдү бере алышы керек:

◊ Таанып-билүү эркиндигин (бала “шылдың болом же жазаланам” деп коркпостон, дүйнөдөгү болгон нерселердин баарын сурай алат)

◊ Сүйлөө эркиндигин (бойго жеткен адам бала менен ишенимге негизделген мамилени түзүп, анын дүйнө таанымын кеңейте алган диалог кура билиши керек)

◊ Тандоо эркиндигин (балага сабактарды тандоодо эркиндик берилип, ага жигердүү катыша тургандай болушу керек)

Ата-эненин бала менен баарлашуусу дегенде чоңдор баланын жашоосуна жана иштерине аралаша алат дегенди билдирет.

Эмоционалдык жактан бакубат үй-бүлөдө:

- бала менен чоң адам бири-бирине карата оң эмоцияларды сезишет;

- бала жөн гана тапшырмаларды аткаруучу эмес, ал активдүү жана ойлоп тапкыч;

- чоң адам менен бала – булар бири-бирине кызыкдар болгон тең укуктуу өнөктөштөр;

- чоң адам баланы кандай болсо, ошондой кабыл алат, анын ичинде анын күчтүү жана чабал жактарын да.

Ата-энеден баланын күнүмдүк режими, тамактануусу канчалык туура уюштурулганы көз каранды болот. Бул ден соолукту сактоонун да, ийгиликтүү окуунун да шарты.

**Ата-эненин жүрүм-турумундагы негизги стратегия – бул бала менен эмоционалдык-позитивдүү жана колдоо көрсөтүүчү байланыш!**

## Жергиликтүү уюмдар менен өнөктөштүк. Мектептин социалдык өнөктөштүгү.

Мектепте инклюзивдүү чөйрөнү түзүү физикалык, психологиялык, социалдык-маданий, диний өзгөчөлүктөрүнө карабастан бардык балдарды бирдиктүү билим берүү мейкиндигине тартууну камтыйт. Бул максатка жетүү үчүн жалгыз гана мектептин күч-аракети жетишсиз болот, мектеп, ата-энелер, социалдык кызматтар, коомдук уюмдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, балдарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө колдоо көрсөтө ала турган башка мекемелердин ортосунда өнөктөштүктү түзүү зарыл. Бардык катышуучулардын биргелешкен күч-аракеттери гана ар бир баланын толук кандуу өнүгүүсүн жана билим берүү чөйрөсүнө интеграцияланышын камсыздай алат.

Бул маселени чечүүнүн жолдорунун бири – мектептин курчап турган тышкы чөйрөнүн субъекттери менен социалдык өнөктөштүгүнүн натыйжалуу иштеген системасын куруу болуп саналат. Мектеп менен тышкы чөйрөнүн социалдык өнөктөштүгү – мектеп максаттуу уюштурган, бардык тараптардын окуучулардын өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүүгө кызыкдарлыгынын негизинде пайда болгон тең укуктуу субъекттердин ыктыярдуу жана өз ара пайдалуу мамилелери.

Турмуштук оор кырдаалда турган балдар менен иштөөдө кайсы өнөктөштөр мектепке пайдалуу боло аларын түшүнүү үчүн социалдык педагог башка мугалимдер жана администрациянын өкүлдөрү менен биргеликте мектептин социалдык өнөктөштөрүнө талдоо жасап чыгып, алардын картасын түзүшү керек.

Биринчи кезекте турмуштук оор кырдаалда турган балдарды интеграциялоо жана реабилитациялоо процессине өздөрүнүн функционалдык милдеттеринин алкагында кайсы мамлекеттик ведомстволор, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын өкүлдөрү тартылышы керектигин билип алуу зарыл. Андан соң чечим кабыл алуучуларды аныктап, алар менен байланыш түзүш керек.

**Социалдык кызматтар менен эриш-аркак иштешүү**

**Социалдык кызматтар** балдарды тарбиялоодо кыйынчылыктарга туш болгон үй-бүлөлөргө жардам берүүгө багытталган кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири өңүтүн сунуштайт. Инклюзивдүү чөйрөнү түзүүгө алардын катышуусунун маанилүүлүгү төмөнкүчө:

| | |
|---|---|
| **Үй-бүлөлөргө социалдык колдоо.** Өзгөчө муктаждыгы бар балдарды тарбиялаган көптөгөн үй-бүлөлөр психологиялык, материалдык же социалдык колдоого муктаж. Социалдык кызматтар консультация, жеңилдиктерди берүү, балдарды реабилитациялоодо жардам жана башка кызмат көрсөтүүлөр түрүндө жардам уюштура алышат. | **Балдарга психологиялык колдоо көрсөтүү.** Социалдык кызматтын адистери балдар менен иштешип, алардын мектеп чөйрөсүнө ыңгайлашуусуна, баарлашууга жана окууга байланышкан коркуу жана тынчсыздануу сезимдерин жеңүүгө жардам берет. |

**1. Мамлекеттик ведомстволор жана муниципалдык кызматтар менен иштешүү**

Инклюзия, миграция, репатриация жана жарандарды реинтеграциялоо маселелери билим берүү системасын гана эмес, мамлекеттин ишинин башка чөйрөлөрүнүн басымдуу бөлүгүн да камтыган процесстер болгондуктан, мектеп үчүн бул ар бир ведомствонун ресурстарын пайдалануу мүмкүндүгү болуп саналат. Өзүнүн функционалдык милдеттеринин алкагында турмуштук оор кырдаалга кабылган, травма алган жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө кабылган балдар менен иш алып барууга милдеттүү болгон негизги ведомстволорду карап көрөлү.

| Социалдык өнөктөш | Иш чөйрөсү | Кызматташуу мүмкүнчүлүктөрү |
|---|---|---|
| КР Саламаттык сактоо министрлиги (аймактык мекемелер) | ● Согуш жүргөн аймактардан кайтып келген балдардын муктаждыктары боюнча баштапкы медициналык кызматтарды көрсөтүү.<br>● Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар үчүн медициналык корутундуларды жана сунуштамаларды берүү.<br>● Психологиялык жардам көрсөтүү үчүн көмөктөшүү | Сергек жашоого багытталган иш-чаралардын алкагында адистерди чакыруу, травма алган балдарга консультация берүү же диагноз коюу үчүн Саламаттык сактоо министрлигинин өнөктөштөрү аркылуу психологду тартса болот. |


| | | |
|---|---|---|
| КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги.<br>Мектеп үчүн үй-бүлөлөргө жана балдарга социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү боюнча чечимдерди даярдоо башкармалыгы пайдалуу болушу мүмкүн: үй-бүлөлөргө жана балдарга социалдык коштоо көрсөтүү сектору<br>Миграция маселелери боюнча чечимдерди даярдоо башкармалыгы: кайрылмандар жана качкындар менен иштөө бөлүмү<br>Гендердик саясат жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо боюнча чечимдерди даярдоо бөлүмү | Социалдык-педагогикалык кызматтарды көрсөтөт, атап айтканда:<br>● социалдык-педагогикалык консультацияларды берет;<br>● майыптыгы бар же өнүгүүсүндө бузулуулар бар балдарды тарбиялоо жана окутуу максатында шарттарды түзүүнүн үстүнөн иштейт;<br>● жергиликтүү деңгээлде муктаждыктарын аныктоону, баалоону, турмуштук оор кырдаалда турган жарандарды, үй-бүлөлөрдү жана балдарды социалдык жактан колдоону, жарандардын социалдык жактан аярлуу категорияларына мамлекет кепилдеген социалдык кызматтарды көрсөтүүнү уюштурган социалдык кызматтардын тармагын түзөт;<br>● социалдык долбоорлорду конкурс аркылуу тандоону, каржылоону, алардын ишке ашырылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзүүнү жүзөгө ашырат;<br>● балдарга жана алардын ата-энелерине, аларды алмаштыруучу адамдарга, жарандарга телефон аркылуу, анын ичинде балдарга карата ырайымсыз мамиле жасалган жана зомбулук көрсөтүлгөн учурларда чукул консультациялык-психологиялык жардам көрсөтөт; | Ата-энелерге социалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалымат берүү үчүн адистерди чакыруу.<br>Мектепке инклюзия боюнча иш-чараларды өткөрүү максатында Мамлекеттик социалдык заказга катышуу үчүн долбоордук өтүнмөлөрдү иштеп чыгуу. |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы (айыл өкмөтү, жергиликтүү кеңештер, мэриялар) | ● Балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу;<br>● Репатриацияланган үй-бүлөлөрдү эсепке алуу;<br>● Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу. | Мектепке инклюзивдүү билим берүүнү колдоо боюнча иш-чараларды киргизүү үчүн Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын иштеп чыгууга катышуу.<br>Чечим кабыл алуучу адамдарды конок, адис катары мектептеги иш-чараларга чакыруу. |
| КР Ички иштер министрлиги<br>Коомдук коопсуздук кызматы | ● Жашы жетпегендердин арасында укук бузуулардын алдын алуу<br>● Жарандардын укуктарын коргоо, үй-бүлөлүк зомбулук | Жооптуу адистерди мектептеги иш-чараларга конок, адис катары чакыруу. |

| | | |
|---|---|---|
| | көйгөйү жөнүндө калктын маалымдуулугун жогорулатуу, жооп кайтаруунун жана колдоонун натыйжалуу системасын түзүү. | Жашы жетелектердин иши боюнча инспекция менен иштөө |
| Райондук, шаардык китепканалар, маданият үйлөрү | Балдар жана чоңдор үчүн, анын ичинде өзгөчө муктаждыгы бар жарандар үчүн маданий-агартуу иш-чараларын уюштуруу. | Китепканалардын аянтчасын көп түрдүүлүктү жана инклюзияны жайылткан биргелешкен ачык иш-чаралар (концерттер, окуу клубдары, жолугушуулар, стол оюндары) үчүн пайдалануу. Ошондой эле бул травманы башынан өткөргөн окуучуларга жагдайды өзгөртүүгө, окуу жана эс алуу үчүн альтернативалык жер менен таанышууга мүмкүнчүлүк берет. |

**Бул социалдык өнөктөштөрдү картага түшүрүүнүн жана мектеп менен кызматташуунун мүмкүн болгон жолдорунун мисалы**

Ар бир мектеп өнөктөштөр менен иштөө планын түзүп жатканда өнөктөштөрдүн чөйрөсүн аныктап, аны 3 зонага бөлө алат: 1-зона – жакын өнөктөштөр, алар менен иш туруктуу негизде жүргүзүлүүгө тийиш, 2-зона – мезгилдүү кызматташтык түзүлсө жакшы болмок деген өнөктөштөр, 3-зона – ыктымалдуу өнөктөштөр, алар менен сейрек кездешесиң, бирок иштей аласың. Өнөктөштөрдүн бардык категорияларын ушул үч зонага бөлүштүрүп чыкса болот.

**Өнөктөштөрдү зоналар боюнча картага түшүрүү**




### 2. Ата-энелер/камкорчулар менен өнөктөштүк

**Ата-энелер** балдардын жашоосунда негизги ролду ойношот, ошондуктан алардын мектепте инклюзивдүү чөйрөнү түзүүгө катышуусу өтө маанилүү. Ата-энелер менен натыйжалуу эриш-аркак иштешүү баланын муктаждыктарын тереңирээк түшүнүүгө жардам берет жана ар кандай кыйынчылыктарга өз убагында жооп берүүгө шарт түзөт. Ата-энелер менен бекем мамиле түзүү

үчүн төмөнкүлөр керек:

- **Үзгүлтүксүз баарлашуу жана ачык-айкындуулук.** Мектеп ата-энелер менен үзгүлтүксүз диалог жүргүзүп, баланын өнүгүүсү жөнүндө маалымдап, анын жетишкендиктери менен кыйынчылыктарын талкуулап турууга тийиш. Мунун баары чогулуштар, жеке консультациялар, мессенджерлер аркылуу жасалса болот.

- **Ата-энелерди колдоо жана тартуу.** Ата-энелер адатта билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар жана тобокелдик тобуна кирген балдар менен иштөө үчүн колдонулган билим берүү ыкмаларын жана технологияларын түшүнүү үчүн жардамга муктаж. Ата-энелер үчүн билим берүү семинарларын жана тренингдерди уюштуруу алардын өз балдары менен жакшы мамиледе болушуна жардам берет, адатта көпчүлүк ата-энелер балдары менен сүйлөшпөйт жана муну кантип жасаш керектигин билишпейт, алар багуучунун ролу менен гана чектелип кала беришүүдө. Ата-энелер менен иштөө максатында ата-энелер үчүн өзүн-өзү таануу модулу жардам берет (тиркемени караңыз).

- **Ата-энелер комитетинин иши.** Бул мектеп менен ата-энелер коомчулугун байланыштырып турган негизги чынжыр. Комитет аркылуу көп түрдүүлүктүн, басмырлабоо баалуулуктарын сүрөп, бул принциптерди агартуу аркылуу түшүндүрсө болот. Себеби, ата-энелердин басымдуу бөлүгү балдары үчүн ролдук модель болуп саналат жана көбүнчө чыр-чатактуу жүрүм-турумдун булагы үй-бүлөдө болот. Жигердүү ата-энелер менен биргеликте инклюзивдүү билим берүү үчүн биргелешкен чечимдерди жана программаларды иштеп чыгууга болот.

**3. Коомдук уюмдар менен кызматташуу**

Инклюзивдүү билим берүү жана билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар балдарды колдоо маселелери менен алектенген **коомдук уюмдар** мектеп үчүн маанилүү өнөктөш боло алышат. Алардын жардамы менен төмөнкүлөр мүмкүн болот:

- **Ресурстарды жана каржылоону тартуу.** Көптөгөн коомдук уюмдар, демилгелүү топтор чакан гранттарды беришет же мектептерде инклюзивдүү программаларды иштеп чыгууга жана киргизүүгө багытталган долбоорлорго катышууга мүмкүнчүлүк беришет. Ошондой эле инклюзивдүү чөйрөнүн элементтерин киргизүү үчүн керек болгон каражаттарды чогултуу максатында марафондорду жана акцияларды же башка иш-чараларды уюштурууга жардам бере алат.

- **Билим берүү программаларын өткөрүү.** Коомдук уюмдар адатта педагогдор, ата-энелер жана балдар үчүн семинарларды жана тренингдерди уюштуруп турушат, бул иш-чаралар инклюзивдүү чөйрөдө маалымдуулукту жана көндүмдөрдү жогорулатууга багытталат.

- **Маалыматтык колдоо.** Коомдук уюмдар менен кызматташуу мектептерге инклюзивдүү окутууну натыйжалуу уюштурууга жардам берүү үчүн тажрыйба алмашууга, методикалык материалдарга жана изилдөөлөргө көмөктөшөт.

Мектеп менен социалдык өнөктөш катары иш алып барган уюмдардын ортосундагы мамилелер келишимдик мамилелердин – кызматташуу жөнүндө макулдашуулардын негизинде түзүлүшү мүмкүн. Кызматташуу жөнүндө келишимдин негизинде макулдашууларды бекемдөө үчүн биргелешкен иш-чаралардын планын иштеп чыгуу зарыл. Бул мектепке педагогикалык курамга түшкөн оорчулукту азайтууга жана инклюзивдүү мамилени, анын ичинде кайтып келгендердин балдарын реинтеграциялоону ишке ашыруу үчүн ресурстарды тартууга мүмкүндүк берет.

**Корутунду**

Мектеп бул ар бир адамдын жашоосундагы маанилүү этап, анда балдар билимге гана ээ болбостон, ошону менен бирге инсан катары калыптануусунун оң жана терс жактарын көрсөтө башташат, бул жетилген куракта коомго аралашуусу үчүн негиз болуп берет, ал эми бул процессте педагогдор адамдын социалдык жана укуктук жактан корголушунун биринчи кепилдиги болуп саналат. Азыркы учурда өлкөдө саясий жана экономикалык өзгөрүүлөр болуп жаткандыктан, заманбап мектеп да өзгөрүүлөргө умтулуп, тышкы гана эмес, ички да резервдик мүмкүнчүлүктөрдү издөөгө тийиш. Бул мүмкүнчүлүктөрдү педагогдор алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн колдоно алышат. Ар бир мектеп ар бир баланы билим берүү процессине кошуу үчүн шарттарды түзүүгө даяр болушу керек.

Билим алууда өзгөчө муктаждыктары бар баланы ыңгайлуу окутуп, тарбиялоо үчүн бардык шарттары бар билим берүү чөйрөсү инклюзивдүү билим берүү чөйрөсү деп аталат.





**Баланын мектепке көнүп кетүүсүнө кантип жардам берсе болот?**

- Биринчи кезекте бала квалификациялуу **психологиялык колдоого** муктаж. Адис баланын көнө албай жаткан себептерин аныктайт, окуучунун психофизикалык абалына баа берет жана тиешелүү чараларды көрөт.
- Бирок **ата-энелер** катышпаса, ар кандай психологиялык-педагогикалык чаралар натыйжа бербейт. Балаңыз менен ишенимдүү мамиле түзүп, кызыгууңузду көрсөтүп, ага дем берип, ийгиликтери үчүн мактап туруу зарыл. Бала начар баа алып калса же мугалимдер жана башка балдар менен тил табыша албай жатса, бул үчүн аны урушуунун кажети жок. Ар кандай сын-пикирлер сылык түрдө жана конструктивдүү айтылууга тийиш – жөн гана кемчиликтерди көрсөтпөстөн, маселени чечүүнүн жолдорун сунуштай аласыз.
- **Мугалимдер** окуучуга мектепке көнүүгө жардам беришет: сабакта жакшы маанайды сактап, баланын кыйынчылыктарына түшүнүү менен мамиле кылуу зарыл.



## Ийгиликтүү ыңгайлашуунун жана интеграциялоонун стратегиясы




***Социалдык ыңгайлашуу*** (адамдын жаңы социалдык чөйрөнүн шарттарына ылайыкташуусу) инсандын коомго аралашуусунун негизги механизмдеринин бири болуп саналат. Жаңы гана таанышкан чоң адамдар, бейтааныш балдар менен жолугушуу тегиз, жумшак, зыян келтирбегендей өткөнү абдан маанилүү. Бул жерде көп нерсе баланын өнүгүүсү, анын жан дүйнөсүнүн тынчтыгы, жашоону кубанычтуу кабыл алуусу үчүн өзүнө жоопкерчилик алган мугалимден көз каранды. Мугалим башка балдар баланы кандай кабыл алаарына, командасына (бул окууга, оюнга жана башка иш-чараларга тиешелүү) кабыл алабы же жокпу – ушуга таасирин тийгизе алат.

Бул маселенин оң чечилишинин биринчи баскычы – МУГАЛИМДИН окуучуга назарын буруп, жылуу мамилеси.

Билим берүү уюму башка социалдык институттар менен эриш-аркак иштешүүдө аярлуу топторго кирген балдардын коомго ийгиликтүү ыңгайлашуусу жана андан ары интеграцияланышы үчүн кыйла жагымдуу шарттарды түзө алат.

Ыңгайлашуу жана интеграциялоо бири-бири менен баскычтар боюнча байланышкан: кабыл алып жаткан коомдун социалдык, маданий, экономикалык жана укуктук реалдуулугуна ийгиликтүү ыңгайлашкан, мектепке чейинки же мектеп уюмунда билим алган окуучу гана өзүнүн жашоо-турмушунун процессинде акырындык менен жергиликтүү жамаатка интеграцияланып жана анын толук укуктуу мүчөсү боло алат.

## Колдонулган адабият


1. Акарачкова Е.С., Блинов Д.В., Котова О.В., Кадырова Л.Р., Лебедева Д.И., Мельникова И.М. ж.б. Балдардагы стресс: балада адаптациялык резервдерди кантип активдештирүүгө болот (Стресс у детей: как активировать адаптационные резервы у ребенка) РМЖ. 2018;6(9):45–51. Шилтеме: https://www. rmj.ru/articles/pediatriya/Stress_udetey_kak_aktivirovaty_adaptacionnye_ rezervy_urebenka.
2. Беркли-Ален М. "Унутта калган уга билүү искусствосу" («Забытое искусство слушать»), СПб., 1997. 193-194-беттер.
3. 2023-жылдын 11-августундагы №179 Билим берүү жөнүндө КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ. https://cbd.minjust.gov.kg/112665/edition/1273902/ru
4. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү окуучулар үчүн жалпы башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты, кыргыз жана орус тилдеринде, https://soros.kg/wp-content/uploads/2019/08/Gosudarstvennyj-obrazovatelnyj-standart-nachalnogo-obshhego-obrazovaniya-obuchayushhihsya-s-ogranichennymi-vozmozhnostyami-zdorovya.pdf
5. САБЫРДУУЛУК ПРИНЦИПТЕРИНИН ДЕКЛАРАЦИЯСЫ (ЮНЕСКОнун Башкы конференциясынын 1995-жылдын 16-ноябрындагы 5.61-резолюциясы менен кабыл алынган) https://drive.google.com/file/d/1wnTBlzxam6t--gJjlfjXD-V3rdGk-Am3/view?usp=sharing
6. Жекече окутуу планы. – Б., Сорос. - 2019. – 50 бет.
7. 2012-жылдын 10-июлундагы №100 КР Балдар жөнүндө кодекси (2017-жылдын 27-апрелиндеги №64КР Мыйзамынын редакциясында), http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203700/20?cl=ru-ru
8. Баланын укуктары жөнүндө конвенция, https://cbd.minjust.gov.kg/17444/edition/297484/ru
9. Кыргыз Республикасында инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүүнүн Концепциясы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-июлундагы №360 токтомуна 1-тиркеме); http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/14591
10. Кутбиддинова, Р. А. Стресстин психологиясы (стресстин түрлөрү, диагностика, өзүн-өзү жөнгө салуу ыкмалары): окуу усулдук колдонмо (Психология стресса (виды стрессовых состояний, диагностика, методы саморегуляции): учебнометодическое пособие) / Р. А. Кутбиддинова. – Южно-Сахалинск : СахГУ, 2019. – 124 бет.
11. Методикалык окуу китеби: жапырт жалпы билим берүү мектебинде окуунун баштапкы этабында мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын инклюзивдүү практикасын уюштуруу. https://soros.kg/wp-content/uploads/2019/08/inclusive-practice.pdf
12. Согуш жүрүп жаткан аймактардан кайтып келген балдарды психологиялык-педагогикалык коштоо жана социалдык ыңгайлаштыруу боюнча адистерди окутуу программалары үчүн методикалык сунуштамалар / О.Е. Хухлаевдин, О.С. Павлованын, Н.В. Тарулинанын ред. алдында. –М.: ФГБОУ ВО МГППУ, 2022. – 532 бет. http s://portal.gnezdo.live/school
13. Орто мектепте жарандык билим берүүнүн модели. Сабактан тышкаркы тарбиялык чөйрөнү уюштуруунун алкагында окуучулардын жарандык компетенцияларын өнүктүрүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Б.: 2019. – 116 бет.
14. Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоонун тартиби жөнүндө жобо. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июнундагы №391 токтому менен бекитилген. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/97688
15. 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүү программасы, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/14592
16. Инклюзивдүү класста Жекече окуу планын ишке ашыруу боюнча колдонмо. – Б., Сорос. – 2020. – 57 бет. https://soros.kg/wp-content/uploads/2021/03/rukovod-po-individ-ucheb-v-inkluziv-klas-obrazov-prog.pdf

17. “КР Билим берүү уюмдарында инклюзивдүү билим берүүнү өнүктүрүүнүн типтүү программасын” иштеп чыгуу боюнча колдонмо, авторлор-түзүүчүлөр: Мамбетова С.С., Романова Т.Н. ж.б. -Б. 2020, - 35 бет. https://soros.kg/wp-content/uploads/2021/03/tipovaya-program-razvit-inkluz-obrazov.p
18. Мектепке барбаган балдар менен иштөөдө социалдык педагогдун иш-аракеттеринин протоколу. Б.2019. – 62 бет. Иштеп чыгуучулар: Дуйшенова Ж. Д., Асекова Ж. Д. (Окуу-методикалык материалдар ЮНИСЕФтин жана Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен КР Билим берүү жана илим министрлигинин буйрутмасы боюнча “Өлкөнүн келечеги” коомдук фонду тарабынан даярдалган) https://ffc.org.kg/images/soc_edu/protokols.pdf
19. Өзгөчө муктаждыктары бар адамдар үчүн билим берүү чөйрөсүндөгү принциптер, саясат жана практикалык иш-аракеттер жөнүндө Саламанка декларациясы (Саламанка, Испания, 1994, ЮНЕСКО, Билим берүүдө өзгөчө муктаждыктар боюнча эл аралык конференцияда (Special Needs Education) 92 өлкөнүн өкмөттөрү жана 25 эл аралык уюм кабыл алган)
20. Инклюзивдүү жана атайын билим берүү терминдеринин сөздүгү-маалымдамасы https://kao.kg/wp-content/uploads/2022/02/slovar.pdf
21. Сорина Петрикэ. ***“Антибуллинг – мугалимдер үчүн программа”*** (“Terre des hommes – Lausanne”аттуу швейцариялык фонддун Молдова Республикасындагы Өкүлчүлүгү – 2021)
22. Жалпы билим берүү уюмундагы социалдык педагогдордун функционалдык милдеттери. КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 30-августундагы №1033/1 23 буйругуна тиркеме
23. Inclusive education development in Central Asia, Ch. Djumagulova, Save the Children, Bishkek-2004
24. Schools for all , Save the children, file:///C:/Users/Damira/Downloads/1758.pdf Smith, P.K., Pepler, G. şi Rigby, K. (2004). Bullying in schools: how successful can interventions be?. Cambridge University Press, NewYork Dezvoltată de Pikas (1989, 2002 – Method of Shared Concern)

**Тиркеме 1**

**Э.М. Александровскаянын методикасы боюнча мектепте мигрант баланын социалдык-психологиялык адаптациясын изилдөө схемасы (мугалимдин эксперттик баалоосу)**

Максаты: методика окуу ишинин натыйжалуулугун, жүрүм-турум ченемдерин жана социалдык байланыштарды ийгиликтүү өздөштүрүүнү, 1-5-класстардын окуучуларынын эмоционалдык бакубатчылыгын аныктоого арналган. Нускама: Ушул тапта баланын абалын эң так чагылдырган ырастаманы тандап алып, таблицага упайларды киргизиңиз.

**1-шкала "Окуу активдүүлүгү"**

5 упай – сабакка жигердүү катышып, колун көп көтөрүп, туура жооп берет.

4 упай – класста иштейт, туура жана туура эмес жооптор кезектешип турат.

3 упай – колун кээде гана көтөрүп, туура жооп берет.

2 упай – сабакта окуу активдүүлүгү кыска мөөнөттүү мүнөзгө ээ, көп учурда алаксып, суроону укпай калат.

1 упай – сабакта жигердүү эмес, тактага чыкканда жооп бербейт, тактадан эле даяр нерсени көчүрүп алат.

0 упай – окуу активдүүлүгү жокко эсе (окуу процессине кошулбайт).

**2-шкала "Билимдерди өздөштүрүү"**

5 упай – мектептеги бардык тапшырмаларды туура, катасыз аткарат.

4 упай – анча-мынча сызып оңдолгон жерлер, айрым каталар бар.

3 упай – тамгаларды өткөрүп жиберүү же алмаштыруу өңдүү бир аз каталар бар.

2 упай – негизги предметтердин бири боюнча материал начар өздөштүрүлгөн, каталар көп.

1 упай – каталар көп, тапшырмаларды чала аткарат, көп оңдойт, чийип, өчүрөт.

0 упай – бардык предметтер боюнча программалык материалды начар өздөштүрөт, одоно каталары көп.

**3-шкала "Сабактагы жүрүм-туруму"**

5 упай – тынч отурат, мугалимдин бардык талаптарын аткарат.

4 упай – мугалимдин талаптарын аткарат, бирок кээде алаксып кетет.

3 упай – анда-санда артка бурулуп, жолдоштору менен сүйлөшөт.

2 упай – адатта өзүн эркин сезбейт, жоопторунда чыңалуу байкалат.

1 упай – мугалимдин талаптарын жарым-жартылай аткарат, бөтөн иштерге алаксып, ары-бери басып, көп сүйлөйт.

0 упай – мугалимдин талаптарын аткарбайт, сабактын басымдуу бөлүгүн ар кандай иштерге алаксып өткөрөт (оюнга көбүрөөк кызыгат).

**4-шкала "Тыныгуу маалындагы жүрүм-турум"**

5 упай – оюн активдүүлүгү жогору, балдардын оюндарына берилип катышат.

4 упай – көп ойнобойт, мунун ордуна китеп окуганды жакшы көрөт, тынч оюндарды жактырат.

3 упай – болгон активдүүлүгү – кийинки сабакка даярдануу менен чектелет.

2 упай – балдардын бир тобунан экинчи тобуна өтүп, өзүнө ылайыктуу оюн таба албайт.

1 упай – пассивдүү, көп кыймылдабайт, башка балдардан өзүн алыс кармайт.

0 упай – жүрүм-турум эрежелерин көп бузат, ойноп жаткан балдарга жолтоо болот, кыйкырат, айтканды укпайт, чуркайт.

**5-шкала “Классташтары менен мамилеси”**

5 упай – мамилечил, балдар менен оңой эле тил табышып кетет.

4 упай – баарлашууда демилгени өзү көтөрбөйт, бирок башка балдар кайрылганда оңой эле сүйлөшүп кетет.

3 упай – байланыш чөйрөсү чектелүү, тааныш балдар менен гана сүйлөшөт.

2 упай – балдардын жанында жүрө берет, бирок алар менен байланышпайт.

1 упай – түнт, башка балдардан обочолонуп жүрөт, жалгыз болгонду артык көрөт, башка балдар ага кайдыгер карайт.

0 упай – балдарга негативдүү мамиле жасайт, дайыма урушту баштап, аларды таарынтат, башка балдар аны жактырышпайт.

**6-шкала “Мугалимдерге мамилеси”**

5 упай – мугалимге достордой мамиле жасайт, ага жакканга умтулат, сабактан кийин мугалимге көп кайрылат, аны менен сүйлөшүп турат.

4 упай – мугалимдин өзү жөнүндө жакшы пикирин баалайт, анын бардык талаптарын аткарууга умтулат, зарыл болгон учурда өзү ага жардам сурап кайрылат.

3 упай – мугалимдин талаптарын аткарганга тырышат, бирок жардам сурап, классташтарына көбүрөөк кайрылат.

2 упай – мугалимдин талаптарын аткарат, аны менен баарлашууга формалдуу кызыгат, өзүн ашыкча көрсөтпөгөнгө аракет кылат.

1 упай – мугалим менен байланышуудан качат, мугалим менен баарлашууда өзүн жоготуп, акырын сүйлөйт.

0 упай – мугалим менен баарлашуу терс эмоцияларга алып келет, бир аз эле сын айтылса, ошол замат ыйлайт.

**7-шкала “Эмоционалдык бакубатчылык”**

5 упай – маанайы жакшы, көп жылмаят, көп күлөт.

4 упай – эмоционалдык абалы тынч.

3 упай – маанайы анда-санда чөгүп турат.

2 упай – терс эмоциялар байкалат: тынчсызданат, капаланат, таарынат, ачууланат.

1 упай – эч себепсиз ыйлай берет, агрессивдүү реакция жасайт.

0 упай – депрессиялык абал үстөмдүк кылат, агрессия балдар менен да, мугалим менен да мамиледе байкалат.

Мектептеги окуучулардын социалдык-психологиялык ыңгайлашуусу (мугалимдин эксперттик баасы)

Класс _______20__– 20_____-окуу жылы

№ п/ п

Окуучунун аты-жөнү

Окуу активдүүлүгү

Билимди өздөштүрүүсү

Класстагы жүрүм-туруму

Танапистеги жүрүм-туруму

Классташтар менен мамилеси

Мугалимге болгон мамилеси

Эмоционалдык бакубатчылыгы

Жыйынтык упай

1 2 3 4 5 6 7

Жыйынтыктарды иштетүү:

22 – 35 упай – ыңгайлашуу зонасы (ыңгайлашуунун жогорку деңгээли)

15 – 21 упай – толук эмес ыңгайлашуу зонасы (ыңгайлашуунун орточо деңгээли)

14 – 0 упай – дезадаптация зонасы (ыңгайлашуунун төмөнкү деңгээли, дезадаптация)

**Тиркеме 2**

**«Ата-энелердин эксперттик баалоосу» методикасы боюнча баланын мектепке социал-дык-психологиялык адаптациясын изилдөө схемасы**

Баланын аты-жөнү__________________________________________Класс____

Ата-эненин аты-жөнү_________________________________________________

Нускама: ушул тапта баланын абалын баарынан так чагылдырып турган ырастаманы тандап алыңыз.

**I шкала “Мектеп тапшырмаларын ийгиликтүү аткаруу”**

А) Мектепте берилген тапшырмаларды катасыз туура аткарат.

Б) Анча-мынча сызып оңдолгон жерлер, айрым каталар бар.

В) Тамгаларды өткөрүп жиберүү же алмаштыруу өңдүү бир аз каталар бар.

Г) Негизги предметтердин бири боюнча материал начар өздөштүрүлгөн, каталар көп: тапшырмалар көңүл бурулбай аткарылган.

Д) Бардык предметтер боюнча программалык материал начар өздөштүрүлгөн.

**II шкала “Мектепте берилген тапшырмаларды аткаруу үчүн балага зарыл болгон күч-аракеттердин даражасы”**

А) Бала жеңил, эркин, чыңалуусуз окуйт.

Б) Мектепте берилген тапшырмаларды аткаруу балага өзгөчө кыйынчылык жаратпайт.

В) Бала кээде оңой аткарат, кээде өжөрлүгүн көрсөтөт, тапшырмаларды аягына чыгаруу чыңалуу менен коштолот.

Г) Мектептеги тапшырмаларды аткаруу баладан кайсы бир деңгээлде чыңалууну талап кылат.

Д) Бала тапшырмаларды аткаруудан баш тартат, ыйлап, кыйкырып, агрессиясын көрсөтүшү мүмкүн.

**III шкала “Мектепте тапшырмаларды аткарууда баланын өз алдынчалыгы”**

А) Бала мектептеги тапшырмаларды өз алдынча аткара алат.

Б) Бала чоң адамдардан дээрлик жардам сурабастан, тапшырмаларды өз алдынча аткара алат.

В) Бала кээде жардам сурайт, бирок адатта тапшырмаларды өзү аткарат.

Г) Бала мектептеги тапшырмаларды өз алдынча аткара алмак, бирок чоңдордон жардам сураганды артык көрөт.

Д) Баланын мектептеги тапшырмаларын аткарышы үчүн чоңдордун демилгеси, жардамы жана туруктуу көзөмөлү талап кылынат.

**IV шкала “Баланын мектепке бара жаткандагы маанайы”**

А) Бала жылмайып, күлүп, жакшы маанай менен мектепке барат.

Б) Бала тынч абалда, олуттуу мамиле жасап барат, маанайы начар экени байкалбайт.

В) Бала кээде маанайы жок барган учурлар болот.

Г) Терс эмоциялар байкалат: тынчсыздануу, капалануу, кээде коркуу; таарынуу, ачуулануу,

кыжырдануу.

Д) Балада депрессиялык маанай же агрессия басымдуулук кылат (тез ачууланат, тез жини келет).

**V шкала “Класcташтары менен мамилеси”**

А) Мамилечил, демилгелүү, балдар менен оңой эле тил табышып кетет, достору, тааныштары көп.

Б) Бала көп демилгелүү эмес, бирок балдар ага кайрылганда оңой эле тил табышат.

В) Баланын байланыш чөйрөсү бир аз чектелүү: айрым балдар менен гана сүйлөшөт.

Г) Балдардын жанында жүрө берет, бирок алар менен байланышпайт.

Д) Түнт, башка балдардан обочолонуп жүрөт, жалгыз болгонду артык көрөт, башка балдар ага кайдыгер карайт.

**VI шкала “Баланын ыңгайлашуусуна жалпы баа”**

А) Ыңгайлашуунун деңгээли жогору.

Б) Ыңгайлашуунун деңгээли ортодон жогору.

В) Ыңгайлашуунун деңгээли орточо.

Г) Ыңгайлашуунун деңгээли орточодон төмөн.

Д) Ыңгайлашуунун деңгээли төмөн.

Баланын мектепке социалдык-психологиялык ыңгайлашуусун изилдөө схемасы (ата-эненин эксперттик баасы*)

Класс__________________________________ 20__ – 20____ -окуу жылы.

Окуучунун аты-жөнү

Үй тапшырмасын ийгиликтүү аткаруу

Үй тапшырмасын аткарууга жумшаган күч-аракеттин даражасы

Үй тапшырмасын аткарууда өз алдынчалык

Баланын мектепке бара жаткандагы маанайы

Класcташтары менен мамилеси

Ыңгайлашууга берилген жалпы баа

Жыйынтык упай

*Ата-энелердин жооптору таблицага киргизилет

Жыйынтыктарды иштетүү: А) 5 упай; Б) 4 упай; В) 3 упай; Г) 2 упай; Д) 1 упай.

19-30 упай – ыңгайлашуу зонасы (жогорку деңгээл)

13-18 упай – толук эмес ыңгайлашуу зонасы (орточо деңгээл)

0-12 упай – дезадаптация зонасы (төмөнкү деңгээл, дезадаптация)

**Тиркеме 3**

# ЖЕКЕЧЕ ОКУУНУН ПРОГРАММАСЫНЫН ҮЛГҮСҮ (ЖОП) №1

Кызматтык колдонуу үчүн

**Жеке маалыматтар**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Фамилиясы | | | | Окуучунун сүрөтү |
| Ысымы | | | | |
| Туулган жылы | 06.09.2019-ж. | | | |
| | Ооба ☐ Жок ☐ | Эркек ☐ Аял ☐ | | |
| | | | | |
| Үйдө сүйлөшкөн тили | Кыргыз | | | |
| | Биол.үй-бүлө ☐ | Фостердик үй-бүлө ☐ | Асырап алуу ☐ | Башкасы (жазсаңыз) ☐ |
| Иш жүзүндө жашаган дареги | | | | |
| Жекече окутуу программасын иштеп чыккан адам | | | | |
| Тарбиялануучунун тартылуу деңгээли (керектүүсүн белгилесеңиз) | **Толук** Мектепке чейинки билим берүү уюмунун жогорку тайпасына баруу сунушталат | **Жарым-жартылай** (толук эмес) | **Эпизодикалык** | |

**Мектепке чейинки билим берүү мекемеси жөнүндө маалымат**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Аталышы же номери | | | |
| | | Өткөн күнү | Окуу жылы (класс) |
| Билим алууда муктаждыктары бар тарбиялануучулар үчүн программа | Ооба ☐ Жок ☐ | | |
| Жекече окутуу программасы иштелип чыккан күн | 2024-жылдын январь айы | Кийинки программанын датасы | |
| Тарбиялануучу үчүн жоопту адам | | | |

| **Жекече окутуу программасын иштеп чыккан катышуучулар** | | | |
|---|---|---|---|
| | Аты-жөнү | Байланышуу жолдору | |
| Тарбияланууч | | | |
| Ата-энелер/мыйзамдуу өкүлдөр | | | |
| Логопед | | | |
| Психолог | Керек | | |
| Жооптуу тарбиячы | | | |
| Башкасы | | | |

## Өнүгүү багыттары

| | |
|---|---|
| Баарлашуу/сүйлөшүү | Кыз байланышка оңой эле чыгат, апасынын жардамы менен өзү жана жакын чөйрөсү тууралуу суроолорго жооп берет. Кыргыз тилинде кайрылган сөздөрдү, ошондой эле жөнөкөй грамматикалык түзүлүштөгү фразалык кепти жакшы түшүнөт. Кыз кыргыз тилинде жооп берип жатты, курчап турган чындык жөнүндө маалыматы чектелүү болгондуктан сөз байлыгы аз. Кыз айрым жаныбарларды, жер-жемиштерди, жашылчаларды, идиш-аяк предметтерин, кийимдерди кыргыз тилинде атай алат, жалпылоочу сөздөрдү билбейт. Негизги түстөрдүн ичинен кызыл жана сары түстөрдү билет, калган түстөрдү билбейт, геометриялык фигуралардын аталыштарын билбейт. Үндөрдү айтышы жана фонематикалык угуусу жаш курагына жараша калыптанган.<br><br>Баарлашуу көндүмдөрү жакшы өнүккөн, чоңдор менен өз ара аракеттенүүнү колдойт, бирок дайыма апасынан жардам жана колдоо издеп турат. |
| Дене-бойлук өнүгүүсү | Кыз өзүнүн жаш курагына жараша физикалык жактан өнүккөн, кыз пассивдүү, ири моторикасы жакшы өнүккөн эмес, кыймыл-аракети начар координацияланган. Майда моторикасы өнүккөн эмес, өзүн тейлей албайт (апасы кашык кармап тамак берет!), графомотордук көндүмдөрү жаш курагына жараша калыптанган эмес. |
| Когнитивдик/таанып-билүү өнүгүүсү | Когнитивдик кызыгуу жакшы жана туруктуу, кыз сунуш кылынган тапшырмаларды кызыгуу менен кабыл алат, апасынын жардамы менен бардык тапшырмаларды аткара алат, тапшырманы туура аткарууга кызыгуусун көрсөтөт, мактоого эмоционалдык жактан адекваттуу жооп берет. Мейкиндик-убакыт тууралуу элестери жаш курагына жараша калыптанган эмес. Тапшырмаларды аткаруу ыргагы кадыресе, процесстин башынан-аягына чейин бирдей болду, иштөө жөндөмдүүлүгү төмөн. Апасынын жардамы менен өзүнөн кичирээктерге арналган конструктивдүү праксис боюнча тапшырмаларды аткарды, ал эми өзүнүн жаш курагына туура келген варианттарды апасынын жигердүү жардамы менен аткарды, сыноо жана ката ыкмасын көп колдонот. Элементардык математикалык түшүнүктөр жашы курагына жараша толук калыптанган эмес, бешке чейин жаңылбай санай алат, сандарды артынан эсептей албайт, геометриялык фигуралардын аталыштарын билбейт. Тапшырмаларды аткарып жатканда көңүлүн узак убакыт бир тапшырмага буруу жөндөмү байкалган жок, тез чарчайт, кызда көңүлдүн, угуу жана көрүү эс тутумунун деңгээли көп жакшы калыптанбаганы байкалат, визуалдык-элестүү ой жүгүртүүсү көп жакшы өнүккөн эмес. |

| | |
|---|---|
| Социалдык/Эмоционалдык | Кыз өзүнө көп жакшы ишенбейт, чыргоо, эмоционалдык жактан апасына көз каранды, өз алдынча эмес, күлгөн адамга кээде гана күлүп жооп кайтарат. Өзүн тейлөө көндүмдөрү калыптана элек, апасы кыздын оозуна кашык кармап тамактандырат, апасы кийиндирип, чечиндирет. Балдар менен тынч байланыш түзөт алат, бирок чогуу ойногондо демилгени анда-санда гана көтөрөт, чыргоо, өзүнө ишенбейт, корко берет. |

**Балдардын билим алуудагы муктаждыктарын баалоонун жыйынтыктары боюнча билим берүү уюмдарына жалпы сунуштамалар:**

| Мектепке чейинки уюмдун (жогорку тайпанын) тарбиячыларына жана ата-энелерге сунуштамалар |
|---|
| 1) Ыңгайлашуу мезгилинде көбүрөөк мактап, кубаттап туруу сунушталат.<br>2) Бала өзүн көрсөтүп, өз дараметин ачып, балдар менен баарлаша ала турган жагдайларды түзүш керек.<br>3) Курчап турган дүйнө жөнүндө түшүнүктөрдүн көлөмүн көбөйтүп, сөз байлыгын байытуу зарыл:<br>үй, үй-бүлө, тиричилик предметтери, гигиена предметтери, оюнчуктар, жашылча-жемиштер, үй жана жапайы жаныбарлар жана канаттуулар, кийим-кече, бут кийим, транспорт, азык-түлүк, бак-дарактар, гүлдөр, жыл мезгилдери ж.б. ушул темалар боюнча сөз байлыгын көбөйтүү зарыл. Предметтердин аталышын, иш-аракеттердин, буюмдардын сүрөттөлүшүн – чоңдугун, түсүн, формасын, даамын ж.б. билүүгө тийиш.<br>психикалык процесстерди өнүктүрүү зарыл – көрүү, угуу, тактилдик кабылдоо, көңүл буруу, угуу, көрүү, мотордук эс тутум, визуалдык-элестетүү жана сөз-логикалык ой жүгүртүү.<br>4) Жалпы жана майда моториканы өнүктүрүү зарыл.<br>5) Мейкиндик жана убакыт тууралуу түшүнүктү калыптандыруу зарыл.<br>6) Математикалык түшүнүктөрдү өнүктүрүп, онго чейин тез санаганды жана 5тин чегинде тескери санаганды үйрөтүп, геометриялык фигураларды – тегерек, төрт бурчтук, үч бурчтук, тик бурчтук, сүйрү деп айырмалаганды жана атаганды, негизги түстөрдү (кара, ак, кызыл, көк, жашыл, сары) айырмалап, туура атаганды үйрөтүү зарыл.<br>7) Баарлашууда демилгени жана таанып-билүүчүлүк кызыгууну колдоо, баланын өз мүмкүнчүлүктөрүнө болгон ишенимин бекемдөө үчүн шарттарды түзүү, биздин коомдо баланын нормалдуу (кадыресе) жашоосу оюнчуктар, таанып-билүүчү оюндар, майрамдар, секциялар жана ийримдер, бала бакча жана мектеп менен байланыштуу экендиги жөнүндө адекваттуу түшүнүктү калыптандыруу зарыл.<br>8) Балада жүрүм-турумдун социалдык жактан алгылыктуу формаларын бекемдөө зарыл: чыр-чатактуу кырдаалдарды чечүүнүн ар кандай ыкмаларын, тил табыша билүү, кезектүүлүктү сактоо, жаңы байланыштарды түзүү жөндөмдөрүн өздөштүрүү зарыл. |

Ата-эненин/мыйзамдуу өкүлдүн кол тамгасы ____________________дата________________

Билим берүү уюмунун жетекчисинин кол тамгасы ____________________дата________________

# ЖЕКЕЧЕ ОКУУНУН ПРОГРАММАСЫНЫН ҮЛГҮСҮ (ЖОП) №2

Кызматтык пайдалануу үчүн

**Жеке маалыматтар**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Фамилиясы | | | | Окуучунун сүрөтү |
| Ысымы | | | | |
| Туулган жылы | 10.09.2008-ж. | | | |
| | Ооба ☐ Жок ☐ | Эркек ☐ Аял ☐ | | |
| | | | | |
| Үйдө баарлашуу тили | Орус тили | | | |
| | Биол.үй-бүлө ☐ | Фостердик үй-бүлө ☐ | Асырап алынган ☐ | Башка (жазсаңыз) |
| Иш жүзүндө жашаган дареги | | | | |
| Жекече окутуу программасын иштеп чыккан адам | | | | |
| Окуучунун тартылуу деңгээли (керектүүсүн белгилесеңиз) | **Сунушталат**<br>жалпы билим берүүчү мектептин программасы боюнча кечки мектепте окууну улантуу же 7-класстын программасы боюнча жалпы билим берүүчү мектепте 2-класстан 6-класска чейинки боштуктарды милдеттүү түрдө толуктоо менен окутууну улантуу | | | |

**Мектеп тууралуу маалымат**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Мектептин аталышы | | | |
| | | Өткөн күнү | Окуу жылы (класс) |
| Билим алууда муктаждыктары бар окуучулар үчүн программа | Ооба ☐ Жок ☐ | | |
| Жекече окутуу программасы иштелип чыккан күн | Март, 2025 | Кийинки программанын датасы | |
| Окуучу үчүн жоопту адам | | | |

**Жекече окутуу программасын ишке ашырып жаткан катышуучулар**

| | Аты-жөнү | Байланышуу жолдору | |
|---|---|---|---|
| Окуучу | | | |
| Ата-эне/мыйзамдуу өкүлдөр | | | |
| | | | |
| Класс жетекчи | | | |
| Психолог | Керек | | |
| Жооптуу мугалим | | | |
| Социалдык педагог | | | |
| Башкасы | | | |

## Баалоонун жыйынтыктары

## Өнүгүү тармактары

| | |
|---|---|
| Баарлашуу\сүйлөө | Бала байланышка оңой барат. Текшерүү процессинин башынан аягына чейин байланышты кармады, сүйлөшүү учурунда эркин болууга аракет кылат, бирок кандайдыр бир тынчсыздануу жана ишенимсиздик байкалат.<br><br>Орус жана араб тилдеринде сүйлөшө алат. Кыргыз тилиндеги кепти тиричилик деңгээлинде түшүнөт. Бир аз орус тилин билет. |
| Дене-бойлук өнүгүүсү | Физикалык параметрлер жаш курагына шайкеш келет. Кыймылдар жетиштүү так, ишенимдүү. Мейкиндикте багыттарды жакшы түшүнөт.<br><br>Графомотордук функциялары калыптанган. |
| Когнитивдик/таанып-билүү өнүгүүсү | Баланын сөзүнө караганда, ал медреседе окуган. Академиялык билими жалпы билим берүүчү мектептин 2-классынын деңгээлине туура келет. Математика боюнча: 1000ге чейин санай алат, 100 санынын чегинде кошуп-алганды билет, көбөйтүү жана бөлүштүрүү амалдарын билбейт. Араб тилинде жазат жана окуй алат. Кирилл тамгаларын тексттен карап көчүрүп жаза алат. Кээ бир тамгаларды билет, тамгалап окуйт.<br><br>Психикалык функциялардын өнүгүү деңгээли жаш курагына туура келет. |
| Социалдык/Эмоционалдык | Баланын жүрүм-туруму өз алдынчалуулук, баамдап билүү, белгиленген эрежелерди жана нормаларды сактай алуу жөндөмү менен мүнөздөлөт. Баарлашууга ачык, достошууга умтулуп турат. |

## Академиялык жетишкендиктер

### Окуй алуусу

| Баштапкы көндүмдөр (Жекече окутуу программасы башталып жаткан маалга карата) | Окутуунун максаттары/күтүлүп жаткан жыйынтыктар | Максатка жетүү үчүн стратегиялар, иш-аракеттер, ресурстар, мөөнөттөр | Калыптанган жөндөм |
|---|---|---|---|
| Араб тилинде окуй алат. Кирилл арибинде жазылган текстти тамгалап окуйт. Алфавитти толук билбейт. | Сөздөрдү туура жана так айтуу менен чакан тексттерди окуй алат.<br><br>Текстте маңызы боюнча маанилүү сөздөрдү үн менен баса белгилей алат.<br><br>Тамгаларды алфавиттик тартипте тизмелей алат. Сөздөрдү издөө үчүн тамгалардын алфавиттик тартибин колдонот.<br><br>Сөздөрдү туура жана так айтуу менен чакан ырларды жана тексттерди окуй алат.<br><br>Сүрөттөргө же башка көмөкчү материалдарга таянуу менен окулган тексттин мазмунун өз сөзү менен кыскача айтып берет (скаффолдинг). | Окуй алуу деңгээлин баалоо: Бул анын китеп окуудагы күчтүү жана чабал жактарын аныктоого, ошондой эле тапшырмага ылайыктуу материалдарды тандоого жардам берет.<br><br>Фонематикалык угуу:<br><br>- Фонематикалык анализ жана тыбыштардын синтези боюнча сабак өтүңүз. Жөнөкөй үндөрдөн баштап, акырындык менен татаал айкалыштарга өтөсүз.<br><br>- Балдарга үндөрдү тамгалар менен таанууга жана байланыштырууга жардам берген оюндарды жана көнүгүүлөрдү колдонуңуз. Мисалы, балдардан сөздөрдөгү үндөрдү бөлүп көрсөтүүнү же "Ушундай эле тыбышы бар сөздү тап" деген оюнду сунуштап көрүңүз.<br><br>Алфавитти билүүсү:<br><br>- Балага алфавитти үйрөнүүгө жардам берүү үчүн ар кандай оюндарды жана иш-аракеттерди колдонуңуз. Мисалы, алфавиттик карточкаларды даярдап, же алфавит пазлдарын колдонсоңуз болот.<br><br>Сөз байлыгы: | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - Сөз байлыгын байытуу үчүн китептер, журналдар же комикстер сыяктуу ар кандай окуу материалдарын сунуштаңыз.<br><br>- Бала менен жаңы сөздөрдү талкуулап, контекст жана түшүндүрмө аркылуу алардын маанисин түшүнүүгө жардам бериңиз.<br><br>- “Сөздү тап” же “Сүйлөм түз” сыяктуу оюндар окуучуга жаңы сөздөрдү контекстте колдонууга жана аларды эстеп калууга жардам берет.<br><br>Окуунун тездиги:<br><br>- Китеп окуу үчүн көп практиканы сунуштаңыз. Жөнөкөй жана кыска тексттерден баштап, акырындык менен татаалдарын берип туруңуз.<br><br>- Таймердин же оюндардын жардамы менен окуунун тездигин бекемдеңиз, мында балдар текстти мүмкүн болушунча тезирээк (шыр) окушу керек.<br><br>- Окуучуга сөздөрдү даана жана түшүнүктүү айтуу жөндөмүн өнүктүрүү үчүн үн чыгарып окууну сунуштаңыз. | |

**Жазуу**

| Баштапкы көндүмдөр (Жекече окутуу программасы башталып жаткан маалга карата) | Окутуунун максаттары/күтүлүп жаткан жыйынтыктар | Максатка жетүү үчүн стратегиялар | Калыптанган жөндөм |
|---|---|---|---|
| Араб тилинде жазат жана окуйт. Кирилл тамгалары менен жазылган текстти көчүрүп жаза алат. | Тамгаларды жаза алат, аларды муундар, сөздөр менен байланыштырат, сүйлөмдөрдү жана тексттерди жаза алат.<br><br>Сөздөрдү так, түз жана ырааттуу жаза алат. | - Тик жана горизонталдуу сызыктар, тегеректелер жана толкундар сыяктуу негизги кол кыймылдарын өздөштүрүүдөн баштаңыз. Бул баланын кол моторикасын жана кыймыл координациясын өнүктүрүүгө жардам берет.<br><br>- Балага карандаш, фломастер жана кисть сыяктуу ар кандай материалдарды бериңиз. Ага ар кандай жазуу куралдарын колдонуп көрүүгө шарт түзүңүз.<br><br>- Түз формадагы тамгалар сыяктуу жөнөкөй тамгалардан баштап, бара-бара татаал тамгаларга өтүңүз. Балага тамгаларды туура өлчөмдө жана формада жазууну үйрөнүүгө жардам бериңиз.<br><br>- Тамгаларды түзүү үчүн ар кандай материалдарды жана ыкмаларды колдонуңуз. Мисалы, жазууну үйрөтүү үчүн кум такталарын, магниттик тамгаларды, чопону же кумду колдонсо болот. | |

**Эсеп чыгаруу көндүмдөрү жана эсептөө операциялары (математика)**

| Баштапкы көндүмдөр (Жекече окутуу программасы башталып жаткан маалга карата) | Окутуунун максаттары/күтүлүп жаткан жыйынтыктар | Максатка жетүү үчүн стратегиялар | Калыптанган жөндөм |
|---|---|---|---|
| Математика боюнча: 1000ге чейин санай алат, 100 санынын чегинде кошуп-алганды билет, көбөйтүү жана бөлүштүрүү амалдарын билбейт. | 100гө чейин сандарды номерлеп, салыштырат.<br><br>Разряддык кошулуучулар. Бир орундуу жана эки орундуу сандар.<br><br>100гө чейинки сандарды кошуунун жана кемитүүнүн оозеки жана жазуу жүзүндөгү ыкмалары.<br><br>Предметтерди белгилүү касиеттерине жараша (түсү, өлчөмү, формасы) топтойт.<br><br>Предметтердин топторун салыштырат жана иреттейт.<br><br>Чоңдуктарды табуу тапшырмалары (узундугу, салмагы, сыйымдуулугу, акча), анын ичинде турмуштан алынган кырдаалдарга байланышкан тапшырмалар. | Ишти баштаардын алдында билимдин базалык деңгээлин баалоо зарыл:<br><br>100гө чейин сандарды номерлеп, салыштыруу: - Окуучуга сандарды салыштырууну талап кылган тапшырмаларды аткарууну сунуштаңыз. Мисалы, берилген жуп сандарда кайсы сан чоң же кичине экендигин аныктап берүүнү өтүнүңүз.<br><br>Разряддык кошулуучулар. Бир орундуу жана эки орундуу сандар:<br><br>- Окуучуга разряддык кошулуучуларды түшүнүүгө жана бир орундуу жана эки орундуу сандар менен иштөөгө жардам бере турган оюндарды жана көнүгүүлөрдү сунуштаңыз. Мисалы, визуалдык материалдарды же сандык моделдерди колдонуп, бир орундуу жана эки орундуу сандарды кошуп, кемитип берүүсүн өтүнсөңүз болот.<br><br>- Окуучуга бир орундуу жана эки орундуу сандарды колдонуш керек болгон тапшырмаларды бериңиз. Мисалы, андан топтогу предметтердин санын эсептөөнү же акчанын көлөмүн аныктоону өтүнө аласыз.<br><br>100гө чейинки сандарды кошуу жана кемитүүнүн оозеки жана жазуу жүзүндөгү ыкмалары:<br><br>- Окуучуга 100гө чейинки сандарды оозеки жана жазуу жүзүндө кошуп, кемитүү практикасы үчүн ар кандай тапшырмаларды жана оюндарды сунуштаңыз. Ага операцияларды түшүнүүгө | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жардам берүү үчүн сандык моделдер же сүрөттөр сыяктуу визуалдык материалдарды колдонуңуз.<br><br>- Жөнөкөй мисалдардан баштап, бара-бара татаал мисалдарга өтүү менен тапшырмалардын татаалдыгын акырындык менен жогорулатыңыз.<br><br>Предметтерди белгилүү касиеттерине жараша топтоо:<br><br>- Окуучуга объекттерди түсү, өлчөмү, формасы ж.б. сыяктуу белгилүү бир касиеттери боюнча топтоону талап кылган оюндарды жана иш-чараларды сунуштаңыз. Мисалы, объекттердин тобун түсү же өлчөмү боюнча эки категорияга бөлүп чыгуусун өтүнүңүз.<br><br>- Окуучуга предметтерди топтоштурууга жана салыштырууга жардам берүү үчүн сүрөттөр же предметтер сыяктуу визуалдык материалдарды колдонуңуз.<br><br>Предметтердин топторун салыштыруу жана иреттөө:<br><br>- Окуучуга көлөмү, саны же касиеттери сыяктуу белгилүү бир критерийлер боюнча предметтердин топторун салыштырып, иреттеп чыгууну талап кылган тапшырмаларды сунуштаңыз. Мисалы, предметтердин тобун алардын көлөмүнүн же санынын өсүшү же азайышы боюнча иреттеп чыгыш керек.<br><br>- Окуучуга предметтердин топторун иреттөө же бөлүштүрүү үчүн жазылган сандарды же символдорду колдонуууга жардам бериңиз.<br><br>Чоңдуктарды табуу тапшырмалары:<br><br>- Окуучуга узундугу, салмагы, сыйымдуулугу же акча сыяктуу чоңдуктарды табууну талап кылган ар кандай тапшырмаларды сунуштаңыз. Тапшырмаларды практикалык жана кызыктуу кылуу үчүн жашоодон алынган реалдуу кырдаалдарды колдонуңуз.<br><br>- Жөнөкөй мисалдардан баштап, бара-бара татаал мисалдарга өтүү менен тапшырмалардын татаалдыгын акырындык менен көбөйтүп туруңуз. | |

## Педагогдорго сунуштамалар:

1. Баланы колдоочу жана достук маанайдагы чөйрөнү түзүңүз: Өспүрүм, айрыкча башка жактан жаңы келген бала, жаңы чөйрөгө көнүп кетиши кыйын болоорун унутпаңыз. Класста достук маанайды жана колдоо көрсөтүп турган чөйрөнү түзүңүз, бала өзүн ыңгайлуу сезип, башкалар аны кабыл алганын баамдай алышы керек.

2. Негизги предметтер боюнча жеке сабактарды уюштуруңуз: Өспүрүмдүн билим деңгээли 2-класска туура келерин эске алып, кирилл алфавитинде математика, окуу жана жазуу сыяктуу негизги предметтер боюнча жеке сабактарды өткөрүү зарыл. Негизги көндүмдөрдү бекемдөөгө жардам берүү үчүн этап-этабы менен үйрөнүү жана кайталоо ыкмасын колдонуңуз.

3. Визуалдык жана аудиоматериалдарды колдонуңуз: Визуалдык жана аудиоматериалдарды колдонуу өспүрүмдүн окуусуна абдан жардам берет. Ага жаңы материалды үйрөнүүгө жана маалыматты эстеп калууга жардам берүү үчүн ар кандай графикалык схемаларды, таблицаларды, сүрөттөрдү жана аудиожазууларды колдонуңуз.

4. Араб тилин окуу процессине интеграциялаңыз: Өспүрүм араб тилинде жазганды жана окуганды билгендиктен, бул тилди окуу процессине интеграциялаганга аракет кылыңыз. Окуу жана жазуу көндүмдөрүнө ыңгайлуу болуп, балада ишеним сезимин жаратышы үчүн ага негизги сабактарды үйрөнүүгө мүмкүндүк берген араб тилиндеги окуу китептерин жана материалдарды табыңыз.

5. Акырындык менен татаалдык деңгээлин жогорулатыңыз: Өспүрүм негизги көндүмдөрүн бекемдеп алгандан кийин материалдын татаалдык деңгээлин акырындык менен жогорулатыңыз. Ага татаал тапшырмаларды чечүүгө жана билимин өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз.

6. Ата-энелер менен кызматташыңыз: Өспүрүмдүн ата-энеси менен байланыш түзүп, алар менен команда болуп иштеңиз. Алардын колдоосу жана жардамы өспүрүмдүн билим алуусунда маанилүү фактор болуп бере алат. Ата-энеси менен чогуу анын жеке муктаждыктарын талкуулап, аны окутуу үчүн иш-аракеттер планын даярдаңыз.

7. Шыктандырып, позитивдүү мамилени сактаңыз: Өспүрүмгө мотивация берип, анын ийгиликтерин колдоп, шыктандырып туруңуз. Аны жумшап жаткан аракеттери жана жетишкендиктери үчүн мактаңыз, ошондо ал өзүн маанилүү сезип, окууну улантууга түрткү болот.

Ар бир өспүрүм уникалдуу экендигин жана алардын муктаждыктары ар кандай болушу мүмкүн экендигин унутпоо керек. Окутууда ийкемдүүлүк жана жекелештирилген мамиле бала менен натыйжалуу иштөөгө жардам берет.

## Ата-энелерге/мыйзамдуу өкүлдөргө сунуштамалар:

Өспүрүм балаңыз сиздин колдоого жана жардамга муктаж болушу ыктымал кандайдыр бир билимге жана жөндөмгө ээ. Баланын өнүгүүсү үчүн пайдалуу болушу мүмкүн болгон бир нече сунуштарыбыз бар:

1. Академиялык билим:

   - Баланын академиялык билим деңгээлин эске алуу менен, ал билимин тиешелүү деңгээлде уланта алышы үчүн математика, орус тили жана башка жалпы билим берүү предметтери сыяктуу негизги предметтер боюнча аны менен иштиулантуу сунушталат.

   - Материалдын татаалдыгын акырындык менен жогорулатуу үчүн сабакка убакыт бөлүңүз. Бала жөнөкөй тапшырмаларды ийгиликтүү аткара баштаганда, академиялык жөндөмүн өрчүтүү үчүн ага татаал тапшырмаларды сунуштаңыз.

2. Математика:

- Бала менен математикалык көндүмдөр боюнча ишти уланта берүү маанилүү. Ал 100гө чейин сандарды кошуп, кемите алат, андыктан эми анын мүмкүнчүлүктөрүн 1000ге чейин сандар менен кеңейтүү сунушталат.

- Жөнөкөй мисалдардан баштап, акырындык менен көбөйтүү жана бөлүү менен тааныштырыңыз. Бул операцияларды өздөштүрүүгө жардам берүү үчүн көрсөтмөлүү материалдарды, оюндарды жана практикалык мисалдарды колдонуңуз.

- Баланы математикалык көндүмдөрдү күнүмдүк жашоодо, мисалы, предметтерди сатып алууда же өлчөөдө колдонууга шыктандырып туруңуз. Бул ага математиканын практикалык колдонулушун көрүүгө жана жөндөмүн бекемдөөгө жардам берет.

3. Тил жана китеп окуу:

- Бала араб тилинде жазып, окуп жаткандыктан, анын бул тилде окуу жана жазуу жөндөмүн өркүндөтө берүү маанилүү. Ага араб тилиндеги китептерге, аңгемелерге жана башка окуу жана практикалык материалдарга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылыңыз.

- Ошол эле учурда кирилл ариби менен тааныштыра баштоо да сунушталат. Бала кирилл арибиндеги текстти көчүрүп жаза берсин жана аны акырындык менен ошол тилдеги китептерди окууну сунуштай баштаңыз. Тамга жана сөз оюндары анын өнүгүшү үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.

4. Колдоо жана мактоо:

- Баланы колдоп, анын окуудагы аракеттерине дем берип туруу маанилүү. Ал кыйналышы ыктымал, бирок сиздин колдооңуз бул кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берет.

- Азырынча чакан болсо дагы, анын жетишкендиктерин жана ийгиликтерин белгилей бериңиз. Мактоо сөздөрү аны шыктандырып, жаңы билимге умтулууга түрткү берет.

5. Кызыкчылыктар чөйрөсүн кеңейтүү:

- Академиялык предметтерден тышкары, баланы башка тармактарга да тартып, кызыктырыңыз. Бул китеп окуу, жаңы көндүмдөрдү үйрөнүү, көркөм же спорттук иш-чараларга катышуу ж.б. болушу мүмкүн. Анын дүйнө таанымын кеңейтүү ага билимдүү жана ар тараптуу болууга жардам берет.

Ар бир баланын жеке өзгөчөлүктөрү бар, андыктан сунуштарды баланын муктаждыктарына ылайыкташтырыңыз. Эң негизгиси, баланын окууга болгон кызыгуусун жана өнүгүүгө умтулуусун колдоо зарыл.

Ата-эненин/мыйзамдуу өкүлдүн кол тамгасы _______________ Күнү________

Билим берүү уюмунун жетекчисинин кол тамгасы _______________ Күнү________

## ЖЕКЕЧЕ ОКУУНУН ПРОГРАММАСЫНЫН ҮЛГҮСҮ (ЖОП) №3

Кызматтык пайдалануу үчүн

**Жеке маалыматтар**

| | | |
|---|---|---|
| Фамилиясы | | Окуучунун сүрөтү |
| Ысымы | | |
| Туулган күнү | 13.11.2015-ж. | |
| | Эрк. ☐ Аял ☐ | |
| | | |
| Үйдө баарлашуу тили | Өзбек | |

| Биол.үй-бүлө ☐ | Фостердик үй-бүлө ☐ | Асырап алынган ☐ | Башка (жазсаңыз) ☐ |
|---|---|---|---|

| | |
|---|---|
| Жекече окутуу программасын иштеп чыккан адам | |
| Окуучунун тартылуу деңгээли (керектүүсүн белгилесеңиз) | **Сунушталат** жалпы билим берүүчү мектеп программасы боюнча билим берүү жаш курагына жана билимдеги боштуктарды милдеттүү түрдө толтурууга жараша жүргүзүлөт *(Толук текшерүү жана дене-бойлук өнүгүүсүнүн артта калышынын ыктымалдуу себептерин аныктоо, ошондой эле билим берүү багытын аныктоо үчүн невропатологго жана психиатрга кайрылуу сунушталат)* |

**Мектеп тууралуу маалымат**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Мектептин аталышы | | | |
| | | Өткөн күн | Окуу жылы (класс) |
| Билим алууда муктаждыктары бар окуучулар үчүн программа | Ооба ☐ Жок ☐ | | |
| Жекече окутуу программасы иштелип чыккан күн | Март, 2025 | Кийинки программанын датасы | |
| Окуучу үчүн жооптуу | | | |

| **Жекече окутуу программасын ишке ашырып жаткан катышуучулар** | | | |
|---|---|---|---|
| | Аты-жөнү | Байланыш жол-дору | |
| Окуучу | | | |
| Ата-эне/мыйзамдуу өкүлдөр | | | |
| Психолог | Керек | | |
| Жооптуу мугалим | | | |
| Социалдык педагог | | | |
| Башка | | | |

## Баалоонун жыйынтыктары

## Өнүгүү тармактары

| | |
|---|---|
| Баарлашуу/сүйлөшүү | Бала оңою менен байланышка чыккан жок, баштапкы сүйлөшүү аракети ишенбестик жана тынчсыздануу менен мүнөздөлөт. Баланын үнү акырын чыгат. Бала өзбек тилинде сүйлөйт, кыргыз тилинде кайрылганда түшүнөт. Оозеки көрсөтмөлөрдү түшүнөт, диалогду колдой алат, бирок анын жооптору жөнөкөй сүйлөмдөр менен чектелет. Муну сөз байлыгынын жупуну болгону менен түшүндүрсө болот. |
| Дене-бойлук өнүгүүсү | Баланын жалпы жана майда моторикасы канааттандырарлык деңгээлде өнүккөн. Кыймыл-аракетти координациялоо жана көрсөтмөлөрдү кабыл алуу жөндөмүн тастыктаган бир катар оозеки көрсөтмөлөрдү ийгиликтүү аткарды. Графомотордук көндүмдөрү калыптанып калган. Дене-бойлук өнүгүүсүндө артта калуу байкалат, сырткы көрүнүшү жаш курагына туура келбейт, бул баланын саламаттыгында тынчсыздандырган белгилер бар экендигин көрсөтүүдө. Толук текшерүү жана дене-бойлук өнүгүүсүнүн артта калышынын ыктымалдуу себептерин аныктоо, ошондой эле билим берүү багытын аныктоо үчүн невропатологго жана психиатрга кайрылуу сунушталат. |
| Когнитивдик/таанып-билүү өнүгүүсү | Иш-аракеттердин ыргагы төмөн. Кыска жана узак мөөнөттүү эс тутумдун көлөмү жаш курагына туура келбейт. Көңүлдү бир жердей топтой алуу жөндөмү жакшы өнүккөн эмес, чакан материалды да өздөштүрүүгө көп убакыт талап кылынат. Чакан тапшырмаларды чоңдордун туруктуу уюштуруу жана коштоочу жардамы менен гана аткара алат. Бала себептик-натыйжа байланыштарын аныктай алган жок, окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктоого тапшырмасын аткарууда, предметтерди чогултууда бала кыйынчылык тартканы байкалууда. Сюжеттик сүрөттөрдүн сериясындагы логикалык ырааттуулукту өз алдынча түзө алган жок.<br><br>-Сандарды билет жана жаза алат. Окутуунун жардамы менен 20га чейинки сандарды кошуу жана кемитүү мисалдарын чечет. Окуй албайт, алфавитти билбейт. Өз атын жаза алган жок. |
| Социалдык/Эмоционалдык | Эмоционалдык абалын кооптондураарлык деп бааласа болот. Текшерүү учурунда коркуу, ишеним жоктугу байкалат. Суроолорго жооп берет, бирок тапшырмаларды аткарууда кыйналса, жардам сурабайт. Демилге көтөрбөйт. |

## Академиялык жетишкендиктери

### Китеп окуу

| Баштапкы көндүмдөр (Жекече окутуу программасы башталып жаткан маалга карата) | Окутуунун максаттары/күтүлүп жаткан жыйынтыктар | Максатка жетүү үчүн стратегиялар, иш-аракеттер, ресурстар, мөөнөттөр | Калыптанган жөндөм |
|---|---|---|---|
| Окуу жөндөмү калыптана элек | Негизги окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү:<br>- алфавитти билүү<br>- фонематикалык угуу<br>- сөз байлыгы<br>- шыр окуу<br>Үндүү жана үнсүз тыбыштарды айырмалайт.<br>Сөздөрдү муундарга бөлөт. Үндүү тыбыштын муун түзүүчү ролун билет.<br>Кыска аңгемелерди туура жана тез окуп, кайра айтып берет.<br>Байкоолору боюнча кыска ыраатуу текстти курат (көмөкчү материалдарга таянуу менен предмет, сүрөт, пейзаж, окуя жөнүндө баяндоо, сүрөттөө).<br>Окулган текст боюнча өз пикирин айтып, негиздеп бере алат. | **Китеп окуй билүү жана окуганын түшүнүү деңгээлин баалоо: Ушул тапта окуй билүү жана окуганын түшүнүү деңгээлин баалоодон баштаңыз. Бул баланын күчтүү жана чабал жактарын аныктоого жана жекече окуу иш планын даярдоого жардам берет.**<br>*Фонематикалык угууну өнүктүрүңүз:*<br>- Сөздөрдөгү тыбыштарды айырмалай турган жана аларды тамгалар менен байланыштырган оюндарды жана көнүгүүлөрдү колдонуңуз.<br>- Муундарды, андан кийин сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү окуп, көбүрөөк практикалаңыз.<br>- Окуудагы каталарды четтетүү үчүн тамганын айтылышына жана артикуляцияга басым жасаңыз.<br>Окуганын түшүнө билүүсү:<br>- Мазмунду түшүнгөнүнө ынануу үчүн окуган текст тууралуу суроолорду бериңиз.<br>- Багыт берүүчү суроолорду колдонуп, текстти өз сөзү менен айтып берүүгө шыктандырыңыз.<br>- Окуучуга тексттин мазмунун визуалдаштырууга жана жакшыраак түшүнүүгө жардам берүү үчүн иллюстрациялар, диаграммалар, схемалар жана | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | графикалар сыяктуу визуалдык материалдарды колдонуңуз. Бул ага визуалдык образдарды окулган текст менен салыштырууга жана окуганын жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.<br><br>- Жеке сабактар жана дифференцияланган тапшырмалар: балага интенсивдүү жана жекелештирилген колдоо көрсөтүү үчүн жеке же чакан топтордо иштегиле. Баланын окуу көндүмүнүн деңгээлин эске алган дифференцияланган тапшырмаларды бериңиз.<br><br>Жылышка мониторинг жүргүзүү:<br><br>- Баланын кайсы көндүмдөрү дагы көңүл бурууга муктаж экендигин аныктоо үчүн анын китеп окуудагы жана жазуудагы ийгиликтерин жана кыйынчылыктарын жазып туруңуз.<br><br>*Китеп окууга жана жазууга карата позитивдүү маанайды колдоп туруңуз:*<br><br>- Аз да болсо, баланы аракети жана ийгилиги үчүн кубаттап, мактап туруңуз.<br><br>- Китеп окуу жана жазуу окуу тажрыйбасынын кызыктуу жана маанилүү бөлүктөрү болгон маанайды түзүңүз. Окуу процессине ата-энени тартыңыз. Аларга баласы туш болгон кыйынчылыктардын өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүп бериңиз жана үй шартында китеп окууну колдоо үчүн сунуштарды бериңиз. Мугалим менен ата-эненин биргелешкен аракети окуучуга китеп окуудагы кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берет. | |

**Жазуу**

| Баштапкы көндүмдөр (Жекече окутуу программасы башталып жаткан маалга карата) | Окутуунун максаттары/күтүлүп жаткан жыйынтыктар | Максатка жетүү үчүн стратегиялар | Калыптанган жөндөм |
|---|---|---|---|
| Жазуу көндүмдөрү калыптана элек. | Каллиграфиялык жазуу көндүмүн үйрөнөт. Эне тилинде орфографиялык жазууну өздөштүрөт.<br><br>Сөздөрдү бир жерден экинчи жерге которо алат.<br><br>Тыныш белгилерин коё алат.<br><br>Түшүндүрмө сөздүктү колдоно алат.<br><br>Сөздөрдүн маанисин түшүндүрө алат | Тамга элементтерин (сөздөр жана сүйлөмдөр) жазуу боюнча жөнөкөй тапшырмалардан баштаңыз. Татаал сөздөрдү жана сөз айкаштарын колдонуу менен тапшырмаларды сунуштап жатып, алардын татаалдыгын акырындык менен жогорулатып туруңуз. Бул окуучунун жазуу жөндөмүн акырындап өнүктүрүүгө жардам берет.<br><br>Визуалдык кабылдоо боюнча көнүгүүлөр: окуучуга тамгаларды жана сөздөрдү визуалдык кабылдоону өнүктүрүүгө жардам бере турган көнүгүүлөрдү сабакка кошуңуз. Буга тамгалардын формаларын жана контурларын таануу жана салыштыруу, ошондой эле тамгалар менен сөздөрдүн ортосундагы пропорцияларды жана боштуктарды кабыл алууга үйрөтүү да кириши мүмкүн.<br><br>Туура жазуунун үстүнөн иштөө: тамгалардын жана сөздөрдүн туура жазылышына өзгөчө көңүл буруңуз. Окуучуга жазуунун үлгүлөрүн көчүрүүнү жана кайталоону камтыган тапшырмаларды сунуштаңыз. Окуучуну деталдарга көңүл бурууга жана каталарды ондоого үйрөтүү маанилүү. Окуучулардын жеке муктаждыктарына | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жана жылыштарына көңүл буруу үчүн аны менен жеке сабактарды өтүңүз. Конкреттүү каталарды көрсөтүп, окуучуга аларды оңдоого жардам берип, оюңузду айтып туруңуз.<br>Окуучунун жазууга болгон кызыгуусуна дем берип, шыктандыра турган ар кандай жазуу тапшырмаларын жана оюндарын сунуштаңыз. Бул кыска сүйлөмдөрдү түзүү, чакан тексттерди жазуу же сөздөрдү жана сөз айкаштарын түзүү оюндары болушу мүмкүн. | |

**Эсеп чыгаруу жана эсептөө көндүмдөрү (математика)**

| Баштапкы көндүмдөр (Жекече окутуу программасы башталып жаткан маалга карата) | Окутуунун максаттары/күтүлүп жаткан жыйынтыктар | Максатка жетүү үчүн стратегиялар | Калыптанган жөндөм |
|---|---|---|---|
| Сандарды билет жана жаза алат.<br><br>Мугалимдин жардамы менен 20га чейин кошуу жана кемитүү мисалдарын чечет. | Төрт фундаменталдык иш-аракет жана алардын касиеттери жана алар берген мүмкүнчүлүктөр жөнүндө элеси өнүгөт;<br><br>Жөнөкөй жана татаал сандык туюнтмаларды окуп, жаза алат, алардын маанилерин табат;<br><br>Ар түрдүү тексттик арифметикалык тапшырмаларды аткарат;<br><br>Акча, узундук, салмак жана убакыт бирдиктерин ажырата биле жана колдонгонду үйрөнөт;<br><br>Салмакты, узундукту туура өлчөгөндү үйрөнөт;<br><br>Өлчөө бирдиктерин колдонгонду жана эсептегенди үйрөнөт. | **Математикалык билим деңгээлин баалоо: Математика боюнча учурдагы деңгээлин баалоодон баштаңыз. Бул баланын күчтүү жана чабал жактарын аныктоого жана жеке иш планын даярдоого жардам берет.**<br><br>Жеке мамиле:<br><br>- Баланын деңгээлин эске алып, аны менен жекече иштөөгө багыт алыңыз. Баланын күчтүү жактарын бекемдеп, математикада кайсы жерден кыйналса, ошол жактарга көбүрөөк көңүл буруңуз.<br><br>Окуу оюндары:<br><br>- Көбөйтүү жана бөлүү көндүмдөрүн өрчүтүүгө жардам бере турган оюндарды колдонуңуз. Мисалы, ал математикалык тапшырмаларды аткарышы керек болгон карточкалар жана оюндар.<br><br>- Балага күнүмдүк кырдаалга байланыштуу конкреттүү тапшырмаларды бериңиз, ошондо ал математика чыныгы жашоодо кандайча колдонуларын көрө алат.<br><br>Визуалдаштыруу:<br><br>- Балага көбөйтүү жана бөлүү деген эмне болгонун түшүнүүгө жардам берүү үчүн схемалар, диаграммалар сыяктуу визуалдык каражаттарды колдонуңуз.<br><br>- Бала кыйналып жатса, кошумча жардам жана түшүндүрмө бериңиз.<br><br>- Баланы математика сабагындагы аракети жана ийгилиги үчүн мактап, предметке позитивдүү мамилени калыптандырыңыз. | |

## Мектепке интеграциялоо планы:

*1. Психикалык даярдык жана колдоо:*

a. Жекече таанышуу:

- Мугалимдер жана классташтар менен жекече тааныштырып чыгыңыз.
- Алгачкы күндөрү тынч жана позитивдүү чөйрөнү уюштуруңуз.

b. Психологиялык колдоо:

- Туруктуу негизде консультацияларды алып турушу үчүн мектеп психологун (социалдык педагогду) дайындаңыз.
- Балага эмоциясын жана тынчсыздануусун билдирүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз.

c. Топтук сабактар:

- Башка балдар менен баарлашуу жана чогуу иштешүү көндүмдөрүн үйрөтүү үчүн топтук иш-чараларды уюштуруңуз.

*2. Толук текшерүү үчүн невропатолог жана психиатр менен жолугушууларды уюштуруңуз.*

- Дарыгерлердин сунуштарын эске алуу менен билим берүү багытын аныктап алыңыз.

*3. Билим берүү чөйрөсүнө ыңгайлашуу:*

a. Баланын билим алуудагы муктаждыктарын жана өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жекече окутуу планын иштеп чыгыңыз.

- Окуу процессинде кошумча уюштуруу жана коштоо жардамын камсыз кылыңыз.

*4. Академиялык өнүгүү:*

Китеп окуу жана жазуу сабактары:

- Окуу жана жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча жекече программаларды иштеп чыгыңыз.
- Өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен кошумча сабактарды өтүңүз.

Математикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү:

- Алфавитти өздөштүрүүнү кошо алганда, математикалык өнүгүү боюнча ишти улантыңыз.
- Окуу ишине кызыгууну күчөтүп, дем берип туруңуз.

*5. Социалдык ыңгайлашуу:*

a. Топтук жана жеке сабактар:

- Социалдык ыңгайлашуу боюнча топтук жана жеке сабактарды уюштуруңуз.
- Классташтар менен өз ара аракеттенүүгө жана достук мамилелерди түзүүгө көмөктөшүңүз.

b. Мектептеги иш-чараларга тартуу:

- Коомдук жигердүүлүккө дем берүү үчүн баланын мектептеги ар кандай иш-чараларга катышуусун кубаттаңыз.

*6. Ата-эне менен байланыш:*

a. Маалымат алмашуу жана колдоону пландаштыруу үчүн ата-эне менен үзгүлтүксүз талкууларды уюштуруп туруңуз.

*7. Мониторинг жана түзөтүү:*

a. Интеграциялоо планына түзөтүүлөрдү киргизүү үчүн ийгиликтерге жана кыйынчылыктарга үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүп туруңуз.

- Окуу процессине керектүү түзөтүүлөрдү киргизип туруңуз.

Бул план баланын муктаждыктарын эске алуу менен иштелип чыккан жана аны билим берүү чөйрөсүнө ийгиликтүү интеграциялоого багытталган. Этап-этабы менен жасалган мамилени сактап, баланын жеке муктаждыктарына үзгүлтүксүз көңүл бурууну камсыз кылуу маанилүү. Кайтып келген окуучуну интеграциялоо мугалимдердин, ата-эненин жана мектеп жамаатынын чыдамдуулугун, боорукердигин жана кызматташтыгын талап кылат. Бул колдоо жана ыңгайлашуу менен окуучу билим берүү процессине жана коомго ийгиликтүү кошула алат.

**Ата-энелерге/мыйзамдуу өкүлдөргө сунуштамалар:**

- Колдоо көрсөтүүчү жана позитивдүү үй-бүлөлүк маанайды түзүңүз: бала өзүн үй-бүлөдө ыңгайлуу сезген, достук маанайдагы, колдоо көрсөтүүчү чөйрөнү түзүүгө умтулуңуз. Баланын кызыкчылыктарын колдоп, аны менен баарлашууга жана өз ара байланыш түзүүгө убакыт жана күч жумшаңыз.
- Тил көндүмдөрүн өнүктүрүүнү колдоңуз: Баланын тил көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам бериңиз. Балага сөз байлыгын кеңейтип, практикалай алышына мүмкүнчүлүк бериңиз.
- Баланы жергиликтүү жамаатка аралаштырыңыз: Мектептеги иш-чараларга катышууга жана башка балдар жана алардын ата-энелери менен жигердүү байланыш түзүүгө шыктандырып туруңуз. Жаңы байланыштарды түзүп, командада иштегенди үйрөнүшү үчүн ага спорттук иш-чараларга же класстан тышкаркы башка иш-чараларга катышууга уруксат бериңиз.
- Баланын билим алуу аракеттерин колдоо: Баланын билимине кызыгып, анын окуудагы жетишкендиктерин колдоп туруңуз. Балага окуу үчүн орун бөлүп берип, жаңы билим алууга кызыгуусун арттырыңыз. Үй тапшырмаларын аткарууга жардам берип, анын ийгиликтерин жана эмнелерден кыйналып жатканын талкуулаңыз.
- Баланын өз ордун таап, жүрөгү тынчышына колдоо көрсөтүңүз: бала өзүндөгү мыкты сапаттарды сактап калып, кайталангыс жөндөмдөрүн жана кызыкчылыктарын өнүктүргөнү маанилүү. Балага таланттарын жана жөндөмдөрүн табууга жардам берип, аларды өнүктүрүүгө көмөктөшүңүз.
- Мугалимдер менен кызматташуу: Мугалимдер жана педагогдор менен өнөктөш мамилелерди түзүңүз. Баланын жылыштарынан кабардар болуп, анын муктаждыктарын жана жетишкендиктерин талкуулаңыз. Ата-эне менен педагогдордун ортосундагы кызматташтык баланын ийгиликтүү ыңгайлашуусунда жана коомго аралашуусунда маанилүү ролду ойнойт.
- Эмоционалдык бакубатчылыкты колдоо: Баланын эмоционалдык муктаждыктарына көңүл буруңуз. Баланы угуп, анын көйгөйлөрүн же тынчсыздануларын талкуулап туруңуз. Бала мээрим көрүп, колдоо таба ала турган коопсуз жана колдоочу чөйрөнү түзүңүз.

| | | |
|---|---|---|
| Ата-эненин/мыйзамдуу өкүлдүн кол тамгасы | ______________ | Күнү_________ |
| Социалдык коштоо кызматынын жетекчисинин кол тамгасы | ______________ | Күнү_________ |
| Кийинки баалоонун датасы жана зарыл аракеттер | ______________ | Күнү_________ |

**Тиркеме 4**

## Социалдык педагог үчүн үйгө барган кезде балдарды текшерүү тизмеси
## Балдарды үйүнө барып кароодо социалдык педагог үчүн текшерүү барагы

**Төмөнкүлөрдү эстен чыгарбаш керек:**

Баланын үйүнө барып, кароонун максаты – баланын жаңы чөйрөгө жана шарттарга, жаңы үй-бүлөгө, үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө кандай көнүп жатканын байкоо. Бул көзөмөл эмес, бул камкорчулар менен балдарды колдоо максатын көздөгөн процесс.

Социалдык педагог өзүн тааныштырып, үй-бүлөнү андан ары социалдык-педагогикалык жактан коштоо үчүн келген максатын (ишенимдүү мамиле түзүү) жай, токтоо интонация менен түшүндүрүшү керек. Ошондой эле үй-бүлө сиздин кызматташууңузга кандай караарын да биле алса болот.

Кырдаалга карата мамилеңизди көрсөткөн сөздөрдү колдонуп, диалог түзсө болот (менин тынчсызданганымдын себеби...) же маектештин күчтүү жактарын баса белгилесе болот (...сиз балдарыңыз үчүн жакшы ата-эне болгуңуз келгендиктен...).

Баарлашуу маалында төмөнкүлөрдү колдонуу сунушталбайт:

- ✓ Тескемелер. Буйруктар (“Сиз муну жасашыңыз керек...” же “Сизге ушуну жасоого туура келет...”).
- ✓ Эскертүүлөр. Коркутуулар (“Сиз муну жасаганыңыз туура болот...” же “Эгерде сиз муну жасабасаңыз, анда...”).
- ✓ Акыл үйрөткөн сөздөр. Насаат-насыяттар (“Бул сиздин милдетиңиз...” же “Сизден талап кылынган нерсе...”)
- ✓ Айыптоо. Сындоо. Күнөөкөр кылуу (“Сиздики туура эмес” же “Сиз ойлонбостон жасап жатасыз”)
- ✓ Кемсинтүү. Стереотиптер. “Ярлык тагуу” (“кооптуу бала” же “Сиз туура эмес кылып жатасыз”).
- ✓ Суроолорду “жаадыруу”. Иликтеп-текшерүү. Суракка алуу (“Эмне үчүн” же “Эмне себептен” же “Ким” же “Эмне” же “Кайда” же “Кантип”).
- ✓ Мыскылдоо жана какшыктоо (“Бул тууралуу азыр сүйлөшпөй эле коёлу” же “Муну унутуп эле койсоңуз болот”).

Тышкы келбетиңиз токтоо, үнүңүздүн тону жай болушу керек. Жүрүм-турумуңуз менен камкорчуларга жана балага кыйынчылыктар болгондо жардамга келүүгө даяр экениңизди көрсөтүңүз.

Бир балага бир форма толтурулат. Тизмеде “ооба” же “жок” деп жооп бериш керек болгон көрсөткүчтөргө (✓) белгисин коюу зарыл. Зарыл болгон учурда “Пикирлер” деген жерге сиздин көз карашыңыз боюнча кызыктуу көрүнгөн же кооптонууну жараткан ойлорду жаза аласыз. Ата-энелер (камкорчулар) менен сизди кооптондурган көрүнүштү талкуулоо сунушталбайт, ал үйдөн чыккандан кийин гана ойлоруңузду жазыңыз.

| Баланын аты-жөнү | | Ата-энесинин/камкорчусунун аты-жөнү | | |
|---|---|---|---|---|
| **Баланын жаш курагы** | | **Социалдык педагогдун аты-жөнү** | | |
| **Байкалган белгилер** | | **Ооба** | **Жок** | **Пикирлер** |
| **Баланын тышкы көрүнүшү** | | | | |
| Кийими таза | | | | |
| Кийим баланын өлчөмүнө туура келет | | | | |
| Мезгилге жараша кийинет | | | | |
| Колу жана бети таза, чачы ырааттуу | | | | |
| Бут кийими таза, көрүнүшү жакшы | | | | |
| **Жалпы эмоционалдык абалы** | | | | |
| Жайдары, күлүп жүрөт | | | | |
| Кайдыгердей көрүнөт, эч нерсеге кызыкпайт | | | | |
| Айлана-тегерегин элеңдеп, коркуп карайт | | | | |
| Ачуулуу, агрессивдүү | | | | |
| **Режимге тиешелүү учурлар** | | | | |
| Табити жакшы, тамакты тандабастан бергенди жейт | | | | |
| Тамакка табити тартпай турат, тамакты тандап жейт | | | | |
| Суюк тамакты жакшы көрөт | | | | |
| Шорподон башканын баарын жакшы көрөт | | | | |
| Ыңгайлашуу процесси башталганга салыштырмалуу тамактануусунда өзгөрүүлөр болдубу? | | | | |
| Тиш щеткасынын жана гигиенага тиешелүү башка буюмдардын болушу | | | | |
| Баланын үйдө кандай милдеттери бар? | | | | |
| **Предметтик-өнүктүрүүчү чөйрө** | | | | |
| Жашына туура келген оюнчуктары бар | | | | |
| Балдар үчүн китептери бар | | | | |
| **Чоңдор менен баарлашуусу** | | | | |
| Сиз менен учураштыбы? | | | | |
| Байланышка оңой эле барат | | | | |
| Баарлашууда демилгени колго алат | | | | |
| Сүйлөшүп жатканда көзгө тик карайт | | | | |
| **Байланыш каражаттарын колдонуу** | | | | |
| Жылмайып турат | | | | |
| Колдору менен жаңсайт | | | | |
| Чыргоо | | | | |
| Көп сүйлөйт | | | | |
| Байланыштан качат, жашынат | | | | |
| Үй-бүлө мүчөлөрү менен баарлашуу | | | | |
| Бир туугандары менен ойнойт | | | | |
| Үй-бүлө мүчөлөрүнө эркин кайрылат | | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Айрым үй-бүлө мүчөлөрү менен байланышуудан качат | | | |
| **Окуу ишмердиги** | | | |
| Жаш курагына туура келген окуу үчүн орду бар | | | |
| Окуу китептери бар, алар жакшы абалда | | | |
| Бардык окуу куралдары бар (дептер, калем, карандаш, боёк, пластилин ж.б.)<br>Бар болгондун баарын белгилеңиз | | | |
| Бала балдар үчүн китептерин көрсөттү | | | |
| Бала мектептеги окуялар, достору, ийгиликтери, кыйынчылыктары менен бөлүштү | | | |
| Бала өз каалоосу менен күндөлүгүн, дептерлерин, альбомун көрсөтүп, ийгиликтери менен бөлүштү | | | |

Социалдык педагогдун кол тамгасы ____________ Барган күнү ____________